О. КАРИМОВА, Н. ИСМАТОВА, Ш. САРИКОВ, О.АМАНОВА

# ӨЗБЕКСТАН МАМЛЕКЕТИ ЖАНА УКУГУНУН НЕГИЗДЕРИ

Өзбекстан Республикасынын Элге билим берүү министрлиги жалпы орто билим берүүчү мектептердин 8-класстары үчүн окуу китеби иретинде сунуш кылган

Төртүнчү басылымы

http://eduportal.uz

"Huquq va jamiyat" басмасы

Ташкент – 2019

UO‘K 372.83(075)
BBK 67.0(5O‘)
O‘-21

**Авторлор тобу:**
**О. Каримова**
**Н. Исматова**
**Ш. Сариков**
**О. Омонова**
**Э. Сариковдун методикалык редакциясы астында.**

**Жооптуу редактор:**
**Х. Адылкариев** **–** юридикалык илимдеринин доктору, профессор

**Рецензиялагандар:**
**А.А. Дадашева** – ЖИДУ кафедра башчысы, юридикалык илимдеринин кандидаты, доцент;
**Н.З. Хакимов** – Республикалык билим берүү борборунун методисти;
**А.И. Орзиев** – Ташкент шаары, Юнусабад районундагы 265-мектептин укук предметинин мугалими;
**К.У. Эхсанов** – Ташкент шаары, Юнусабад районундагы 231-мектептин укук предметинин мугалими.

**Республикалык максаттуу китеп фондунун каражаттары эсебинен ижара үчүн басылды.**

**“Huquq va jamiyat” ЖЧК басмасы, 2019**

ISBN 978-9943-5971-5-0

http://eduportal.uz

## ОКУУ КИТЕБИНЕН ПАЙДАЛАНУУ БОЮНЧА ЖАЛПЫ КӨРСӨТМӨЛӨР

Ар бир тема боюнча материалдар төмөнкүдөй бөлүмдөргө бөлүнгөн жана керектүү тартипте окуу китебинин беттерине жайгаштырылган.

1. Сабактын тартип номери жана темалардын аты.
2. Тема боюнча, негизинен, үйдө окууга болжолдолгон текст.
3. Окуучуларды активдештирүүчү жана аракетке келтирүүчү көргөзмөлүү материалдар, суроо жана тапшырмалар.
4. Темалар боюнча терминдерге мүнөздөмөлөр.
5. Өздөштүрүлгөн билимдерди бышыктоо, кайталоо жана өзүн-өзү текшерүү үчүн суроо жана тапшырмалар.
6. Темалар боюнча маанилүү пикирлөөгө таянган түрдө топторго бөлүнүп, чыгармачылык иш менен алектенүү үчүн тапшырмалар.
7. Темалар боюнча тарыхый маалыматтар.
8. Практикалык ишке байланыштуу тапшырмалар.
9. Баяндоо үчүн тексттер, цитаталар, укуктук документтерден статьялар.
10. Темалар боюнча кошумча маалыматтар жана цитаталар.




Өзбекстан Республикасы Конституциясынан келтирилген статьялар.




Өзбекстан Республикасынын Эмгек кодексинен келтирилген статьялар.




Өзбекстан Республикасынын Кылмыш Кодексинен келтирилген статьялар.

http://eduportal.uz

**1-тема**

# Өзбекстан Республикасы – эгемендүү мамлекет











## Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. *Жогорудагы сүрөттөрдөн пайдаланып,“акыркы жылдарда мамлекетибизде алып барылып жаткан таңкаларлык реформалар инсан, эл кызыкчылыктарын көздөп жүзөгө ашырылып жатат” деген ойду түшүндүрүп бергиле.*
2. *Мамлекетибиз эгемендүү өлкө болбостон башка өлкөлөргө көз каранды болгонунда элибиздин ар бир кишисинин, силер жана*

*биздин кызыкчылыктарыбыз, укук жана эркиндиктерибиз, улуттук баалуулуктарыбыз ушунчалык бекемделгенби? Эгемендүүлүк элибизге эмне берди?*

3. *Журтубуздун бардык чөлкөмдөрүндө соңку жылдарда көптөгөн Эл кабылдамалары ачылганынын себеби эмнеде? Алардын иштери тууралуу эмнелерди билесиң? Алар кимге кызмат көрсөтөт? Ал жерге ким, эмне себептен кайрылышат?*
4. *"Укуктук сабатсыздык" дегенде эмнени түшүнөсүңөр?*
5. *Мыйзамдарды билбегениңер үчүн өкүнгөн учуруңар болгонбу?*
6. *Өз укуктарыңарды билгениңер кол келген абалга мисал келтиргиле.*

Журтубузда соңку жылдарда мындай өзгөрүүлөр, жаңылануулар болуп жатат, бул өзгөрүүлөр тездигинен , көлөмүнөн, таң каларлыгынан акыл шашат. Аз мөөнөттө курулуп жаткан курулуштар, ишке түшүрүлүп жаткан завод-фабрикалар, пайдаланууга берилип жаткан билим берүү, ден соолукту сактоо жайлары, лагерлер, спорт, искусство, маданият жайларынын баары эл үчүн, силер менен биз үчүн курулуп жатат.

Соңку жылдарда, эгемендүүлүккө жетишкен доорубуз кийинки доордо алгач эгемендүүлүктүн чыныгы маанисин билдирүүчү идея-инсан кызыкчылыктарын мамлекетибиздин иш-аракетинин борборуна алып чыгуу идеясы алга сүрүлдү.

Эркин жашоо, өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн толук көрсөтө алуу үчүн бардык шарттар жаратылган жерде жашоо адам баласы жаралгандан бери ар бири адамдын каалоо-тилеги болуп келген. Адамзаттын бул эңсөө-тилеги ишке ашышы үчүн, ал жашап жаткан мамлекетте чыныгы эркин, бактылуу жашоону камсыздап бере алышы үчүн ушул өлкөдө социалдык-экономикалык жана саясий-укуктук шарттар түзүлгөн болууга тийиш. Ал эми мындай өлкөдө адам укук жана эркиндиктерине болгон көз караш жогорку деңгээлде өнүккөн болушу керек. Анткени адам өзүн эркин жана бактылуу сезиши үчүн, эң мурда, мамлекет тарабынан анын укук жана эркиндиктери толук камсыздалган болууга тийиш.

Ар бир коомдун негизи эсептелген адам укуктары эл аралык укуктун объекти катары 1948-жылы "Адам укуктарынын бүткүл дүйнөлүк Декларациясынын" кабыл алынышы менен расмий түрдө таанылды. БУУнун Башкы Ассамблеясы тарабынан кабыл алынган бул документтин тарыхый мааниси анын биринчи жолу дүйнөлүк коомчулук тарабынан адам жана анын укуктарын коргоону эл аралык



http://eduportal.uz

көйгөй деңгээлинде таанылышы болду. Эгемендүү мамлекеттер катары Өзбекстан Республикасы да үзгүлтүксүз укук жана милдеттенмелерге ээ. Булардын ичинен эң негизгиси жана зарылы өлкөбүз чегинде инсан укук жана эркиндиктерин камсыздоо, мамлекетибиздин жаранын чыныгы маанидеги эркин жана суверен личностко айландыруу болуп саналат.

Журтубуздун бардык аймактарында иш баштаган Эл кабылдамалары, мамлекеттик офистердин элдин түйшүк жана арыздары боюнча жайларда иш алып бара баштаганы, аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө өзгөчө камкордук көргөзгөнү, жаштардын таалим тарбиясына, аларды иш менен камсыздоого көңүл бурулганы, булардын баары элибизде эл кызыкчылыктары актуалдуу даана далилденди. Эң негизгиси, адам укук жана эркиндиктерин камсыздоо, мамлекетибиздеги таңкаларлык реформалардын башкы идеясы, максаты болуп белгиленди.

Адам кызыкчылыктары, укук жана эркиндиктерин камсыздоо менен мамлекет эгемендүүлүгү арасында өзгөчө жана үзгүлтүксүз байланыш бар.

Өзбекстан Республикасы эгемендүүлүккө жетишүүнүн натыйжасында төмөнкүдөй укуктарга ээ болду:

— коопсуздук, өзүнүн аймагы жана мамлекеттик чек арасына ээ болуу укугу;

— жеке адамдарды жарандыкка кабыл алуу жана жарандыктан чыгаруу укугу;

— өзүнүн Конституциясы, кодекс жана мыйзамдарды кабыл алуу укугу;

— мыйзам чыгаруучу, аткаруучу жана сот бийликтерине ээ болуу укугу;

— өзүнүн Куралдуу Күчтөрүн түзүү укугу;

— эл аралык укуктун субъекти катары чет өлкөлөр менен өз алдынча эркин мамилелер орнотуу укугу;

— өзүнүн мүлкүнө ээ болуу, салык жана финансы системаларын уюштуруу укугу;

— өзүнүн байлыгы жана акча бирдиги — улуттук валютаны мамилеге киргизүү укугу;

— өзүнүн сот системасын түзүү жана сот иштерин өз алдынча жүргүзүү укугу;

— өзүнүн герби, туусу, гимни жана борборуна ээ болуу укугу;

— мамлекеттик тилине ээ болуу укугу;

— өзүнүн өнүгүү жолун, мамлекеттик түзүлүшүн өзү белгилөө

укугу;

— референдум өткөрүү менен акимчилик жана аткаруу органдарынын мүчөлөрүн белгилөө укугу.

Көрүп турганыбыздай, эгемендүүлүк Өзбекстан Республикасына бир катар ажырагыс укуктарды берди. Бул укуктар мамлекеттик деңгээлдеги укуктар болуп саналат.

Эгемендүүлүк Өзбекстан Республикасы менен анын ар бир жаранын ортосундагы мамилелерге да өз таасирин тийгизди.

Эркин адам дегенде биз өз журтунда эркин жана бактылуу өмүр сүргөн, бардык керектүү укуктарга ээ болгон, укуктардан эркин пайдаланган адамды түшүнөбүз. Бардык адамдардын, өлкөнүн бардык жарандарын мамлакет бирдей укук жана эркиндиктер менен камсыздайт. Бирок өз жарандарына укук жана эркиндиктерин камсыздоо, аларды чыныгы мааниде эгемендүү кылуу үчүн мамлекеттин өзү көз карандысыз болушу керек. Себеби чыныгы көз карандысыз мамлекет гана өз жарандарынын таламдарынан келип чыгып, алардын бейпил жашоосун камсыздай алган социалдык-укуктук шарттарды түзөт. Чыныгы эгемендүү мамлекет гана адам укук жана эркиндиктери негизин түзгөн мыйзамдуулукту жаратат. Чыныгы көз карандысыз мамлект гана өз жарандарынын ушул мыйзамдуулук негизинде эртеңки күнгө ишенич жашоосун камсыздай алат.

Президентибиз Шавкат Мирзиёевдин демилгеси менен 2017-2021-жылдарда Өзбекстанды өнүктүрүүнүн 5 актуалдуу багыты боюнча Аракеттер стратегиясынын кабыл алынуусу журтубузда силер жана биз, ар бир жаран, бүт Өзбекстан эли үчүн, бардар турмуш, ошону менен укук жана эркиндиктеринин камсыз этилүүсү бүтүндөй реформаны жүзөгө ашырууга түрткү берди. Аракеттер стратегиясынын “Мыйзам үстөмдүгүн камсыздоо жана сот-укук системасын мындан ары реформалоо” деп аталган 2-багытында “жарандардын укук жанан эркиндиктерин ишенимдүү коргоо, кепилдөөнү бекемдөө” өзгөчө белгилеп коюлганы да мамлекетибизде адам кызыкчылыктары, анын укук жана эркиндиктерине болгон жогору көңүл буруунун далили.

Эгемендүү мамлекетибиз башка мамлекеттерге көз каранды болбостон өз саясатын жүргүзүүсү, өз тагдырын өзү чечүү укугуна ээ болсо, биз, ар бир жаран, ушул эгемендүүлүк аркылуу берген укуктарыбыздан пайдаланып, эркин жана жакшы жашоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болобуз.

http://eduportal.uz

Эгемендүүлүктүн шарттары менен силердин билим алууңар, эс алууңар, чыгармачылык менен алектенишиңер, спорт менен машыгуу, медициналык кызматтан пайдаланышыңар үчүн мүмкүнчүлүктөр бар. Башкача айтканда, силер өз эгемендүү мекенибизде жакшы жашоо жана өз укуктарыңардан пайдалануу мүмкүнчүлүктөрүнө ээсиңер. Мамлекет болсо ушул мүмкүнчүлүктөрдү жаратып берүү жана кепилдик берүүдө.

**Түшүндүрүп бергиле!**



Жарандар өз укук жана эркиндиктерин ишке ашырууда башка адамдардын, мамлекет жана коомдун мыйзамдуу кызыкчылыктарына, укуктарына жана эркиндиктерине зыян тийгизбестиги шарт.

*20-статья.*

**Чыгармачыл иш-аракет.**

*1. Өз укуктарыңардын тизмесин түзгүлө.*
*2. Өз милдетиңердин тизмесин түзгүлө.*
*3. Эгемендүүлүк сөзүнө берилген мүнөздөмөнү дептериңерге жазгыла жана аны түшүндүрүп бергиле.*
*4. Өзүңөрдүн укуктук сабаттуулугуңар даражасына баа бергиле.*
*5. Эмне үчүн адам укуктарын камсыздоо мамлекет үчүн негизги милдет болуп саналат? Бул милдетти аткаруу үчүн мамлекетибиз кандай иш-чараларды максатка ашырууда?*

**Бышыктоо жана кайталоо үчүн суроо жана тапшырмалар**

1. Журтубузда соңку жылдарда жүзөгө ашырылып жаткан реформалардын башкы идеясы – максаты эмнеде?
2. Мамлекет тарабынан адам кызыкчылыктарын көздөгөн иштерге өзүңөр жашап турган чөлкөмдөн мисалдар келтиргиле?
3. Инсан укуктары жана эркиндиктерине чоң көңүл бурулуусуна эмне себеп деп ойлойсуң?
4. «Адам укуктарынын бүткүл дүйнөлүк декларациясынын» кабыл алынышынын мааниси жөнүндө сүйлөп бер.
5. Эгемендүүлүк Өзбекстан Республикасына кандай укуктарды берди?
6. Эркин адам дегенде кандай адамды түшүнөсүң?
7. Мамлекет эгемендүү болушу анын ар бир жараны үчүн кандай мааниге ээ?
8. Инсан укуктары жана эркиндиктерин кепилдиги жөнүндө Конституциябызда эмнелер айтылган?

http://eduportal.uz

*Биздин иш-аракетибиз эң маанилүү конституциялык эрежеге – социалдык адилет принцбин камсыздоого каратылышы шарт.*

*Социалдык чындык – бул саясий көз караш, жынысы, улуту, тили жана диний ишениминен айрыкча, мыйзам алдында бардык жарандардын теңдигин камсыздоо болот.*

***Шавкат Мирзиёев***

# I БӨЛҮМ

# ЖАК, КООМ ЖАНА МАМЛЕКЕТ













***Жак. Коом. Мамлекет***
***Мамлекет функциялары***
***Мамлекеттин башкаруу формасы***
***Мамлекеттин түзүлүш формасы***
***Саясий тартип (режим)***
***Мамлекет органдар***
***Мамлекет механизми***

http://eduportal.uz

**2- тема** **Адам (личность)**



















## Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. *Сүрөттөрдө берилген кишилер физикалык, материалдык, акыл, руханий жактары менен бири-биринен канчалык айырмаланат, деп ойлойсуң?*
2. *Сенин оюңча сүрөттөрдөгү кишилердин кандай жалпы жактары бар?*
3. *Эмне үчүн кишилер төрөлгөндө бирдей мүмкүнчүлүк жана*

*сапаттарга ээ болушат, бирок улгайган сайын бири-биринен айырмаланып барат?*

4. *Адам өз үй-бүлөсүндө, мектеп, окуу жайы же ишканасында кай даражада абройго ээ болуусу эмнелерге байланыштуу деп ойлойсуңар?*
5. *Ар кандай адам үчүн эң кадырлуу болгон нерселерди санап бергиле?*
6. *Бөтөнчө категориядагы адамдар үчүн кадырлуу болгон, бирок башкалар үчүн маанилүү эмес нерселерге мисал келтиргиле?*
7. *Улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарга мисалдар келтиргиле. Ошол баалуулуктардын адам үчүн мааниси жогору болуусу бул адам тууралуу кандай элес ойготот?*

Адам – ар кандай тирүү организм сыяктуу жандуу табияттын бир мүчөсү, элементи болуп саналат. Бирок киши табияттагы башка жандуулардан өзүнүн көптөгөн жактары менен айырмаланат. Адам– табияттагы эң өнүккөн, аң-сезимдүү жандык болот. Ал кудум башка жандыктар сыяктуу тирүү денеге ээ. Анын кудум айбандарда болгондой, табигый керектөөлөрү, мына ошол керектөөлөрүн толтурууга умтулушунда көрүнөт, инстинкт деп аталуучу сапаты бар. Бирок кишинин айбандар менен жалпы жактары ушу менен бүтөт. Адам аң-сезимдүү, акылдуу жан катары өзүн көрсөтөт, бул жактары бир гана табияттын адамзат деп аталуучу бөлүгүнүн өкүлү болгон адамга гана тиешелүү.

Ар бир жеке адам— бул индивид. Ал аял же эркек, жаш же картаң, узун же кыска бойлуу, арык же семиз деп бөлүнүүчү жалпы жактарга, тамак, суу, турак жай, кийим сыяктуу жалпы керектөөлөргө, ата-энеге, өз үйүнө байланыштуулук, сагыныч, махабат сыяктуу сезимдерде көрүнгөн ой-сезимдерге ээ. Адамдын бул жактары бардык адамдарга бирдей мүнөздүү. Б.а адам төрөлүшү жана өсүшүндө бул жактар өз-өзүнөн азбыкөппү калыптанат. Мына ошол индивид, адам, инсан кантип личностко айлануусу, же болбосо адамдын жеке жак катары калыптануусунда инсандарды эзелки замандардан бери кызыктырып келген.

Кош, адам кантип личностко (жеке жак) айланат? Кандай адамды биз жеке жак деп атасак болот?

http://eduportal.uz

Личность да, албетте адам, инсан, индивид. Бирок анда табыгый белгилер, керектөөлөр, ой-сезимдерден тышкары бир катар маанилүү болгон жактар бар. Мисалы, личность үчүн катар баалуулуктар маанилүү. Бул баалуулуктарга мисал кылып өз үйү – үй-бүлөсү, мамлекети – мекени, маалеси – кошуналары, окуу жайы – классташтары же курсташтары, ишканасы – кесиптештери сыяктууларга жетүү, аларды сактоо, барктоо анын турмушунун максаты, мазмуну болуп кызмат кылат. Личностко жашоо принциптери, айланадагылар менен мамиле мыйзам ченемдери өзү жашап жаткан, иштеп жаткан чөйрөсүндө аброй-даңкы, ага ээ болуу жактары кирет.

Личность өз сезими, керектөөлөрүн тизгиндей алат. Ага аң сезим жана чыдам күчтүү. Личность өз ички дүйнөсүн билет, түшүнөт жана белгилүү өлчөмгө сала алат.

Личность өзүн-өзү жана өз турмушун курат. Мында ал өзүн жана өз айланасындагы шарттарды өзгөртөт, калыптандырат. Личность жалаң өз-өзү менен убара эмес. Ал айланадагылар, өмүр, маале, өлкө, мекен тууралуу дайыма ойлойт, кайгырат, кам көрөт. Адам кай даражада личность катары калыптангандыгынын өлчөмү, ченеми катары анын өз жеке жагы менен кай даражада өлчөмдө айланадагы башка кишилерге, мекенине жана өмүргө таасир өткөрө алып жатканын келтирүү мүмкүн.

Биз Амир Темур, Жалалиддин Мангуберди, Алишер Наваий, Захириддин Мухаммад Бабур сыяктуу бабаларды тилге алганыбызда не деген салабаттуу экенин билдирет.

Адамдын личность катары калыптануусунда үй-бүлө, мектеп, кошуналар, маале жана достордун таасири чоң. Үй-бүлө бала үчүн эң башкы шарттарды жаратса, балдар бакчасы, мектеп же башка билим берүү системалары керектүү билим, көндүм жана тажрыйбаларды берет. Кошуналар жана маале салттар, үрп-адаттар менен тааныштырат, айланадагылар менен мамилеге киришүүгө үйрөтөт. Адамдын кандай жеке жакка айлануусу көп жактан мамлекеттин жаш муундун таалим-тарбиясына болгон саясатына байланыштуу. Өзбекстанда соңку жылдарда Президент Шавкат Мирзиёевдун демилгеси менен ишке ашып жаткан реформалардын эң зарыл багытарынан бири дал ушул жаш муундун таалим-тарбиясына, келечекте бардар турмушу менен өнүккөн мамлекет куруучулары болгон личностту өстүрүүгө

каратылган. Реформалардын борборуна кудум личность, анын, эркиндиги, кызыкчылыктары, ой-мүдөөлөрү, умтулуулары коюлган.

***Личность дегенде өзүнө тиешелүү сапаттар, каалоолор, аруу умтулуулар, билим, көндүм, тажрыйбаларга ээ, руханий дүйнөсү бай болгон киши түшүнүлөт.***

Личность катары калыптанган киши жетиштүү даражадагы эс-акыл, билим, күч-кубат, тажрыйба, кесиптик чеберчилик, илимий деңгээл, дене-тарбиялык жана руханий саламаттыкка, же болбосо адам капиталы деп аталуучу байлыкка ээ болуусу керек.

Адамдын руханий байлыгы – анын дүйнө көз карашы, үлгүлүү, адеби, маданияты сыяктуу руханий дүйнөсү менен болгон сапаттары адам капиталынын негизин түзүүчүлөрдөн болуп эсептелинет.

Журтубузда ишке ашырылып жаткан реформалардын башкы максаты болуп ушул адам капиталын өнүктүрүү белгиленгендиги да бекеринен эмес. Себеби, адам капиталы—мамлекетибиздин дүйнө аренасындагы конкуренцияга атаандаштык чыгуусун камсыздап берүүчү фактор болот. Бул соңку жылдарда өлкөбүз тарабынан кабыл алынып жаткан жаңы мыйзамдуулук документтеринде да өз чагылышын таап жатат.

Силер өсүп, чоңоюп личность катары калыптанып барат экенсиңер өзүңөрдө, мекенге болгон махабатты тарбиялап барышыңар керек. Силердеги мекенчилдик руху жана мамлекеттин силердин жеке келечегиңер боюнча камкордугу силер менен мекен ортосундагы максаттар, умтулуулар бир экенинен кабар берет. Мына ушу бирдик силердин личность экениңердин жаркын элеси, силер сыяктуу жаш муундун өсүшү, булар болсо өз кезегинде мекендин келечектеги өнүгүүсүнүн кепили болот. Себеби мекен келечеги силер – жаш муундун колунда.

**Чыгармачыл иш-аракет**

*Өзүңөрдүн басып өткөн өмүр жолуңарды анализдегиле. Мында:*

1. *Өткөн өмүрүңдү доорлорго бөлүп ал: а) наристелик дооруңар; б) мектеп жашына чейинки дооруңар; в) башталгыч класстагы дооруңар; г) жогорку класстагы дооруңар.*

http://eduportal.uz

*2. Ар бир доордогу өзүңөрдүн мүмкүнчүлүгүңөрдү баалап жазып чыккыла. Ар бир доордо силер личность деп атоого кай даражада ылайык болгонсуңар?*

*3. Силердин келечектүү личность деп аталышыңар үчүн силерге эмнелер жетишпейт?*

*4. Келечек өмүрүңөрдү доорлорго бөлүп чыккыла: а) мектеп доору; б) мектептен кийинки дооруңар (коллеж, жогорку окуу жайы ж.б) в) эмгек дооруңар; г) карылык дооруңар.*

*5. Бул доорлор боюнча да куду жогорудагыдай анализ жана баалоону жазма түрдө ишке ашыргыла.*

*6. Сен качан өзүңдү жеткилең личность деп эсептейсиңер?*

*7. Бул жеткилеңдикке жетүү үчүн кайсы доордо эмнелерди кылышың зарыл болот?*

*8. Иш-аракеттин жыйынтыгын класссташыңардыкы менен салыштыргыла.*

## Бышыктоо жана кайталоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Адамдын анын башка тирүү жандыктардан айырмалап туруучу жактарын санап бергиле.
2. Ой-сезим, керектөөлөр инсан өмүрүндө кандай орун тутат?
3. Адам личность катары калыптануусуна кандай шарттар таасир этет?
4. Личность үчүн баалуулуктардын кандай таасири бар?
5. Личность үчүн көңүлгө алчу баалуулуктарга мисал келтиргиле.
6. Личносттун калыптануусуна мамлекеттин кандай мааниси бар?
7. Мамлекетибиз жаш муундун жеткилең кишилер болуп өсүүсү үчүн кандай шарттарды жаратып жатат? Бул шарттарга мисалдар келтиргиле.
8. Өзбекстанда Президентибиздин демилгеси менен ишке ашырылып жаткан таңкаларлык реформалардын борборуна инсан, анын кызыкчылыктары, жаш муунду жеткилең кишилер кылып өстүрүү коюлганы силерди, теңкурларыңды эмнеге үндөйт?
9. Адам капиталынын инсандын личностко айлануусундагы маанисин түшүндүргүлө.
10. Кандай тарыхый инсандарды “улуу кеменгерлер” деп атообуз мүмкүн? Силер мындай инсандардан кимдердин аттарын айтып бере аласыңар?

http://eduportal.uz

## *3- тема* Коом














### Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. *Силер коом дегенде эмнени түшүнөсүңөр?*
2. *Өзүңөрдү коомдун мүчөсү деп эсептейсиңерби?*
3. *“Коом” жана “жамаат” түшүнүктөрүнүн арасындагы айырманы кандай элестетесиңер?*
4. *Сүрөттөрдө берилген адамдардын бардыгын коомдун мүчөлөрү деп атоого болобу? Мында кээ бир адамдардын чет элдин жарандары болушу мүмкүндүгүнө да көңүл бөлгүлө.*
5. *Сүрөттөргө карап, аларда сүрөттөлгөн ар бир адамды мүнөздөп берүүгө аракет кылгыла. Мында алардын ортосундагы жалпылыктар жана айырмачылыктарды өзүнчө көрсөткүлө.*
6. *Бөбөк төрөлгөндө биз адатта, “коомдун жаңы мүчөсү дүйнөгө келди”, – деп айтабыз. Бул сөз канчалык туура? Пикириңерди негиздеп бергиле.*

7. *“Коом” жана “калк” түшүнүктөрү кандай жагдайларда колдонулганын билесиңерби? Билсеңер, ошондой жагдайларга мисалдар келтиргиле.*
8. *Сүрөттөрдөгү ар түрдүү тайпадагы адамдарды эмне жана кандай каражат аркылуу бириктирип турат, деп ойлойсуңар?*

Сен «коом» сөзүн турмушта көп укккансың. Мисалы, көп фирмалар аттарынын алдына «жоопкерчилиги чектелген коом» деп жазып коюлган. Мындай фирмаларды бир канча адамдар биргеликте ишкердик иш-аракетин жүргүзүү максатында уюштурат. Анткени, алар биргеликте иш-аракетин жүргүзүү максатында чакан коом түзүшөт. «Керектөөчүлөр коому», «Көзү көрлөр коому», «Философтор коому» өңдүү аттар менен белгилүү. Мындай коомдорго, өз кезегинде, керектөөчүлөр өздөрүнүн укуктарын чогуу коргоо максатында, көзү көрлөр биргеликте өндүрүш же чыгармачылык иш-аракет менен алектенүү максатында, ойчул окумуштуулар философия тармагындагы татаал суроолорго биргеликте жооп издөө, биргеликте илимий изилдөөлөр алып баруу максатында биригишет.

Мына ушундай аталган коомдордун кайсы бирин албайлы, кандайдыр адамдар жамааты чогуу бир максатты көздөгөнүн көрөбүз. Бирок булардын бардыгы тар мааниdeги коомго мисал боло алат.

«Коом» түшүнүгүн кең мааниде үйрөнүү үчүн кайра турмуштан мисал келтиребиз. Чоңдор сага же досторуңа «өсүп-улгайып, бейпил коомубуздун керектүү мүчөсү болуп эрезеге жеткин», деген тилектер билдиргенине көп жолу күбө болгонсуң. Эми кандай коом жөнүндө сөз болуп жатат? Сен менен биз бардыгыбыз чоңдор жана кичинелер мүчөсү болгон кең маанидеги коом менен таанышабыз.

Байыркы замандарда – алгачкы-общиналык түзүлүш доорунда адамдардын ортосунда өзүнө мүнөздүү эрежелер болгон. Адамдар алгач топ, уруу жамааттары жана уруктарга биригишкенде өздөрүнө жол башчы, уруу башчысы жана урук башчыларын дайындашкан. Эмгек шаймандарынын өркүндөө жараяны эмгектин бөлүштүрүлүшүн келтирип чыгарган жана адамдардын катмарларга ажыралышына алып келген. Ошондуктан, негизги максаты жана иши жеке мүлкчүлүк мамилелердин жана мүлк ээлеринин кызыкчылыгын коргоодон турган

адамдардын атайын топтору келип чыккан.

Мына ушул келип чыккан топтор же адамдар жамааты кеңири маанидеги коомдун алгачкы, эң жөнөкөй көрүнүшү болуп эсептелет.

**Коом** адамдардын биргелешкен турмуштук иш-аракеттеринде бириккен белгилүү бир татаал түзүлүш. Бул түзүлүш ага кирген мүчөлөрдүн жөнөкөй тобу эмес, белгилүү бир эрежелердин негизинде бириккен адамдардын жамааты болуп саналат. Адамдар өз керектөөлөрү үчүн зарыл материалдарды кандай жетиштирип, өндүрүп алышса, жашоо үчүн керек болгон социалдык шартты да өздөрү жаратышат. Адам коомдун мүчөсү болгондуктан, ушул социалдык шарттардын курчоосунда жашайт.

***Коом** – белгилүү аймакта жашаган, өз муктаждыгы жана кызыкчылыгы негизинде бириккен адамдардын белгилүү максатта уюшкан жамааты.*

Коом түрдүү адамдар тобунун жөнөкөй жыйындысы же жамааты эмес. Коом — татаал социалдык организм. Ал адамдардын өз ара мамиле, байланыштарынын натыйжасы. Адамдардын жашоосу, оболу, өндүрүш, турмуш жыргалчылыгын камсыздоочу керектөө буюмдарын жаратуу жана аларды өз ара айырбаштоо менен байланышкан белгилүү бир бирдиктүү иш-аракетинин негизинде өтөт.

Тактап айтканда, коом адамдардын биологиялык мыйзамдар эмес, социалдык мыйзамдар үстөм болгон, өнүккөн бирдиктүү тобу.

***Коом** – арабчадан которгондо **жамаат, топтолгон, бириккен** деген маанини билдирет.*

Ар кандай жамаат да коом боло бербейт. Бирок каалаган коом жамаат эсептелет. Коом татаал тирүү организм болуп, токтоосуз өзгөрүп, өнүгүп турат.

Коомду түзүүчү адамдар көп же аз, бай же кедей, тең укуктуу же тең укуктуу эмес, окшош же ар түрдүү болушуна карабастан, белгилүү бир коомдун мүчөсү эсептелет. Башкача айтканда коом адамсыз, адам болсо коомсуз бар боло албайт.

http://eduportal.uz

1. Коомго берилген төмөнкү үч эрежени окугула жана:

*1) алардын ортосундагы айырманы тапкыла;*

*2) алардын жалпы жактарын көрсөткүлө;*

3) эмне үчүн коомго үч түрдүү көрүнүштө мүнөздөмө берилген деп ойлойсуңар?

А) Коом — белгилүү аймакта жашаган, өз кызыкчылыктарын жана керектөөлөрүн биргеликте ишке ашыруу үчүн бириккен адамдардын жамааты.

Б) Коом — кызматтары, ошондой эле социалдык келип чыгуулары жана кызыгуулары боюнча бириккен адамдардын чөйрөсү.

В) Коом — кандайдыр бир максат жолунда дайыма аракеттенүүчү мекеме.

2. Төмөнкү көрсөтүлгөн элементтерден кайсылары катышпаса да, коом түзүлүшү мүмкүн?

*– Эл, экономика, маданият, мамлекет, идея, укук, мыйзам.*

*Жообуңарды негиздегиле. Мында коомго берилген түрдүү аныктамаларга кайрылгыла.*

*Сүрөттөгү адамдардын тобун жамаат деп атоого болобу? Эмне үчүн?*





**Абу Али Ибн Сина (980 -1037)**

*Абу Али Ибн Сина атактуу окумуштуу, табият таануучу, математик, музыка таануучу, укук таануучу, жазуучу жана акын болуп саналат. Ибн Сина дүйнөгө «Шайх ур-раис», («Окумуштуулар жетекчиси») аты менен таанылган, Ибн Сина укук таануучулукка тиешелүү бир канча идеялар жана (980-1037) пикирлердин автору болуп эсептелет. Анын коом, жарандык, мамлекетти башкарууга байланыштуу идеялары эң баалуу саналат. Ибн Синанын илимий-адабий мурасын 450 дөн артык чыгармалар түзөт. Алардан 160 ка жакыны бизге жетип келген.*

## Түшүндүрүп бергиле!




Үй-бүлө коомдун негизги мууну, ошондой эле коом жана мамлекет коргоосунда болуу укугуна ээ.

Нике жактардын ыктыярдуу ыраазылыгы жана тең укуктуулугуна негизделет.

*63-статья.*

## Чыгармачыл иш-аракет




*5–6 адамдан болуп топторго бөлүнгүлө.*

1. *Форманы ар бир топ өз алдынча анализ кылгыла.*
2. *Ар эки айлананын бири-бири менен кесилишүүсү эмнени билдирет?*
3. *Үч айлананын бири-бири менен бир убакта кесилишүүсүчү?*
4. *Ар бир топ, чиймеден пайдаланган түрдө, «коом» түшүнүгүнө өз пикириңерди билдиргиле.*

## Бышыктоо жана кайталоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Алгачкы общиналык коом учурунда адамдар кандай жашашкан?
2. “Ар кандай коом – жамаат саналат”, деген пикирди негиздеп бергиле.
3. “Ар кандай жамаат да коом боло бербейт”, деген пикирди негиздеп бергиле.
4. Коом үчүн экономикалык мамилелердин мааниси жөнүндө айтып бергиле.
5. Өзүңөрдүн коомдогу ролуңарды күчөйтүү үчүн келечекте эмнелерге жетишүүнү каалайсыңар?
6. “Коомду башкаруусуз элестетип болбойт”, деген жыйынтыкка силер кандай карайсыңар? Пикириңерди негиздегиле.
7. “Коом – социалдык мамилелердин комплекси, жыйындысы” деген түшүнүктүн негизинде эмнелер жатат, деп ойлойсуңар?



http://eduportal.uz

## *4- тема* Мамлекет




## Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

*1. Сүрөттөрдө Өзбекстан Республикасынын мамлекеттик гимнин ырдап жаткан жаштар, Өзбекстан Республикасынын мамлекеттик туусу жана герби чагылдырылган. Эмне себептен гимн, туу, герб түшүнүктөрүнүн алдында мамлекет сөзү кошуп айтылат. Бул жөнүндөгү пикирлериңерди классташтарыңар менен ойлонгула.*

*2. Силер жашаган аймакта кандай экономикалык же социалдык көйгөйлөр болбосун, алардын чечими ошол жердеги бийликке көз каранды. Мунун себеби эмнеде деп ойлойсуңар? Жооп берүүдө бийлик мамлекеттин жергиликтүү аткаруу органы экенине көңүл бургула.*

*3. Мамлекетибиздеги мыйзамдар ким тарабынан иштеп чыгылат жана алардын аткарылышы ким тарабынан көзөмөлгө алынат? Мына ушул мыйзамдар бар экендиги жана аларга баш ийүү кайсы даражада зарыл? Ушул мыйзамдарсыз жашоо мүмкүнбү?*

*Жоопторуңарды негиздегиле.*

4. *Акча ким тарабынан маамилеге киргизилет жана акчанын айлануусу ким тарабынан көзөмөл кылынат? Мындай көзөмөлдү канчалык деңгээлде зарыл деп ойлойсуңар?*
5. *Силер күндөлүк турмушуңарда мамлекеттин таасирин кандай даражада сезесиңер?*
6. *Мамлекетсиз жашоо кандай болушу мүмкүндүгүн көз алдыңарга келтирип көргүлө. Бул абалда силер кандай милдет жана жоопкерчиликтен кутулган, ал эми кандай көйгөйлөргө туш болот элеңер?*

---

Укук таануу предметинде “мамлекет”, “коом” түшүнүктөрү бар. Бирок мамлекет жана коом түшүнүктөрү бирдей эмес. Мамлекет-коомдун калыптанган саясий институту. Коом өнүгүүнүн белгилүү бир доорунда пайда болгон. Кыскача айтканда, коом-мамлекеттин энеси. Мамлекет болсо, мамлекет да ошондой болот же тескерисинче. Коом өз өнүгүүсүндө кандай баскычтардан өтсө, мамлекет да ошого жараша өзгөрүп, өркүндөп бара берет. Бул – мыйзам ченемдүү көрүнүш.

Биздин заманга чейинки I кылымдын биринчи жармында, биздин замандын VII-VI кылымдарында Өзбекстандын аймагында алгачкы мамлекет бирикмелери Байыркы Харезм, Байыркы Бактрия, Согдиана түзүлгөн доордон мамлекетибизде мамлекетүүлүктүн негиздери толугу менен түзүлдү.

Харезм мамлекет бирикмесинин аймагына Сырдарыядан Орто Ооганстанга чейинки болгон жерлер кирген. Харезм мамлекетинин борбору Көкаликыр (Харезм) шаары болгон.

Коом баштап коомдук бийлик, тактап айтканда, бардык адамдардын бийлиги негизинде башкарылган. Адамдар түрдүү урууларга биригип, ошол урууда пайда болгон маанилүү маселелерди чогуу чечишкен. Бул демократия, ошондой эле элдик бийликтин алгачкы жөнөкөй көрүнүшү эле. Өндүрүштүн өнүгүп-өсүшүнүн натыйжасында барган сайын коомдо саясий мамилелер пайда боло баштаган.



http://eduportal.uz

Жамаат бийлиги (алгачкы демократия) ордунда бөтөнчө кишилер бийлиги пайда болот. Коом байлар жана кедейлер, кийинчерээк башкаруучулар жана башкарылуучуларга бөлүндү.

Ошентип, башкаруучулардын саясий бийлиги иретинде мамлекет пайда болду. Мамлекет пайда болгондон кийин адамдардын турмушу биротоло өзгөрүп кетти.

Мамлекет коом өнүгүшүнүн белгилүү баскычында пайда болгон болуп, ал өзүнүн калыптанышы жана өнүгүшүндө узак жана татаал жолду басып өткөн. Алгачкы баскычта мамлекет башкаруусу зордук-зомбулукка негизделген.

Бирок акырындап отуруп жалпы кызыкчылыктардын айланасында бириккен адамдар максаттарына жетүү үчүн чогуу иш баштап, мында эреже-талаптарга зарылчылык сезе баштайт. Мына ошол зарылчылыктын айынан ошол уюмдун бардык мүчөлөрү баш ийиши керек болгон укукту коргоочу эрежелер мыйзамдар пайда боло баштады. Бул болсо бир аймакта бириккен жамааттын үстүнөн бийлик жүргүзүүнү жаратты. Мына ошол укуктарды коргоо бийликтин татаалдашуусуна алып келди. Натыйжада азыркы заманбап маанидеги мамлекеттик көрүнүш пайда болду. Ошол мамлекетти жөнөкөй түрдө төмөнкүдөй мүнөздөөгө болот: мамлекет үзгүлтүксүз укукту коргоонун негизинде уюшкан, бир аймакта бийлик орноткон жана жеке бийликке баш ийген адамдардын уюму болот.

Бирок бул мүнөздөмө мамлекеттин бүгүнкү күндөгү бардык белгилерин өзүндө камтыбайт.

Мамлекеттин алгачкы-обшиналык, уруучулук коомунан өзгөчөлөнүп турган белгилери төмөнкүлөр:

1. Мамлекет пайда болгон коомдо жарандар белгилүү бир аймакка биригишет.

2. Мамлекет өз иш-аракетин ишке ашырышы үчүн татаал системадан түзүлгөн башкаруу аппаратына ээ болот жана ошол башкаруу системасы жардамында өзүнүн бардык жарандары үчүн милдеттүү болгон мамлекеттик бийликти ишке ашырат.

3. Мамлекет бийликти толук ишке ашырышы үчүн мыйзамдар жана түрдүү нормативдик документтерди кабыл алат. Башкача айтканда мамлекет бар болгон жерде укук да болот.

4. Өз иш-аракетин жүргүзүү үчүн зарыл болгон керектүү каражаттардын ордун толуктоо үчүн финансылык булактарга ээ болот. Салыктар жана башка төлөмдөрдү чогултат, б. а. өз бюджетине ээ болот.

5. Мамлекет өз иш-аракетин толук түрдө ишке ашырышы үчүн ал суверенитетке (эгемендүүлүккө) ээ болууга тийиш.

Демек, мамлекет өзүнө мүнөздүү белгилерге ээ. Эгерде алардын бирөө болбосо, анда биз мындай коомго мамлекет деп айта албайбыз.

***Мамлекет*** *– мажбур кылуу күчүнө б.а. бийликке ээ болгон, өз жарандары, о.э. аймакта жашоочу бардык адамдардын кызыкчылыктарын коргоочу, башка мамлекеттер менен саясий, экономикалык, маданий байланыштарды ишке ашыруучу көз карандысыз саясий уюм болуп саналат.*



**Амир Темур (1336-1405)**

*Бабабыз Амир Темур тарабынан орто кылымдарда түзүлгөн мамлекетте аны жөнөкөй коомдон ажыратып туруучу бардык белгилер болгон.*

*Амир Темур Көрөгөч Ибн Амир Тарагай Бахадыр – ири мамлекеттик ишмер, жеңилбес кол башчы, орто кылымдарда эң чоң мамлекеттердин биринин түзүүчүсү, тышкы мамилелерде эң акылман жолдорду тапкан жетекчи, согуш өнөрү жана мыйзамдарды иштеп чыккан белгилүү уюштуруучу болгон.*

***Даанышмандар казынасынан!***

Мамлекет үч нерсе менен: мүлк, казына жана аскер менен тирүү. Акылдуу увазир булардын ар үчөөсүнөн ишкердик менен жакшы абалда тыкан тутат.

(*Амир Темур*)

http://eduportal.uz

***Эл мамлекет кабинеттерине эмес, мамлекет кабинеттери элибизге кызмат кылуусу керек.***

**Шавкат Мирзиёев**

Президентибиздин берилген кыска жана нуска оюна мамлекеттин мааниси, анын бар экендиги шарты, мамлекет кабинеттеринин статусу жана жумуштары камтылган. Силер мына ошондон келип чыгып:

1. Үй-бүлөңөрдөгү улуулардан соңку жылдарга чейин жөнөкөй жаран мамлекет ишканаларына кайрылуусу керек болсо кандай кыйынчылыктарга жолуккандарын сурап билгиле.
2. Журтубуздун бардык чөлкөмдөрүндө иш баштаган “эл кабылдамалары”нын жумуштары тууралуу маалымат чогулткула.
3. Мамлекет кызматтары борборунун иштери Президентибиздин төмөндөгү оюнун турмуштагы тастыгы экендигин негидегиле.

## Чыгармачыл иш-аракет

*1. Шарттуу мамлекет түзгүлө. Ага ат койгула.*
*2. Мамлекетиңерди жогоруда киргизилген 5 белги боюнча мүнөздөгүлө.*
*3. Эгерде ушул белгилерден бирөөсү же экөөсү болбосо кандай кырдаал келип чыгышы мүмкүндүгүн моделдештирип көргүлө жана анын кесепеттерин элестетүүгө аракет кылгыла.*

## Бышыктоо жана кайталоо үчүн суроо жана тапшырмалар


1. Мамлекет жана коом түшүнүктөрүнүн жалпы жана айырмалуу жактарын санап бергиле.
2. Коом мамлекетсиз бар болушу мүмкүнбү? Жана тескерисинче, мамлекет коомсуз бар болушу мүмкүнбү?
3. Мамлекеттин түзүлүшү адамзатка эмне берди?
4. Мамлекетибиздин аймагында алгачкы мамлекеттердин уюмдары качан пайда боло баштаган?
5. Алгачкы мамлекеттүүлүктү мүнөздөп бергиле.
6. Мамлекеттүүлүктүн өркүндөшүнө эмнелер таасир көрсөтөт?
7. Алгачкы баскычта мамлекеттер өз иш-аракетин эмнеге негиздеп жүргүзгөн?
8. Мамлекеттин негизги белгилерин санап бергиле.

http://eduportal.uz

*5- тема*

# Мамлекеттин функциялары


1



2


3


4


5

## Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. *Силердин үй-бүлөңөрдө карылык пенсиясы, стипендиялар жана мамлекет жөлөк пулдарын ала тургандар барбы? Бул төлөөлөрдү ким иш жүзүнө ашырат?*
2. *Азыр жайларда Мамлекет кызматтарынын борборлору иш алып барууда. Бул борборлор кандай кызматтарды көрсөтөрүн билесиңер? Мамлекет тарабынан бул борборлор аркылуу өзүнчө көрсөтүлчү кызматтарга бир канча мисалдар келтиргиле.*
3. *Шаарыңардын (айылыңар) көчөлөрүндө жүргөнүңөрдө бул жолдорду куруу жана ремонт кылууну ким аткаргандыгы жөнүндө ойлоп көргөнсүңөрбү? Эмне себептен мындай иштер ишке ашырылат деп ойлойсуңар?*
4. *Ички иштер, сот, прокуратура органдары жок болсо кандай абал жүзөгө келиши мүмкүн? Силер мындай жагдайда жашоону каалайт белеңер?*
5. *Күндөлүк турмушуңарда мамлекет менен байланыштуу болгон абал жана учурларга мисал келтиргиле.*
6. *Мамлекетсиз чечүү кыйын болгон көйгөйлөргө мисал келтиргиле.*

Ар бир мамлекет өз иш-аракетинин негизги багыттарын белгилейт. Бул багыттар анын негизги милдеттеринен келип чыгат.

Мамлекеттин бар экендиги, анын зарылдыгы, мамлекеттин функцияларында өз ордун табат. Мамлекет өз иш-аракетинде бир канча функцияларды (ишмердик багыттарын) ишке ашырат.

***Мамлекеттин функциялары** – мамлекет иш-аракетинин негизги багыты болуп, аларда мамлекеттин социалдык жактары максатка ашырылат.*

Мамлекеттин функцияларын үйрөнүүдө функцияларды топторго бөлүү усулу маанилүү болуп саналат. Топторду төмөнкүдөй белгилер боюнча ишке ашыруу максатка ылайыктуу.

**1.** Иш-аракет көрсөтүү жайы боюнча:
– ички;
– тышкы.

**2.** Иш-аракет көрсөтүү убактысы боюнча:
– туруктуу;
– убактылуу.

**3.** Социалдык маанилүүлүгү боюнча:
– негизги;
– негизги эмес.

**4.** Ишке ашыруунун укуктук түрү боюнча:
– укукту иштеп чыгуу;
– укукту аткаруу;
– укукту коргоо.

Мамлекеттин ички функцияларына мамлекеттин ичинде ишке ашырыла турган функциялар кирет. Мамлекеттен тышкарыда ишке ашырылган функциялар мамлекеттин тышкы функцияларын түзөт.

Мамлекеттин ички функцияларына мамлекет ичинде ишке ашырылган функциялар кирет. Мамлекет тышында жүзөгө ашырылчу функциялар болсо мамлекеттин тышкы функцияларын уюштурат.

Мамлекет өзүнүн функцияларын аткарышы үчүн андан бир топ жумуштарды аткаруу талап кылынат. Ошол жумуштарды өз учурунда аткаруу мамлекет функцияларынын аткарылышына алып келет. Мамлекет аткарган жумуштарын да тармактар боюнча

түрлөргө ажыратууга болот. Мамлекеттин ички функцияларын ишке ашырууда аткарыла турган милдеттерди түрлөргө ажыратып, кенениреэк үйрөнөбүз. Мында биз мамлекеттин милдеттерин оң, адилеттүү мамлекет да ушундай – адилеттүү, элдик болбогондугун да көңүлдөн четке калтырбоо зарыл. Мамлекеттин ички функцияларына таандык милдеттер төмөнкүлөрдөн турат:

**Экономикалык милдеттер:**

♦ Экономикалык саясатты иштеп чыгуу жана экономикага таасир көрсөтүү;

♦ Экономиканын мамлекеттик секторун (завод-фабрикалар, электростанциялар, кендерди) башкаруу;

♦ Базар мамилелеринин укуктук негиздери жана баа саясатын жолго коюу.

**Социалдык милдеттер:**

♦ Калктын жардамга муктаж катмарын коргоо;

♦ Саламаттыкты сактоо жана билим берүү системасын колдоп-кубаттоо;

♦ Калкты социалдык продукциялар менен камсыздоо.

**Саясий-укуктук милдеттер:**

♦ Жарандардын укук жана эркиндиктерин коргоо;

♦ Мыйзамдуулук жана тартипти камсыздоо;

♦ Тынчтык жана улуттар аралык ынтымакты сактоо.

**Маданий-агартуучулук милдеттери:**

♦ Илим жана билим берүүнү өнүктүрүү;

♦ Улуттук маданият жана искусствону өнүктүрүү.

**Финансылык милдеттер:**

♦ Салык системасы жана бажыкана көзөмөлү;

♦ Акча жүгүртүүнүн үстүнөн көзөмөл;

♦ Финансы тармагындагы башка иш-аракеттер.

**Коопсуздук жана коргоо боюнча милдеттер:**

♦ Калктын укук жана эркиндиктерин камсыздоо;

♦ Жаратылышты коргоо;

♦ Мүлктүн кол тийгистигин камсыздоо;

♦ Укуктук коргоону орнотуу.

http://eduportal.uz

## МАМЛЕКЕТТИН ФУНКЦИЯЛАРЫ

**Ички функциялары**

- жарандардын укук жана эркиндиктерин камсыздоо;
- бардык мүлкчүлүк негиздерин коргоо;
- мамлекеттин экономикалык тармактагы өнүгүшүн камсыздоо;
- жарандардын маданий-агартуу жактан өнүгүшүнө жетишүүсү үчүн шарт түзүү;
- социалдык тармакты өнүктүрүү,

**Тышкы функциялары**

- тынчтык жана бейпилдикти камсыздоо;
- тышкы коркунучтардан коргоо;
- чет өлкөлөр менен саясий байланыштарды жолго коюу;
- эл аралык экономикалык иш-аракет;
- чет өлкөлөр менен маданий байланыштар.

Башка мамлекеттер менен өз ара мамилелер куруу мамлекеттин тышкы функцияларын белгилейт.

Ар кандай мамлекет дүйнөдөгү башка мамлекеттер менен түрдүү байланыштарды жолго коюуга аргасыз. Ошондо гана ал дүйнөлүк коомчулук тарабынан таанылышы мүмкүн. Бул байланыштарга төмөнкүлөрдү киргизсек болот:

1. Дипломатиялык байланыштар; 2. Соода байланыштары;

3. Маданий байланыштар; 4. Аскердик байланыштар жана башкалар.

Мамлекет, ошондой эле эл аралык уюмдар менен да байланыштарды жолго коюуга тийиш. Эл аралык уюмдардын катарына Бириккен Улуттар Уюму, Бүткүл Дүйнөлүк Соода Уюму ж.б. киргизүүгө болот. Бул эл аралык уюмдардын эң беделдүүлөрүнө Өзбекстан Республикасы толук мүчө болуп кирген.

**Түшүндүрүп бергиле!**

Мамлекеттин бар экендиги, анын зарылдыгы мамлекеттин функцияларында өз чагылышын табат.

http://eduportal.uz



*1. Сүрөттөрдө көрсөтүлгөн адамдардын кайсы топко таандык экендигин аныктоого аракет кылгыла.*

*2. Ушул топтогу адамдарга карата мамлекет кандай функцияларды ишке ашырат?*

*3. Бул жолдо ал кандай милдеттерди аткарат?*

## Чыгармачыл иш-аракет


1. *Өзүңөр түзгөн шарттуу мамлекетте жарандарыңар үчүн кандай шарттарды түзгөн болот элеңер?*
2. *Бул шарттарды түзүү үчүн силердин мамлекетиңер кандай милдеттерди аткарышы керек болот эле?*
3. *Бул милдетти аткаруу мамлекетиңерге кандай функцияларды аткаруу мүмкүнчүлүгүн бермек?*
4. *Мамлекетиңерди кандай эл аралык уюмдарга мүчө кылган болот элеңер? Эмне үчүн?*

## Бышыктоо жана кайталоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. "Мамлекеттин функциясы" түшүнүгүнүн мазмунун түшүндүрүп бергиле.
2. Мамлекеттин функцияларын түрлөргө ажыратып көрсөткүлө.
3. Мамлекеттин негизги милдеттерин санап бергиле.
4. Мамлекеттин милдеттерин "маанилүү" жана "маанилүү эмес" деп ажыратуу мүмкүнбү?
5. Силер күндөлүк турмушуңардан мамлекеттин өз милдеттерин аткарып жаткандыгына мисал келтиргиле.
6. Мамлекет өз функцияларын аткаруусу үчүн жеке өзүңөр кандай жардам бере алышыңар мүмкүн?

http://eduportal.uz

**6- тема** **Мамлекеттин башкаруу формасы**



**Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар**

1. *Сүрөттөрдөгү туулар кайсы мамлекеттерге таандык?*
2. *Ушул мамлекеттердеги мамлекет жетекчилери кандай аталат?*
3. *Туулары сол топтогу мамлекеттердин мамлекет башкаруу түзүлүшүндө кандай жалпылык бар экенин билесиңерби? Оң топтогу мамлекеттердечи?*
4. *Монархия жана Республика түшүнүктөрү менен таанышсыңарбы? Ал түшүнүктөр эмнени билдирет?*
5. *Бул түшүнүктөр силер билген кайсы мамлекеттердин аттары менен биргеликте иштетилет?*
6. *Тарых предметинен силерге белгилүү монархиялык жана республикалык мамлекеттерди эстеп, аларды санап бергиле.*
7. *Өзбекстандагы мамлекеттик башкарууга карата жогорудагы түшүнүктөрдүн кайсы бири колдонулат? Эмне үчүн мындайлыгы жөнүндө ойлоп көргөнсүңөрбү? Эгер ойлоп көргөн болсоңор, кандай чечимге келесиңер?*

Мамлекет төмөнкү негиздер боюнча түрлөргө бөлүнөт: башкаруу формасы; аймактык түзүлүшү; саясий тартип (режим).

Башкаруу формасы боюнча мамлекеттер **монархиялык** жана **республикалык** түрлөргө бөлүнөт.

http://eduportal.uz

***Мамлекеттин формалары*** *дегенде, мамлекеттин башкарылышы, аймактык түзүлүшү жана саясий тартиби жагынан кандай формаларга бөлүнүшү түшүнүлөт.*

***Башкаруу формасы*** *дегенде, мамлекеттик бийлик, анын мекемелеринин калк менен өз ара мамилелери, калктын бул мекемелерди уюштурууда катышуусу.*

**Монархия** – жогорку бийлик жеке башкаруучу – мамлекет башчысынын колунда болгон жана бул бийлик мурас кылып бериле турган мамлекеттин башкаруу формасы. Мында бийлик кээде жеке бийликтин (монархтын) урпактарына, кээде жеке бийлик өкүлүнүн токтому менен башка адамга мурас болуп өтөт.

***Монархия*** *– грекче сөз болуп,* ***жеке бийлик*** *деген маанини билдирет.*

Өзбекстан аймагында тарыхта болгон монархиялык башкарууга Темурийлер доору мамлекеттүүлүгүн мисалга келтирүүгө болот.

Амир Темур мамлекеттүүлүктүн башкаруу системасын, ички жана тышкы саясатынын тартип-эрежелерин, укуктук негиздерин жаңы тарыхый шартта өркүндөткөнү менен тарыхта калды. Мамлекет башкаруу системасында исламдын мыйзам-эрежелерине негизделген. Казы жана сардар бир гана Амир Темурдун өзүнө эсеп берип турган. Темур катуу тартиптерди жана мыйзамдарды өз түзүктөрүндө жазып калтырган.

Монархиянын негизги **белгилери** төмөнкүлөрдөн турат:

1) монарх мамлекетти өз менчигине айландырат, тышкы жана ички саясатта мамлекет башчысы катары майданга чыгат;

2) монарх мамлекетти жеке өзү башкарат;

3) монарх бийликти ыйык деп жарыялайт;

4) монарх өз иш-аракетинде толук эркин болот;

5) бийликти орнотуу, кабыл алуунун атайын тартиби бар;

6) чексиз, өмүр бою башкаруу;

7) монарх өз башкаруусунун натыйжасы үчүн юридикалык жактан жоопту болбойт.

Монархия **абсолюттук** жана чектелген же ( **парламенттик**)

формаларда болот.

Эгерде монарх өз мамлекетин башкарууда анын бийлиги башка кандайдыр бир орган менен чектелбесе, мындай монархия **абсолюттук монархия** деп аталат.

Эгерде монархтын бийлиги Конституцияга таянуучу кандайдыр бир орган менен чектелген болсо, мындай монархия **чектелген, конституциялык, парламенттик башкаруу формасындагы монархия** болот (мисалы, Улуу Британия, Дания, Норвегия, Швеция).

**Республика** мамлекет башкаруусунун бир формасы болуп, анда бийликтин жогорку органдары белгилүү бир мөөнөткө шайланат.

Республика формасындагы башкарууга ээ болгон мамлекеттин негизги белгилери төмөнкүлөрдөн турат:

- бийликтин жогорку органдарынын шайлап коюлушу;
- бийлик өкүлдүктөрүнүн бөлүштүрүлүшү;
- бийликтин жогорку органдарынын өз чечимдерин шайланган мөөнөттүн ичинде кабыл алышы;
- мыйзамдардын аткарылышын көзөмөлдөөчү орган болгон соттор беделинин жогорулашы;
- жарандардын мамлекет иштерин башкарууда катышуусу.

***“Республика”** сөзү грекче “жалпы иш” деген маанини билдирет.*

Республикалар президенттик жана парламенттик, республика түрлөрүнө бөлүнөт.

Президенттик республикада мамлекетти түздөн-түз эл шайлай турган жана өтө кең ыйгарым укуктарга ээ болгон Президент башкарат. Ал аткаруу бийлигинин түздөн-түз башкаруучусу болуп эсептелет.

Президенттик республикага мисал иретинде АКШ, Бразилия, Аргентина жана Мексика мамлекеттерин көрсөтүүгө болот.

Парламенттик республикада мамлекет башчысы - президент шайлануучу кызмат адамы болуп, негизинен, парламент тарабынан шайланат.

Парламенттик республикага мисал кылып Италия, Германия, Португалия, Греция, Ирландия жана Индия мамлекеттерин көрсөтүүгө болот.

http://eduportal.uz

**Фазыл мамлекет анын калкы өз ара жардам берүүгө, инсан сүйүүчүлүккө, адамдык мээр - акыбетке, анын жогорку байлык экенин түшүнүүгө, жакшылануута негизделиши керек.**

**Фарабий**

*Төмөнкү жадыбалды дептериңерге көчүргүлө жана толтургула.*

| *Мамлекеттер* | *Монархиялык* | *Республикалык* |
|---|---|---|
| Өзбекстан | | |
| Россия | | |
| Мексика | | |
| Франция | | |
| Кувейт | | |
| Польша | | |
| Нигерия | | |
| Иран | | |
| Ооганстан | | |
| Бельгия | | |
| Исландия | | |
| Дания | | |
| Сауд Арабиясы | | |
| Бразилия | | |
| Чили | | |
| Куба | | |

## Түшүндүрүп бергиле!

Мамлекеттик иштердин 9 үлүшү кеңеш, келишим, ал эми калган бир үлүшү гана кылыч менен аткарылышын билдим.

*(Амир Темур)*

http://eduportal.uz

> ***Даанышмандар казынасынан!***
> Эгер бийликтин айланасында адилетүүлүк өкүм сүрбөсө, ал кризиске учурайт. (*Абу Бакр Харезмий*)

## Чыгармачыл иш-аракет

*Төмөнкү жадыбалды дептериңерге сызгыла жана мамлекеттик башкаруу белгилеринин негизинде толтургула.*

| *Манархиялык башкаруу* | *Республикалык башкаруу* |
|---|---|
| *Үлгү:* <br> *– монарх мамлекетти менчиктештирет. Тышкы жана ички саясатта мамлекет башчысы иретинде майданга чыгат.*__ __ | *Үлгү:* <br> *– бийликтин жогорку органдарынын өкүлдөрү шайлап коюлат.*_____________ |

## Бышыктоо жана кайталоо үчүн суроо жана тапшырмалар


1. Мамлекеттин түрлөргө бөлүнүшүнө эмнелер негиз кылып алынат?
2. Башкаруу формасы дегенде эмнени түшүнөсүңөр? (Сөздөрдүн түшүндүрмө маанисине көңүл бургула).
3. “Монархия” сөзүнүн түшүндүрмө мааниси бул терминдин мазмунуна туура келеби?
4. Монархиянын негизги белгилерин санагыла.
5. “Абсолюттук монархия” жана “чектелген монархия” сөздөрүнүн айырмасын жана жалпы жактарын айтып бергиле.
6. Темурийлер мамлекеттүүлүгүндө башкаруу кандай негизде жолго коюлган?
7. “Республика” сөзүнүн түшүндүрмө мааниси бул терминдин мазмунун канчалык деңгээлде ачып бере алат?
8. Республика формасындагы башкарууга ээ болгон мамлекеттин негизги белгилерин санап бергиле.
9. Республиканын кандай түрлөрү бар?
10. Алардын айырмалуу жана жалпы жактарын санап бергиле?



http://eduportal.uz

**7- тема**


# Мамлекеттин түзүлүш формасы




Унитардык



Федеративдик



Конфедеративдик







## Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. *Сүрөткө карап "унитардык", "федеративдик" жана "конфедеративдик" сөздөрүн түшүндүрүп берүүгө аракеттенгиле.*
2. *Россия Федерациясы эмне үчүн мындай аталышы жөнүндө ойлоп көргөнсүңөрбү? Бул суроого өз пикирицерди билдиргиле.*
3. *Европа союзу түшүнүгү кулагыңарга чалынганбы? Бул сөздүн болжолдуу маанисин айтып берүүгө урунуп көргүлө.*
4. *Венгрия, Латвия, Польша сыяктуу мамлекеттердин аттары аталганда эмне үчүн федерация же конфедерация түшүнүктөрү кошулуп айтылбастыгынын себебин аныктоого аракет кылгыла.*
5. *Өзбекстан Республикасын силер кайсы мамлекеттердин катарында атаган болор элеңер? Эмне үчүн?*

Мамлекеттер түзүлүш жагынан жөнөкөй (**унитардык**) жана татаал (**федеративдик, конфедеративдик**) болушу мүмкүн.

**Унитардык** мамлекетте бүтүн бир мамлекет деңгээлинде жалпы системага ээ болгон мыйзам чыгаруучу, аткаруучу жана сот органдары болот.

*Унитардык мамлекеттин белгилери:*

- жалпы Конституция, жалпы мыйзамдуулук системасы;
- бирдиктүү армияга ээ болушу;
- жалпы акча бирдиги;

http://eduportal.uz

♦ курамдык бөлүктөр, б.а. административдик-аймактык түзүлүштөргө бөлүнүшү;

♦ бардык админстративдик-аймактык бирдиктер үчүн жалпы болгон салык жана кредит саясатынын жайылтылганы;

♦ жеке жарандыктын болушу.

*Мамлекеттин түзүлүш формасы анын административдик-аймактык түзүлүшү болот.*

***Унитардык***— *латынча сөз болуп, жөнөкөй, жеке деген маанини билдирет.*

**Жалпы Конституция**
**Жалпы мыйзамдар**
**Жалпы жарандык**
**Жалпы акча**
**Жалпы салык жана кредит саясаты**
**Бирдиктүү армия**

Унитардык мамлекеттен айырмаланып, федеративдик мамлекет татаал мамлекеттик структура эсептелет. Ал бир топ мамлекеттердин биригишинен пайда болот. Анын субьекттери штат, өлкө, республика, амирлик деп аталышы мүмкүн жана өзүнүн административдик-аймактык бөлүктөрүнө ээ.

Бул мамлекеттер өз ара биригишкенден кийин Федерация мүчөлөрү эсептелип, негизги бийликтин ыйгарым укуктары Федерациянын борбордук органдарына берилет.


***Федеративдик мамлекет***— *бир нече мамлекеттердин биригүүсүнөн пайда болгон татаал, союздаш мамлекет.*

*Федеративдик мамлекеттин белгилери төмөнкүлөр:*

♦ Федерациянын аймагы анын субьекттери аймагынын жыйындысынан турат;

♦ жогорку мыйзам чыгаруучу, аткаруучу жана сот бийлиги федеративдик мамлекеттин мекемелерине таандык болот;

- Федерациянын жалпы Конституциясы анын субьекттери ортосундагы укуктук мамилелерди белгилейт;
- Федерация субьекттеринин ар бири өзүнүн Конституциясы, өздөрүнүн жогорку мыйзам чыгаруучу, аткаруучу жана сот органдарына ээ болот;
- Федерациянын жогорку мыйзам чыгаруучу органы, адатта, эки палаталуу болот.




Азыркы күндө 20 дан ашуун Федерация бар. Ошону менен бирге Федерация жана анын субьекттеринин ортосунда мамилелер дайыма эле ийгиликтүү боло бербейт. Аны ыдырап кеткен Советтер Союзу, Чехословакия, Югославия сыяктуу Федерациялардын мисалында көрүшүбүз мүмкүн.

***Конфедерация** (лат. уюм) – суверенитетин жана эгемендүүлүгүн сактаган түрдө кайсы бир максатка жетүү үчүн бириккен мамлекеттер союзу.*

Мамлекеттер тигил же бул максатты көздөп, өзүнүн суверенитетин жана эгемендүүлүгүн сактаган түрдө биригиши да мүмкүн. Анда мындай союз **конфедерация** деп аталат. Ар бир мамлекет эл аралык укуктун тең укуктуу субъекттери болот.

http://eduportal.uz

*Конфедерациянын белгилери төмөнкүлөрдөн турат:*

- эгемендүү мамлекеттер белгилүү максаттарга жетишүү үчүн биригишет;
- конфедерация бекем болбогон структура;
- бирдиктүү аймагы болбойт (конфедерациянын аймагы анын мүчөлөрү болгон мамлекеттердин аймагынан куралат);
- жалпы жарандык болбойт;
- конфедерациянын мүчөлөрү андан эркин чыгуу укугуна ээ болушат;
- конфедерациянын мүчөлөрү союз бийлигинин мыйзам документтерин таанибоо же колдобоо (нулификация) укугуна ээ болушат;
- конфедерациянын ыйгарым укугуна анчалык көп болбогон маселелерди чечүү кирет;
- конфедерациянын капиталы анын мүчөлөрүнүн ыктыярдуу төлөмдөрүнөн түзүлөт.

*Конфедерациянын мыйзамдарын жокко чыгаруу укугу*

*Эгемендүү мамлекет*

*Каалоосу менен биригүү*

**Белгилүү максаттарга жетишүү үчүн биригишет.**
**Бекем болбогон структура.**
**Жалпы аймагы жок.**
**Анчалык көп болбогон маселелерди чечүү укугу.**
**Мүчөлөрүнүн ыктыярдуу төлөмдөрүнөн турган каражат.**

*Өз алдынча аймак*

*Өз жарандыгы*

*Борбордук бийликке төлөм төлөө ыктыярдуу.*

*Эркин ажыралып чыгуу укугу*

## Түшүндүрүп бергиле!

Мамлекеттин түзүлүш формасы болуп анын административдик-аймактык түзүлүшү эсептелет.

http://eduportal.uz

## Чыгармачыл ши-аракет

1. *Түзгөн шарттуу мамлекетиңердин түзүлүш формасын белгилегиле.*
2. *Классташтарыңар менен ар түрдүү түзүлүш формасындагы мамлекеттерди түзгүлө.*
3. *Түзүлүш формасы жактан ар түрдүү болгон мамлекеттерге ээ болгон окуучулар биригип, үч топ түзгүлө.*
4. *Ар бир топ өзү тандаган түзүлүш формасынын артыкчылык жактарын айтып берсин.*
5. *Карама-каршы топтор, тескерисинче, алардын кемчиликтерин келтирсин.*

## Чыгармачыл иш-аракет

*Төмөнкү жадыбалды дептериңерге сызгыла жана ата-энеңер же чоңдордун жардамында толтургула.*

| ***Мамлекеттер*** | ***Башкаруу формасы*** | ***Түзүлүш формасы*** |
|---|---|---|
| *Өзбекстан* | *республикалык* | *унитардык* |
| *Россия* | | |
| *АКШ* | | |
| *Иран* | | |
| *Испания* | | |
| *Бразилия* | | |
| *Казакстан* | | |
| *Улуу Британия* | | |

## Бышыктоо жана кайталоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Мамлекеттердин түзүлүш формаларын санап бергиле.
2. Мамлекеттер ар түрдүү түзүлүш формасына ээ болушуна эмне себеп деп ойлойсуңар?
3. Үч түрдүү формадагы мамлекеттердин жалпы жана айырмалуу жактарын айтып бергиле.
4. Унитардык мамлекеттерге мисалдар келтиргиле.
5. Федеративдик мамлекеттерге мисалдар келтиргиле.
6. Конфедеративдик мамлекеттерге мисалдар келтиргиле.
7. Федеративдик жана конфедеративдик мамлекеттердин кээ бир учурларда бөлүнүп кетишине эмнелер себеп болот деп ойлойсуңар?

http://eduportal.uz

**8- тема**

# Саясий тартип (режим). Мамлекеттик органдар. Мамлекет механизми

**Мамлекеттин формалары**

- ***Башкаруу формасы***
  - *Монархиялык*
  - *Республикалык*
- ***Түзүлүш формасы***
  - *Унитардык*
  - *Федеративдик*
  - *Конфедеративдик*
- ***Саясий тартип***
  - *Демократиялык*
  - *Антидемократиялык*

## Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. *Демократия сөзүн көп жолу уккансыңар. Бул сөздүн мааниси жөнүндө эч ойлоп көрдүңөрбү? Оюңарды классташтарыңар менен бөлүшкүлө.*
2. *"Антидемократиялык" терминин маңызын чагууга аракет кылгыла. Мында сөздүн курамына көңүл бургула.*
3. *Фашисттер тууралуу көп окугансыңар же фильм көргөнсүңөр. Фашисттердин кулк-мүнөзүнөн келип чыгып, фашизм жөнүндөгү пикириңерди баяндагыла.*
4. *Мурдагы союзду көбүнчө тоталитардык мамлекет деп аташат. Бул эмнени билдириши жөнүндө ойлоп көргөнсүңөрбү? Оюңарды баяндагыла.*
5. *Чиймеге карап, эмнелерди түшүнгөнүңөрдү айткыла.*
6. *Чиймедеги терминдерден келип чыгып, ар бир мамлекеттин түзүлүш формасын мүнөздөөгө аракеттенгиле.*

Мамлекеттик бийликти ишке ашыруунун усулдарынын системасы **саясий тартип** деп аталат. Өлкөдөгү саясий жагдай, башкача айтканда коомдогу саясий эркиндик деңгээлин негизинен саясий тартип белгилейт. Кандайдыр бир өлкөдөгү саясий тартип жөнүндө сүйлөшкөндө, биринчи кезекте ошол өлкөдө мамлекеттик бийлик кандай абалда уюштурулгандыгы, адам укук жана эркиндиктеринин камсыздалгандыгы, саясий пикирлердин ар түрдүүлүгү, элдин социалдык активдигине көңүл бурулат. Өлкөдөгү мыйзамдуулук, кылмыштуулукка каршы күрөшүү, укук коргоо боюнча иш-чараларды

http://eduportal.uz

ишке ашырууда колдонулган усулдар да саясий коргонууну билдирген белгилерден болуп саналат.

*Бийликте тургаи саясий күчтөрдүн мамлекетти башкаруудагы колдой турган усулдарынын бирдиктүү системасы* **саясий тартип** *деп аталат.*

Саясий тартип негизинен эки түрдүү болот:

**1. Демократиялык;**

**2. Демократиялык эмес.**

Демократиялык тартип шартында адамдын саясий жана жарандык укуктары урматталат. Жарандар мамлекеттик бийлик органдарын түзүүдө жана алардын иш-аракетинде активдүү катышат. Демократиялык бийликтин жеке булагы калктын эрки болуп саналат.

***"Демократия"*** *– грекче "эл бийлиги" деген маанини билдирет.*

Эгерде мамлекетте демократиялык тартип орнотулган болсо, бул мамлекетте жарандар жалпы тааныган укук жана эркиндиктерден толук пайдаланышат, мамлекет болсо аларды ар тараптан кепилдейт жана коргойт.

*Адамдын саясий жана жарандык укуктары таанылып, урмат кылына турган, мамлекетти башкаруу азчылыктын көпчүлүккө баш ийүү принциби негизинде ишке ашырыла турган жана азчылыктын кызыкчылыгы корголо турган саясий тартип-демократиялык саясий тартип деп аталат.*

Демократиялык тартиптин белгилери:

1) адамдын экономикалык жактан эркин болушу;

2) адам жана жаран укуктары жана эркиндиктеринин таанылышы жана кепилдениши;

3) мамлекетти башкаруу азчылыктын көпчүлүккө баш ийүүсү принциби негизинде ишке ашырылат;

4) бийликтин өкүлдүктөрүнүн бөлүнүшү;

5) социалдык турмушта пикирлердин ар түрдүүлүгү (плюрализм), социалдык-саясий бирикмелердин көптүгү;

6) мыйзамдын үстөмдүгү.

Демократиялык мамлекетте идеялык жана саясий ар түрдүүлүк конституция тарабынан колдоп-кубатталып, саясий партиялардын иш-аракетине уруксат берилет. Саясий партиялар болсо жогорку жана жергиликтүү бийлик органдарына депутаттарды шайлоодо катышуу аркылуу өздөрүнүн мүмкүн болушунча көбүрөөк мүчөлөрүн бийлик органдарына киргизүүгө аракет кылышат. Демократиялык шайлоодо жеңген саясий партиялар өкмөттү түзүү жана ушул аркылуу өз саясатын жүргүзүү укугуна ээ болушат.

Түздөн – түз жана ыйгарымдуу демократиялар айырмаланат. Түздөн-түз демократияда негизги чечимдер бардык жарандар тарабынан түздөн-түз референдумдар, шайлоолор, жыйналыштарда кабыл алынат. Ыйгарым укуктуу демократияда токтомдор шайлоо аркылуу түзүлгөн саясий органдар – мыйзам чыгаруучу органдар (Сенат, Мыйзам чыгаруучу палата), жергиликтүү кеңештер тарабынан кабыл алынат.

Демократияга карама-каршы тартип – демократиялык эмес тартип деп аталат. Мындай тартипте мамлекеттик органдар бийлик жүргүзүү учурунда демократиялык принцип жана эрежелерге баш ийишпейт. Тескерисинче, аларды дайыма же бат-бат бузушат. Өз-өзүнөн белгилүү, мындай саясий тартипте жарандардын укук жана эркиндиктери кордолот, одоно түрдө бузулат, кээде өтө ырайымсыздык менен каршы күч жок кылынат. Кээде парламент сыяктуу демократиялык институттар жок кылынат.

*Демократияга карама-каршы тартип - демократиялык тартип деп аталат.*

Демократиялык эмес тартиптердин ичинде фашисттик жана тоталитардык тартиптерди өзүнчө атап өтүү максатка ылайыктуу.

**Фашисттик** тартипте өкүм сүргөн ар кандай карама-каршы күч жок кылынат. Кандайдыр расанын өкүмдүгү жарыяланат жана акырында башка аймактарды басып алууга аракет күчөйт. 1933-1945-жылдарда фашисттер Германиясы жана фашисттер Италиясы фашисттик тартиптеги мамлекеттерге мисал боло алат.

Жеке партиянын бийлиги, укук жана эркиндиктердин жокко чыгарылышы сыяктуу терс өзгөчөлүктөргө ээ болгон тартип – тоталитардык тартип деп аталат. Тоталитардык тартипте өзгөчө пикирлерге каршы күрөшүлөт, шайлоочулардын шайлоого альтернативдүү депутаттарды шайлоо мүмкүнчүлүктөрү болбойт. Тоталитардык мамлекетке мурдагы Советтер Союзун мисал келтирүүгө болот.

Мамлекетти башкарууну ишке ашыруу атайын органдар тарабынан ишке ашырылат жана бул органдар укук таануу предметинде **мамлекеттик органдар** деп аталат.

***Мамлекеттик орган*** *– мыйзамга ылайык түрдө системасына, социалдык турмуштун белгилүү тармагын башкаруу боюнча анык белгиленген ыйгарым укугуна ээ болгон мамлекеттик орган же уюм.*

Мамлекеттик органдар төмөнкү түрлөргө бөлүнөт:

а) Ыйгарым укуктуу органдар; мыйзам чыгаруучу, жергиликтүү бийлик органдары;

б) Аткаруу органдары: мамлекет башчысы (президент, монарх), өкмөт, министрлик жана мамлекеттик комитеттер, укук коргоо органдары (прокуратура, ички иштер министрлиги жана анын органдары, юстиция);

в) Жергиликтүү органдар (облус, район жана шаар акимдиктери);

г) Сот жана Конституциялык көзөмөлдөө мекемелери: Конституциялык сот, Жогорку сот жана жалпы соттор, Жогорку чарбалык соту жана анын облустук (шаар) муундары.

Демократиялык мамлекетте башкарууну ишке ашыруучу бардык мамлекеттик органдар бирдиктүү системаны түзөт жана бул система **мамлекеттик механизм** деп аталат.

***Мамлекеттик механизм*** *– коомду башкаруу жана эл кызыкчылыгын коргоону ишке ашыруучу мамлекеттик органдардын бирдиктүү системасы..*

Демек, мамлекеттик органдар мамлекеттик механизмдин курамдык бөлүктөрү болуп, алар социалдык турмуштун белгилүү тармагын башкаруу боюнча керектүү ыйгарым укуктарга ээ. Ар бир мамлекеттик орган башка мамлекеттик органдар менен, б. а. мамлекеттик механизмдин башка курамдык бөлүктөрү менен өз ара байланышта болот.

***Өзбекстан Республикасында демократия жалпы адамзаттык принциптерге негизделет, ага караганда инсан, анын өмүрү, эркиндиги, аброю, кадыр-баркы жана башка чектелбеген укуктары жогору баалуулук эсептелинет.***

***Демократиялык укук жана эркиндиктер Конституция жана мыйзамдар менен корголот.***

**13-статья**

1. Конституцияныздын берилген статьясынын мазмунун турмуштук мисалдар жардамында ачып берүүгө аракеттенгиле.



http://eduportal.uz

2. Өзүңөр жашап турган чөйрөдөгү Эл кабылдамаларынын иш-аракети, республика жана облус мамлекеттик органдарынын “Опер кабылдарын” уюшулуусунун мамлекетибиздеги демократиялык реформалардын үлгүсү экенин негиздөөгө аракеттенгиле.

***Даанышмандар казынасынан!***

Падыша өздөрүн адилет менен безөөлөрү керек, эл мындай падышага урмат көргөзүүсү зарыл.

(*Абдуллах Мукни*)

## Чыгармачыл иш-аракет

1. *Түзгөн шарттуу мамлекетиңердеги саясий тартипти белгилегиле. Андагы саясий тартиптердин ар түрдүү болушун камсыздагыла.*
2. *Саясий тартиби бирдей шарттуу мамлекеттик топ альтернативдүү топ мамлекеттеги саясий тартипти мүнөздөп берсин.*
3. *Альтернативдүү топ бул мамлекеттин кемчиликтерин табууга аракет кылсын.*
4. *Шарттуу мамлекетиңерде мамлекеттик механизмдин курамына кандай мамлекеттик органдар киришин жазып көрсөткүлө.*

## Бышыктоо жана кайталоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Саясий тартип деген эмне?
2. Саясий тартиптин түрлөрүн айтып бергиле.
3. “Демократия” сөзүнүн түшүндүрмө мааниси менен терминдин мазмунун салыштырууга аракет кылгыла.
4. Демократиялык тартиптин негизги белгилерин санап бергиле.
5. Демократиялык тартип өкүм сүрүп жаткан мамлекеттеги жарандардын абалын мүнөздөп бергиле. Ушундай мамлекеттерге мисал келтиргиле.
6. Демократиялык эмес тартип деген эмне?
7. Тоталитардык тартип жөнүндө эмнелерди билесиңер?
8. Мурдагы Советтер Союзунда жарандардын саясий эркиндиктери кандай абалда эле? Укуктарычы?
9. Силер мамлекеттик органдар дегенде эмнени түшүнөсүңөр?
10. Мамлекеттик органдардын түрлөрүн санап бергиле?



http://eduportal.uz

## Бөлүм боюнча жалпы кайталоо үчүн суроо жана тапшырмалар

**Терминдерге ылайык аныктамаларды белгилегиле.**

***1. Саясий тартип***

***2. Мамлекет***

***3. Коом***

***4. Мамлекеттин функциялары***

***5. Мамлекеттик орган***

***6. Мамлекеттин формалары***

***7. Мамлекеттин түзүлүш формасы***

***8. Мамлекеттик механизм***

***а)*** *– анын административдик-аймактык түзүлүшү.*

***б)*** *– мамлекеттик бийликти ишке ашыруу усулдарынын системасы.*

***в)*** *– белгилүү аймакта жашаган, өз муктаждыгы жана кызыкчылыгынын негизинде бириккен адамдардын белгилүү максатта уюшулган жамааты.*

***г)*** *– массалык мамлекет бийлиги, анын органдары, калктын ушул органдарды калыптандырууда катышуу даражасы түшүнүлөт.*

***д)*** *– мамлекет иш-аракетинин негизги багыты болуп, аларда мамлекеттин социалдык жактарын ишке ашырат.*

***е)*** *– мыйзамга ылайыктуу түрдө өз системасына, социалдык турмуштун белгилүү тармагын башкаруу боюнча анык белгиленген ыйгарым укуктарга ээ мамлекеттик орган же уюм.*

***ж)*** *– коомду башкаруу жана эл кызыкчылыктарын коргоону ишке ашыра турган мамлекеттик органдардын бирдиктүү системасы.*

***з)*** *– бийликке ээ, өз аймагындагы адамдардын кызыкчылыктарын коргой турган, эл аралык мамилелерди иш жүзүнө ашыра турган көз карандысыз саясий орган.*

http://eduportal.uz

## Бөлүм боюнча үлгүлүү тесттер

**1. «Адам укуктарынын бүткүл дүйнөлүк Декларациясы» качан кабыл алынган?**

а) 1948- жылы 10- декабрда; б) 1946- жылы 10- декабрда;
в) 1991- жылы 18- ноябрда ; г) 1945- жылы 18- ноябрда.

**2. Өзбекстан Республикасы Конституциясынын кириш бөлүмү эмне деп аталат?**

а) Негизги принциптер; б) Киришүү; в) I бөлүм; г) II бөлүм.

**3. Мамлекеттик бийликти жүзөгө ашыруу усулдары жана методдору түзүлүшүнүн юридикалык аталышын көрсөткүлө.**

а) Мамлекеттин башкаруу формасы; б) Мамлекеттин функциясы;
в) Мамлекеттин түзүлүш формасы; г) Саясий тартип.

**4. “Суверенитет” сөзү кандай маанини билдирет?**

а) Мамлекеттин өзүнүн ички турмушунда башка мамлекеттерден эркиндиги;
б) Мамлекеттин өзүнүн ички турмушунда жана тышкы мамилелеринде эркиндиги;
в) Мамлекеттин өзүнүн ички турмушунда жана башка мамлекеттер менен мамилелериндеги көз карандылыгы;
г) Мамлекеттин башка мамлекет курамында экендиги.

**5. Өзбекстан Республикасынын эгемендүүлүгү качан жарыя кылынган?**

а) 1990- жылы 20- июнда; б) 1991- жылы 31- августта;
в) 1992- жылы 10- декабрда; г) 1992- жылы 8- декабрда.

**6. “Демократия” сөзү кандай маанини билдирет?**

а) Элдик бийлик; б) Президенттик башкаруу;
в) Жеке бийлик; г) Эгемендүүлүк.

**7. Конституцияда белгиленгендей Өзбекстан – бул ...**

а) суверендүү демократиялык республика;
б) эгемендүү демократиялык республика;
в) эгемендүү элдик-демократиялык республика;
г) суверендүү, эгемендүү демократиялык республика.

**8. Башкаруу формасына көрө мамлекеттердин кандай түрлөрү бар?**

а) Монархия, Унитар; б) Республика, Федерация;
в) Монархия, Республика; г) Федерация, Конфедерация.



http://eduportal.uz

*«Эл мамлекет органдарына эмес, мамлекет органдары элге кызмат кылуусу керек» деген принцип бардык муундагы жетекчилер иш-аракетинде негизги эрежеге айлануусу керек.*

***Шавкат Мирзиёев***

# II БӨЛҮМ

# ЖАРАНДЫК КООМ ЖАНА УКУКТУК МАМЛЕКЕТ











***Жарандык коому***
***Укуктук мамлекет***

9- тема

# Жарандык коому

Абу Наср Фарабий өзүнүн “Акылман адамдар шаары” чыгармасында“Тахлису навомиси Афлотун” (“Платон мыйзамдарынын мазмуну”) аттуу чыгармага негизделип мындай дейт: “Платондун айтышынча, эң кыйын иш – мыйзамды жаратуу, ал эми мыйзамга ишеничсиздик менен кароо, мыйзам үстүнөн даттануу эң оңой иш. Эл мыйзамдарга муктаждык сезиши жана аларды үйрөнүшү керек, анткени алар кийинчерээк элдин өзүнө пайда келтирет”.

Адилеттүү коомдун негизги жолдорун Фарабий төмөнкүчө баяндайт:

- Акылман (12 касиетти өзүндө чагылдырган) мамлекет жетекчиси жана мамлекет мүчөлөрүнүн болушу;
- Мыйзам, эрежелердин бар экендиги жана аларга мамлекеттин жетекчилери, бардык калктын баш ийиши;
- Илим-билимдин өнүгүшү;
- Жакшы ахлак жана кулктун адамдарда калыптанышы;
- Мамлекет согуш жана баскынчылыктарга каршы болушу, өлкөдө тынчтык, туруктуулуктун орнотулушу.

## Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. *«Акылман адамдар шаары» чыгармасында Абу Наср Фарабий адилеттүү коомдун негизги белгилери азыркы заман коомунда бар болсо, андай коомдо жашаган жарандарды бактылуу жарандар деп атоого мүмкүн болобу?*
2. *«Жарандык коом» түшүнүгүн көп жолу укканбыз. Мына ошол түшүнүк эмнени билдирүүсү жөнүндө ойлоп көргөнсүңөрбү. Ойлоп көргөн болсоңор ошол түшүнүктүн мазмуну жөнүндө өз пикириңерди билдиргиле.*
3. *«Жарандык коом ар кандай коом мүчөлөрүнүн тилеги» деген пикир дайыма айтылат. Мына ошол пикирдин чындыгын Абу Наср Фарабийдин жогорудагы чыгармасында келтирилген үзүндүлөрдөн пайдаланып, далилдөөгө аракет жасагыла.*



http://eduportal.uz

Жаран жана жарандык жөнүндөгү түшүнүктөр пайда болгон доордон баштап жарандардын жалпы бирикмеси катарында коом түшүнүгү пайда болду. Бул түшүнүк баштап Чыгышта, ошондой эле байыркы Вавилондо “Хаммурапи ” мыйзамдары, байыркы Туранда “Авесто” саясий жана укуктук-ахлактык теория менен байланыштуу, башкача айтканда зорастризм доорунда, кийинчээрек байыркы Эллада жана Римде пайда болгон.

Жарандык коомду элестетүүнү жеңилдетүү үчүн анын негизги белгилерин санап өтүү максатка ылайык. Жарандык коомдун негизги белгилери төмөнкүлөрдөн турат:

– ар түрдүү мүлкчүлүк формаларынын бардыгы;
– бардык мүлкчүлүк формаларына коюлган бирдей талап же мүлкчүлүк формаларынын теңдиги;
– эркин эмгектенүү жана кесип тандоо мүмкүнчүлүгү;
– ишкердүүлүккө кең жол ачылгандыгы;
– саясий эркиндиктердин туруктуулугу;
– пикирлер түрдүүлүгү жана кабар эркиндигинин туруктуулугу;
– адам укук жана эркиндиктеринин кепилдengendиги;
– өзүн-өзү башкаруу органдарынын өнүккөндүгү;
– адилетүү укуктук бийликтин туруктуулугу;
– мыйзам менен камсыздалгандыгы.

***Жарандык коом** – жеткилең жарандардан, башкача айтканда өз ара байланыштуулукта болгон ошондой эле адеп-ахлактык маданиятка таянган укуктук жана саясий маданиятка ээ болгон адамдардан турган коом.*

Жарандык коом жеткилең жарандардын, мындайча айтканда өз ара байланышта болгон, ошондой эле, адеп-ахлактык маданиятка таянган укуктук жана саясий маданиятка ээ болгон адамдардан турган коом. Жарандык коом бир гана мамлекеттин күчү менен эмес, анын мүчөлөрү болгон жарандардын өздөрү аркылуу гана сактап турулат жана туруктуу түзүлөт. Мындай коом өзүн-өзү жогорку деңгээлде түзүшү менен айырмаланып турат. Жарандык коомуна мамлекет коомдун көзөмөлүндө болушу керек, себеби мамлекет жарандык коомунун "жалданма кызматкери" болуп саналат. Мындай коом өзүнүн саясий маданий турмушун гана эмес, балким экономикалык, социалдык турмушун да өзү башкарып турат.

Бардык коомдор да жарандык коом эмес. Жарандык коомду жогорку деңгээлдеги социалдык өнүгүүнүн белгиси десек туура болот.

Жарандык коомду толугу менен элестетүү үчүн анын белгилерин билүү чоң мааниге ээ. Жарандык коомдун белгилери экономикалык,

http://eduportal.uz

социалдык, саясий жана руханий багыттарда таасын көрүнөт.

**Жарандык коомдун белгилери төмөнкүлөрдөн турат:**

**Экономикалык багытта:** мамлекеттик эмес коммерциялык эмес мекемелердин, кооперативдердин, акционердик компаниялардын, корпорациялардын, фирмалардын туруктуулугу жана алардын ийгиликтүү иш-аракет көрсөтүүлөрү үчүн шарттардын түзүлгөндүгү.

**Социалдык-саясий багытта:** жарандар, үй-бүлөлөр, саясий партиялар, коомдук мекемелер, социалдык кыймылдар, өзүн-өзү башкаруу органдары, мамлекеттик эмес массалык маалымат каражаттары, социалдык карама-каршылыктарды мыйзам айланасында чечүү мүмкүнчүлүктөрү, элдик пикирди үйрөнүү, калыптандыруу, баяндоо үчүн шарттардын туруктуулугу.

**Руханият багытында:** сөз жана пикир эркиндиги, ыйман эркиндиги,чыгармачыл уюмдардын эркиндиги, илимий уюмдардын эркиндиги, руханий кооптордон сактануунун камсыздалгандыгы.

Азыркы заманда жарандык коом шартында эл турмушу укукка негизделген турмуш болууга тийиш. Себеби жарандык коомдо укук жогору даражада өнүккөн болушу керек. Ошондуктан жарандык коомдо адам башка адам менен же мамлекет менен өз ара мамилелерди укуктук майданда максатка ашырылуусу талап кылынат.

Жарандык коому, мамлекеттин зулумусуз, мыйзам тегерегинде пайда болгон үзгүлтүксүз кишилик коомунун ыктыярдуу өзүн-өзү башкаруусу деп түшүнүлөт. Дал ушул жарандык коомун өнүктүрүү республикабызда жүзөгө ашырылып жаткан реформалардын башкы максаты болот.

Өзбекстанда жарандык коомунун төмөнкү белгилери бар:

1. Саясий партиялар жана социалдык-саясий кыймылдар. 2. Коомдук түзүлмөлөр. 3. Мамлекеттик эмес коммерциялык эмес уюмдар. 4. Билим берүү мекемелери. 5. Диний уюмдар. 6. Улуттук-маданий борборлор. 7. Жамааттык пикирлерди үйрөнүүчү уюмдар. 8. Үй-бүлө жана анын кызыкчылыктарын коргоочу атайын уюмдар. 9.Жарандардын өзүн-өзү башкаруу органдары. 10. Массалык маалымат каражаттары. 11. Демократиялык шайлоо системасы.

Бүгүнкү күнгө келип мамлекетибизде жарандык институттарынын ролу жана маанисин күчөйтүүгө, жарандардын эң зарыл социалдык-экономикалык көйгөйлөрүн чечүүгө каратылган мыйзам документтери

http://eduportal.uz

кабыл алынганы жана аткарылып жатканы, миңдеп **мамлекеттик эмес коммерциялык эмес уюмдардын** иш алып баратканы, анын ичинде саясий партиялар, профсоюз уюмдары, Өзбекстан аялдар комитети, “Soglom avlod uchun”, “Nuroniy”фонддору, “Ijod” фонду, Өзбекстан жаштар союзунун иш-аракети мамлекетибизде жарандык коому өнүгүп жаткандыгынын чыныгы далили. 2018-жыл 1-июль абалына көрө, мамлекетибизде юстиция министрлигинин каттоодон өткөн жарандык коому институттарынын саны 9.478 ди түздү.

Өзбекстанда жаштардын өзүн-өзү башкаруу түзүмдөрү бар болуп, мында маале өзгөчө мааниге ээ. Жашоо жериндеги улуттук өзүн-өзү башкаруунун өзүнө тийиштүү модели болгон маале, элибиздин кылымдык салты менен үрп-адаттарына таянып, зарыл уюмдук экономикалык жана тарбиялык функцияларды аткарат.

Мамлекетибизде иш алып бараткан **адам укуктары** боюнча уюмдар да жарандык коому институттарына мисал боло алат. Алар төмөнкүлөр: Омбудсман; Адам укуктары боюнча улуттук борбор; “Ijtimoiy fikr” жамааттык борбору жана башкалар.

Президентибиз Шавкат Мирзиёевдин “Мамлекетти демократиялык жаңылоо жараянында коомдук институттарынын ролун түптөн жогорулатуу чаралары тууралуу” указы негизинде Өзбекстан Республикасы алдындагы Жарандык коомун өнүктүрүү боюнча кеңешинин түзүлүшү “үчүнчү сектор” деп наам алган жарандык коому институттарын колдоп-кубаттоого жана мамлекетибизде жарандык коому өнүгүүсүн жаңы баскычка алып чыгууга зарыл кадам болду.

Соңку жылдарда жарандык коому институттарын түзүү жана өнүктүрүүгө багытталган көптөгөн **мыйзамдуулук документтери** кабыл алынды. Бул мыйзамдуулук документтеринин кабыл алынышы:

– жарандык коому институттарын түзүү жана өнүктүрүү;

– алардын эгемендүүлүгүн жана толук кандуу иш-аракет көрсөтүлүшү үчүн мыйзамчылык шартын түзүү; алардын материалдык-техникалык камсыз болуусун жолго коюу;

– алардын социалдык иш-аракетин күчөйтүү;

– алардын мамлекет жана акимчилик системаларынын иш-аракети үстүнөн тааасирдүү күзөттү жүзөгө ашыруудагы ролун күчөйтүүгө кызмат кылат.

Укуктун актуалдуулугу Өзбекстанда жарандык коомду өнүктүрүүнүн зарыл элементи болот.

Толеранттык жана кызматташтыкта иш алып баруу өзбек элинин менталитетине мүнөздүү. Үмүттөнүү мүмкүн болуп, Өзбекстанда жарандык коомун өнүктүрүүгө дал ушул белгилер жетекчилик кылат.

Өзбекстанда жарандык коомун өнүгүүсүн төмөнкүдөй негизги багыттарда жүзөгө ашыруу максатка ылайыктуу:

1) Мүлктү мамлекет карамагынан чыгаруу;

2) Көп партиялуулук системасын өнүктүрүү;

3) Өндүрүштү жогорулатуу;

4) Ылайыктуу социалдык программаларды иштеп чыгуу.

Өзбекстанда жаштар жарандык коомунун социалдык негизинин өзөгүн уюштуруу керек.

Жарандык коому шартында мамлекет жана личность укуктун тең субьекттери катары иш-аракет жүргүзүшөт. Бул болсо, өз кезегинде укуктук демократиялык мамлекет шартында гана пайда болуусу мүмкүн болгон абал болот.

Мындан тыянак кылуу мүмкүн, жарандык коомунда мамлекет тарабынан үзгүлтүксүз кепилдик тизими уюштурулушу керек. Акыркы убакта Өзбекстан Республикасында кабыл алынган мыйзам, указ жана чечимдер системасы ушундай системаларга мисал боло алат.

***Даанышмандар казынасынан!***

«Адилеттүүлүк» – чыныгы жакшылыктын, дүйнөдө бактылуулуктун башаты. (*Абу Ибн Абу Талиб*)

## Бышыктоо жана кайталоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Жарандык коомуна кандай мүнөздөмө берүү мүмкүн?
2. Жарандык коому кандай белгилери менен ажыралып турат?
3. Жарандык коомунун белгилерин санап бергиле?
4. Жарандык коомунун шартында мамлекеттин ролу кандай болот?
5. Өзбекстанда жарандык коомунун кандай белгилери бар?
6. Өзбекстанда жарандык коомунун кандай институттары бар?
7. Өзбекстанда жарандык коомун өнүктүрүүдө кандай чаралар жүзөгө ашырылууда?

*10- тема*

# Укуктук мамлекет

Төмөнкү үч түрдүү мамлекет аныктамасын окугула жана берилген тапшырмаларды аткаргыла.

1-мамлекетте: Бирдиктүү саясий жана экономикалык система бар. Бул мамлекетте башкаруу борбордон берилүүчү жана аткарылышы шарт болгон указ, жана буйрук, пландар негизинде ишке ашырылат. Бул документтерде экономикалык жана социалдык тармактарда бардык жарандар жана мекемелердин кандай иш-аракеттер алып барышы керектиги так белгилеп коюлган. Көрсөтмөлөрдү бузгандыгы үчүн кандай жаза чаралары көрүлүшү да анык көрсөтүлгөн.

2-мамлекетте: Өнүгүү программа пландары эл тарабынан шайланган парламентте көрүп чыгылат жана бекитилет. Указ жана буйруктар менен бирге ошол парламент тарабынан кабыл алынган мыйзамдар да бар. Бирок бул мыйзамдардын аткарылышы үстүнөн элдик көзөмөл орнотулбаган.

3-мамлекетте: Мамлекеттик бийлик үчкө бөлүнөт:
1) мыйзам чыгаруучу;
2) аткаруучу бийлик;
3) сот бийлиги.

Мамлекет өз иш-аракети адам жана коомдун жыргалчылыгын көздөп, социалдык адилет жана мыйзамдуулук принциптеринин негизинде ишке ашырат.

**Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар.**

1. *Силер үч мамлекеттин жалпы жактарын көрсөтө аласыңарбы? Өзгөчөлүктөрүнчү? Бөлүп жазгыла.*
2. *Бул мамлекеттердеги бийликтин пайдалуу жана адилеттүү иш-аракет көрсөтүшү үчүн кандай негиздер бар деп ойлойсуңар?*
3. *Силер жашоо үчүн кайсы мамлекетти тандайт элеңер? Эмне үчүн?*

http://eduportal.uz

4. *Укуктук мамлекет деген терминдин мааниси тууралуу сүйлөп бергиле?*
5. *Силердин укуктарыңарды айланадагылар коргобостуктары үчүн силер эмнелерге ээ болушубуз керек деп ойлойсуңар?*
6. *Шайлоолор жөнүндө чоңдордон уккансыңар. Айткылачы, эмне үчүн шайлоого чоң көңүл бурулат жана чоңдор бирөө аргасыз кылбаса да өз эрки менен барышат?*

Дүйнөдөгү мамлекеттер бири-биринен өтө көп жактары менен айырмаланат. Бул айырмачылыктар менен бир катарда алардын окшош жактары да көп. Ушул окшош жактары, башкача айтканда жалпы өзгөчөлүктөрүнө негизделип мамлекеттерди мүнөздөөгө болот.

Мамлекетти анын укукка болгон мамилесине карай төмөнкүдөй түрлөргө ажыратууга болот.

1. Этатикалык;
2. Укуктук мамлекет.

**Этатикалык мамлекетте:**

1) Мыйзамдын ордун көбүнчө милдеттүү буйрук жана токтомдор басат;

2) Мамлекет өз жарандарынын саясий биримдигин жана органдардын эркиндиктерин катуу чектеп коёт;

3) Мамлекет экономикалык-социалдык мамилелерди жана жарандардын жеке турмушун да өз башкаруу таасирине алууга умтулат;

4) Мамлекеттик органдар жана кызмат адамдарына керегинен ашык ыйгарым укук берилет.

Этатикалык мамлекетке мисал катары Куба, мурдагы Советтер Союзун келтирсек болот. Ошондой эле бардык тоталитардык жана авторитардык мамлекеттер да буга мисал боло алат.

**Укуктук мамлекетте** мамлекет башкаруусу укуктун үстөмдүгүнө негизделет. Мында мамлекет башкаруусу жарандар жана коомдук мамилелер субъекттеринин укуктары, эркиндик жана кызыкчылыктарын камсыздоону эсепке алган түрдө ишке ашырылат.

***Укуктук мамлекет** – укуктун үстөмдүгү, о,э, сот көз карандысыздыгы камсыздалган, адамдын укук жана эркиндиктери кепилденүүчү, бийликтин ыйгарым укуктарынын бөлүнүү принциби негизинде иштөөчү демократиялык мамлекет.*

http://eduportal.uz

Укуктук мамлекеттин негизги белгилери:

**1. Укуктун үстөмдүгү.**

Мамлекеттеги бардык жеке жактар – жарандар, чет эл жарандары, жарандыгы болбогон жеке адамдар, кызмат адамдары бардыгы мыйзам талаптарына баш иет. Мында, Конституция укуктук нормалар тизиминде жогору юридикалык күчкө ээ болот.

**2. Адамдын укуктары жана эркиндиктеринин камсыздалышы, корголушу.**

Адам, анын турмушу, бедели, кадыр-баркы укук жана эркиндиктери, ошондой эле кызыкчылыктары жогорку баалуулук экендиги.

**3. Мамлекет жана жарандын бири-биринин алдындагы өз ара жоопкерчилиги.**

**4. Бийликтин мыйзамдуулугу.**

Бийлик демократиялык шайлоолор жолу менен калыптандырылат. Мамлекеттик бийлик мамлекеттин ичинде жана эл аралык деңгээлде таанылат

**5. Бийликтин ыйгарым укуктарынын бөлүштүрүлүшү.**

Мамлекеттик бийлик: мыйзам чыгаруучу, аткаруучу жана сот бийлигине бөлүнөт. Мамлекеттик бийликтин ыйгарым укуктары мына ушул үч бийлик ортосунда бөлүштүрүлөт.

**6. Соттун көз карандысыздыгы.**

Соттун ишмердигине эч ким аралаша албайт; Соттор жалгыз гана мыйзамдын талаптарына баш иет.

**7. Укук коргоо механизминин өндүрүмдүү иштеши.**

Алар адамдын укуктук эркиндиктерин керектүү даражада коргоосу зарыл.

**8. Жогору деңгээлдеги укуктук маданият.**

Бул колдонуудагы мыйзамдарды билүү, аларды урматтоо жана аларга баш ийүүдө көрүнөт.

**9. Демократиянын өнүккөндүгү жана өркүндөшү.**

Эл мамлекет башкаруусунда катышат, саясий укуктар жана эркиндиктери кепилденет.

Жыйынтыктап айтсак:

– укуктун бардык субьекттери, ошону менен бирге мамлекеттик органдар, бийлик адамдары жана жөнөкөй жарандардын мыйзамдарга бекем баш ийиши;

– жаран жана мамлекеттин мыйзамдар чегинде бири-биринин алдында жоопкерлиги;

– саясий, идеологиялык жана экономикалык көп пикирдүүлүк мамлекет тарабынан мыйзамдаштырылгандыгы жана кепилденгендиги;



http://eduportal.uz

– жарандардын укук жана эркиндиктеринин камсыздалгандыгы мамлекеттин бул жагдайдагы артыкчылыктары.

Мына ошондуктан дүйнөнүн эң алдыңкы мамлекеттеринде укуктук мамлекет куруу милдети олуттуу маселе кылып коюлган.

Мамлекеттин үчүнчү аралык түрү ошол эки мамлекеттин өзгөчөлүктөрүн өзүндө туюнтат. Бул мамлекеттер өз өзгөчөлүгү, табияты жана багыты боюнча этатикалык, укуктук мамлекеттерге жакын турушса да, айрым жактары менен айырмаланышат.




Өзбекстан Республикасынын жарандары коом жана мамлекет иштерин башкарууга түздөн түз жана өз өкүлдөрү аркылуу катышуу укугуна ээ. Мындай катышуу өзүн-өзү башкаруу, референдумдар өткөрүү жана мамлекеттик органдарды демократиялык түрдө уюштуруу, ошону менен бирге мамлекеттик органдардын иш-аракети үстүнөн коомчулук көзөмөлүн өнүктүрүү жана бекемдөө жолу менен жүзөгө ашырылат.

*32- статья.*

1. *Конституциянын жогорудагы статьясы мамлекеттин кандай түрүнө кирет деп ойлойсуңар?*
2. *Ушул статьянын биринчи жана экинчи бөлүктөрү укуктук мамлекеттин кайсы белгилерине ылайыктуу келет?*

*Биздин иш-аракетибиз эң зарыл конституциялык эрежеге – социалдык адилет принциптеринин камсыздалышына каратылуусу шарт.*

*Коомдо социалдык адилет камсыздалышындагы негизги жумушубуз – бул адилеттүү мыйзамдар кабыл алуудан турат.*

*Шавкат Мирзиёев*

*1. Президентибиздин келтирилген пикиринде укуктук мамлекеттин негизги белгилеринен кай бирлери өз тастыгын тапкан?*

*2. Укуктук мамлекет шартында социалдык адилеттин мааниси тууралуу өз оюңарды билдиргиле.*

*3. Чөйрөдөгү турмуштан Президентибиздин төмөндөгү сөздөрүн тастыктоочу мисалдар келтиргиле.*

http://eduportal.uz

## Бөлүм боюнча жалпы кайталоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Укукка карата мамилесине жараша мамлекетти кандай түрлөргө ажыратууга болот?
2. Этатикалык мамлекет кандай мамлекет экендигин сүрөттөп бергиле?
3. Кандай мамлекетке укуктук мамлекет терминин колдонууга болот?
4. Укуктук мамлекеттин негизги белгилерин санап бергиле.
5. Мамлекеттин аралык түрүнө кирген мамлекеттердин кандай өзүнө мүнөздүү жактары бар?
6. "Жарандык коом" термини "коом" термининен кандай айырмасы бар?
7. Абу Наср Фарабий "Акылман адамдар шаары" чыгармасында адилеттүү коомду кандай сүрөттөйт? Ушул мүнөздөөнү жарандык коомунун белгилери менен салыштыргыла. Пикириңерди билдиргиле.
8. Өзбекстан Республикасында жарандык коомунун кандай элементтери калыптанып баруууда?
9. Өзбекстанда жарандык коомунун калыптанышынын кандай өзүнө мүнөздүү жактары бар?

**Терминдерге таандык түшүндүрмөлөрдү белгилегиле.**

***1. Укуктук мамлекет***

***2. Этатикалык мамлекет***

***3. Мамлекеттин аралык түрү***

***4. Жарандык коом***

***а)** – мамлекет башкаруусу буйрук жана токтомдорго негизделет, жарандардын жана уюмдардын эркиндиктери чектелген мамлекет болот.*

***б)** – укуктун үстөмдүгү камсыздалган, адамдардын укуктары жана эркиндиктери кепилденген, бийликтин ыйгарым укуктары бөлүштүрүлгөн демократиялык мамлекет саналат.*

***в)** – Укуктук мамлекеттин да, этатикалык мамлеттин да белгилерин белгилүү даражада өзүндө камтыйт.*

***г)** – жеткилең жарандардан, б.а. байланыштуулук болгон, ошондой эле, саясий, адептик, укуктук жана саясий маданиятка ээ адамдардан турган коом.*

## Бөлүм боюнча үлгүлүү тесттер

**1. Саясий партияларды түзүү жана алардын ишине катышуу жарандардын кандай укугу болуп саналат?**

а) Экономикалык укуктары; б) Социалдык укуктары;
в) Саясий укуктары; г) Жеке укуктары.

**2. Өзбекстан Республикасынын «Саясий партиялар жөнүндөгү» мыйзамы качан кабыл алынган?**

а) 1991- жылы 1-ноябрда;
б) 1994- жылы 18- февралда;
в) 1997- жылы 26-декабрда;
г) 1996- жылы 26-декабрда.

**3. Мамлекетте эмгектенип жаткан калктын укуктарын мамлекеттик органдар менен бир катарда коргоочу эң белгилүү жамаат бирикмеси эмне деп аталат?**

а) Саясий партия; б) Чыгармачылык уюм;
в) Профсоюздук уюму; г) Ветерандар мекемеси.

**4. Мамлекеттин укукка болгон мамилесине карай төмөндөгү түрлөрү бар:**

а) Этатикалык, мыйзамдуу жана укуктук;
б) Укуктук, жарандык жана этатикалык;
в) Этатикалык, укутук жана аралык;
г) Жарандык, этатикалык жана аралык.

**5. Мамлекеттин кийлигишүүсүз, мыйзам чегинде пайда болгон кандайдыр адамдардын биргеликтеги коомунун өз алдынча өзүн-өзү башкаруусу ... и түшүндүрөт?**

а) укуктук мамлекет; б) коом;
в) жарандык коом; г) эркин мамлекет.

**6. Укуктук мамлекетте мамлекет башкаруусу ... негизделет.**

а) орнотулган мыйзамдарга; б) парламент көзөмөлүнө;
в) аткаруу бийлигинин чечимдерине; г) укуктун үстөмдүгүндө.

**7. Негизги мыйзам эмне?**

а) Конституция; б) Президент указдары;
в) Өкмөт чечими; г) Олий Мажлис мыйзамы.

*Биздин максатыбыз – эл бийлигин сөздө эмес, иш жүзүндө камсыз этүүдөн турат. Бул – биз жашап жаткан бүгүнкү татаал доордун негизиги талабы болот.*

***Шавкат Мирзиёев***

# III БӨЛҮМ

# ӨЗБЕКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫНДА МАМЛЕКЕТТИ БАШКАРУУНУН ТҮЗҮЛҮШҮ









***Өзбекстан Республикасында мамлекетти башкаруу***
***Өзбекстан Республикасынын Президенти***
***Өзбекстан Республикасында мамлекеттик мыйзам чыгаруучу орган***
***Өзбекстан Республикасынын аткаруучу бийлик органдары***
***Өзбекстан Республикасынын сот системасы***

http://eduportal.uz

**11- тема**

# Өзбекстан Республикасында мамлекеттик башкаруу




## Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. *1-3-сүрөттөгү мамлекеттик органдар кандай иш-аракет менен алектенет деп ойлойсуңар?*
2. *Бул мекемелер кимдин таламдарын көздөп иш алып барат?*
3. *Өзбекстан Республикасы Президентинин Эл кабылдамалары жана Виртуал кабылканасы тууралуу эмнелерди уккансыңар?*
4. *Жаран социалдык же укуктук көйгөйгө туш келгенде биринчи кезекте кайсы мекемеге кайрылуусу керек? Мындай көйгөйлөргө мисалдар келтиргиле жана ар бир жеке түрдө жаран кайсыл мекемеге кайрылуусу керектигин анализдегиле.*
5. *Жарандардын проблемаларын чечүү менен алектенген дагы кандай мамлекеттик органдарды билесиңер?*
6. *Эгер мына ушундай мекемелер болбогондо жарандар жана уюмдар кандай кыйынчылыктарга дуушар болор эле?*

Өзбекстан Республикасында "Эл – бийликтин жападан-жалгыз булагы" экендиги анын конституциясында белгилеп коюлган. Ушул мамлекеттик-укуктук иш-аракеттин мазмуну конституциялык принцибине негизделген. Мамлекеттик бийликтин элдин кызыкчылыктарын көздөп өз иш-аракетин жолго коюшу конституцияда баса белгиленген, мамлекет бийлигине коюлган башкы милдет болуп саналат.

Мамлекеттик бийликтин иш-аракети элдик бийликти ишке ашыруунун негизги түрлөрүнөн бири болуп саналат. Бул иш-аракет оболу, конституция жана мыйзамдар менен белгиленген тартипте мамлекеттин Конституцияда белгиленген органдары жана кызмат адамдары тарабынан ишке ашырылат. Алар да өз кезегинде мезгил-мезгили менен өткөрүлө турган шайлоолор аркылуу курамдык жактан калыптанып же алмашылып турат.

Өзбекстан суверенитетинин укуктук негизи – негизги мыйзамы **Өзбекстан Республикасыныи Конституциясы** болуп, бул документ Өзбекстан Республикасы Олий Мажлисинин он экинчи чакырык XI сессиясында, 1992-жылдын 8-декабрында кабыл алынган.

Өзбекстан Республикасынын Конституциясы адам укуктары жана эркиндиктерине тиешелүү эл аралык документтер, анын ичинен, "Адам укутарынын бүткүл дүйнөлүк декларациясы" өнүккөн мамлекеттерде бар болгон демократиялык принциптер жана баалуулук, мекенибиз тарыхындагы бир канча миң жылдык улуттук жана чыгыштык мамлекетти башкаруу традицияларын өзүндө камтыйт.

Мамлекетибиздин Конституциясы суверендүү Өзбекстан Республикасынын социалдык турмушунун маанилүү жактарын конституциялык жактан тартипке салуунун жалпы принциптерин бекемдеди, мамлекеттик башкаруунун мааани-маңызын белгилеп берди.

Конституцияда көздө тутулбаган тартипте мамлекеттик бийликтин ыйгарым укуктарын өздөштүрүү, бийлик жүргүзүүчү органдардын иш-аракетин токтотуп коюу же түгөтүү, бийликтин жаңы курамдарын түзүү Конституцияга каршы эсептелинет жана мыйзам боюнча жоопкерчиликке тартууга негиз болот.

Өзбекстан элинин атынан ал гана шайлаган республиканын Олий Мажлиси жана Президенти иш алып барышы мүмкүн.

Мамлекет өз ишин адам жана коомдун жыргалчылыгын көздөп, коомдук адилет жана мыйзамдуулук принциптеринин негизинде ишке

ашырат.


Конституция конституциялык режимдин негизги шарттарынан бири болгон элдик бийликти чындап берет.

Конституцияда Өзбекстандын мамлекеттик бийлигинин жогорку органдарынын түзүлүшү, бийликтин бөлүнүү принциби негиздеп берилген.




**Өзбекстан Республикасы мамлекеттик бийлигинин системасы бийликтин мыйзам чыгаруучу, аткаруучу жана сот бийлигине бөлүнүү принцибине негизделет.**

*11- статья.*




Бийликтин ыйгарым укуктарын бөлүштүрүү принциби – укуктук мамлекеттин эң манилүү белгилеринен болуп саналат. Бул принцип бардык өнүккөн демократиялык мамлекеттерде аракеттеги негизги конституциялык эрежелердин бири. Бул ар түрдүү мамлекеттерддин конституцияларында жөн эле белгилеп коюлган жөнөкөй демократиялык эреже эмес, балким бийликтин бир органда топтолуусунун алдын алууга каратылган конституциялык эреже болуп эсептелет. Себеби көп кылымдык мамлекетчилик өнүгүүсүндө тажрыйбалар көрсөткөндөй, бийлик бир органда топтолгондо оор кемчиликтерге себеп болот.

Бийликтин бөлүнүүсүндө конституциялык принцип колдонулуп, мамлекетти башкаруу реформасы ишке ашып, мамлекетибизде төмөнкү эрежелер аткарылууда:

1. Мамлекетибизде бийликтин мыйзам чыгаруучу, аткаруучу жана сот тармактары өз ара жеке мамлекет механизми катары өз ара байланыш (аракет көрсөтүүсү менен биргеликте, алар өзүнчө эркин);

2. Мыйзам чыгаруучу, аткаруучу жана сот функцияларын

аткаруучу Республика масштабындагы мамлекет органдарынын ортосундагы бийлик ыйгарымдуулугунун үзгүлтүксүз теңдиги бар. Мына ушул тең салмактуулукту сактоо үчүн укуктук реформалар ишке ашып турат.




**Өзбекстан Республикасында сот бийлиги мыйзам чыгаруучу жана аткаруучу бийликтерден, саясий партиялардан жана башка жамааттык бирикмелерден көз карандысыз түрдө иш жүргүзөт.**

*106- статья.*




**Өзбекстан Республикасынын Министрлер Кабинети аткаруучу бийликти ишке ашырат. Министрлер Кабинети өз ишмердигинде Өзбекстан Республикасынын Президенти жана Өзбекстан Республикасынын Олий Мажлиси алдында жоопкер саналат...** *98- статья.*

Мамлекет башкаруунун жогорку Республикалык масштабдагы органдары өздөрүнүн төмөнкү – жергиликтүү органдары менен биргеликте иш алып барат. Мамлекетти башкаруунун жергиликтүү органдары иш-аракетинин зарылдыгы, биринчиден, алардын жарандар, жарандардын өзүн-өзү башкаруу органдары жана мекемелер менен чогуу иштешет. Ошондуктан да мамлекетти башкаруунун жергиликтүү органдарынын иш-аракетине мамлекетибизде өзгөчө көңүл бурулууда.

Конституциябыздын дагы бир демократиялык жагы, коом жана мамлекет турмушунун эң орчундуу маселелери элдик талкууга, жалпы добушка (референдумга) коюлгандыгында.

Өзбекстан Республикасы Конституциясы жана иш жүзүндөгү мыйзамдарда мамлекет менен жарандардын ортосундагы адаттагы саясий-укуктук байланыш белгилеп коюлган.

Соңку жылдарда мамлекетибизде мамлекетти башкарууда болуп көрбөгөн реформалар ишке ашырылып жатат. Өлкөнүн турмушуна байланыштуу ар бир токтом эл менен талкуу кылынгандан соң кабылданууда. Мында талкуулар түздөн-түз пикир алмашуулар менен өткөнү көңүл толорлук.

Өлкөбүз мамлекетти башкарууда ушундай практика жолго коюлган болуп, мамлекет кызматкерлери, биринчи жетекчиден тартып, өз кабинеттеринде олтурбастан, жерлерге барып, элдин эң оор

http://eduportal.uz

жана зарыл көйгөйлөрүн практикалык чечилүүсү менен алектенүүдө.

Мамлекетибиз эл менен талкууланып, анын турмуштук көйгөйлөрүн чечүү боюнча эң бир жаңы түзүлмө жаратып, бул түзүлмө мамлекет башкаруунун зарыл мууну саналат. Бул системанын негизи болуп Өзбекстан Республикасы Президентинин Эл кабылдамалары жана Виртуал кабылканасы кызмат кылат.

***Даанышмандар казынасынан!***

Башсыз мамлекет жансыз денеге окшойт. Жансыз дененин абалы караңгылыкка жүз тутат. (*Амир Темур*)

## Чыгармачыл иш-аракет

*Өзүң түзгөн шарттуу мамлекеттин мамлекетти башкаруу системасын бийликтер бөлүнүшү принцибине негизделген түрдө схемалык көрүнүштө сүрөттөгүлө. Мында мамлекетти башкаруунун жогорку органдары менен биргеликте, жергиликтүү органдарын да өз ара байланышын көрсөткүлө. Сенин шарттуу мамлекетиңдин башкаруу системасын классташтарыңдын шарттуу мамлекеттери башкаруу системалары менен салыштыргыла.*

## Бышыктоо жана кайталоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Мамлекетти башкаруу деген эмне?
2. Мамлекетти башкаруунун мамлекет жарандары үчүн кандай мааниси бар?
3. Өзбекстан Республикасы Конституциясында мамлекетти башкаруу жөнүндө эмнелер жазылган?
4. Бийлик бөлүнүшүнүн конституциялык принциби жөнүндө эмнелерди билесиңер?
5. Мамлекетибизде кандай мамлекеттик эрежелерге таянууга болот?
6. Мыйзам чыгаруучу, аткаруучу, сот бийликтерине эмнелер кирет? Аткаруучу бийликчи? Сот бийлигичи?
7. Алардын негизги милдеттерин айтып бергиле.
8. Өзбекстан мамлекеттик бийлик жагынан укуктук мамлекеттин талаптарына жооп береби? Жообуңарды негиздегиле.



http://eduportal.uz


## *12- тема*

# Өзбекстан Республикасы Президенти













## Активдештирүүчү суроо жани тапшырмалар

*1. Мамлекетке жетекчи эмне үчүн керек? Эгере кандайдыр бир мамлекетте мамлекет башчысы таптакыр жок болсо, бул мамлекетте кандай абал болушу мүмкүн? Мындай абалды классташыңар менен талкуулагыла жана “Мамлекет үчүн мамлекет башчысы эмне үчүн керек?” деген суроого жооп берүүгө аракет кылгыла.*

*2. Жогоруда Президентибиздин китептери, сүрөттөрү берилген. Китептердин аталышын кунт коюу окугула. Ушул китептердин аттарынан эле Президентибиздин силер менен бизге, бүт элге, Мекенине болгон мамилеси, ой тилектери умтулууларын сезип алуу кыйын эмес. Айткылачы, Президентибиздин иш-аракеттери боюнча кандай маалыматтарга ээсиңер?*

*3. Президентибиз өз иш-аракетин силер менен биздин көз алдыбызда, ачык-айкын жүзөгө ашырып жатат. Мына ушундан пайдаланып анын иш-аракети өлкөбүз турмушунун кайсы тармактарын камтып алуусун санагыла. Мында, массалык малымат каражаттарынан алган кабарлардан пайдалангыла.*

*4. Силер Президент шайлоосу жөнүндө эмнелерди билесиңер? Билгендериңерди классташтарыңар менен бөлүшкүлө.*

*5. Президент өз иш-аракетин кандай укуктук документтердин негизинде жүргүзөт деп ойлойсуңар?*

Биздин мамлекетибизде **Президент мамлекет башчысы** эсептелет. Президент элибиз тарабынан түздөн-түз шайланганы үчүн мамлекеттин атынан, элдин атынан иш жүргүзүү Президентибиздин ыйгарым укугу эсептелинет.

***Президент** – сөзү латын тилинен алынган болуп, анын сөздүк мааниси "алдында олтуруучу" дегенди билдирет.*

Өзбекстан Республикасы Президенти Өзбекстан Республикасынын жарандары тарабынан жалпы, тең жана түздөн-түз шайлоо укугу негизинде жашыруун добуш берүү жолу менен беш жылга шайланат. Президентти шайлоо тартиби Өзбекстан Респуликасынын мыйзамы менен белгиленет.

Өзбекстан Республикасынын Президенти мамлекеттик бийликтин органдарынын келишилген түрдө иш жүргүзүшүн жана кызматташтыгын камсыздайт. Президент Өзбекстан Республикасынын Олий Мажлиси жыйынында ант ичкен мезгилден баштап өз кызматына киришкен саналат.

Өзбекстан Республикасынын Конституциясына ылайык Өзбекстан Республикасы Президенти кызматына шайланышы мүмкүн болгон жарандарга төмөнкү талаптар коюлган.

- Отуз беш жаштан кичүү болбостугу керек
- Мамлекеттик тилди мыкты билиши зарыл
- Түздөн-түз шайлоого чейин жок дегенде он жыл Өзбекстандын аймагында туруктуу жашап жаткан болушу керек
- Өзбекстан жараны болушу керек




**Президент Өзбекстан Республикасы Олий Мажлиси чогулушунда төмөнкү антты кабыл алган убактан баштап өз иш-аракетине киришкен эсептелинет:**

**«Өзбекстан элине берилгендик менен кызмат кылууга, республиканын Конституциясы менен мыйзамдарына баш ийүүгө, жарандардын укуктары менен эркиндиктерине кепил болууга, Өзбекстан Республикасы Президенти моюндаган жумуштарды чын дилден аткарууга салтанаттуу ант берем».**

*92- статья.*

Президенттин өзү кол тийгис жана мыйзам менен коргоого алынат.

Өзбекстан Республикасынын Президенти Конституция жана мыйзамдарга негизделип, ошондой эле, аларды ишке ашыруу боюнча республиканын бүткүл аймагында милдеттүү күчкө ээ болгон указдар, токтомдор жана буйруктарды чыгарат.

Өзбекстан Республикасы Президентинин иш-аракеттерине:

- мамлекеттин эгемендүүлүгү жана коопсуздугун камсыздоо боюнча чараларды көрөт.
- жарандардын укук жана эркиндиктерин камсыздоо жана Өзбекстан Республикасы мыйзам-ченеминин кепили болот;
- Өзбекстан Республикасы атынан мамлекет ичинде жана эл аралык деңгээлде иш жүргүзөт, договор жана келишимдерге кол коёт жана да алардын аткарылуусун камсыздайт;

http://eduportal.uz

- Премьер-министр кандидатын Олий Мажлиске бекитүү үчүн жиберет, Министрлер Кабинети курамын бекитет;

- Башкы прокурор жана анын орун басарларын ишке коёт жана бошотот;

- Олий Мажлис Сенатына Конституциялык, Жогорку Соттор төрагасы, алардын орунбасарлары, Борбордук банк төрагасы кандидаттарын көрсөтөт;

- Өзбекстан Республикасы жарандыгына кабылдоо жана андан чыгаруу маселелерин чечет;

- Мамлекеттик сыйлыктар жана ардак белгилери менен сыйлайт;

- Өзбекстан Республикасы Президенти, ошону менен бирге, Конституция жана мыйзамдарда белгиленген бир катар зарыл иш-аракеттерди жүзөгө ашырат. Ыйгарым укугунун бүтүшү себептүү отставкага чыккан Президент өмүр бою Сенат мүчөсү кызматын ээлейт.

Президент Өзбекстан Республикасы Куралдуу Күчтөрдүн Жогорку Башкы Командачысы эсептелет. Ал Куралдуу Күчтөрдүн Жогорку командачыларын жумушка дайындайт жана жумуштан бошотот, аскердик чиндерди берет.

Президент зарыл учурларда бүтүндөй мамлекет боюнча же айрым аймактарга өзгөчө кырдаал же согуш абалын берүү укугуна ээ. Мында үч күн ичинде мындай чечим Олий Мажлиске бекитүү үчүн тапшырылат.

Мыйзам чыгаруучу палата же Сенаттын курамында алардын нормалдуу иштөөсүнө коркунуч туудуруучу, чечип болбой турган карама-каршылыктар болгондо же алар бир нече жолу Өзбекстан Республикасынын Конституциясына терс токтомдор кабыл алган учурда, Өзбекстан Республикасы Президентинин Конституциялык соту менен кеңешип кабыл алган токтомунун негизинде Өзбекстан Республикасы Олий Мажлисинин Мыйзам чыгаруучу палатасы, Сенаты таратып жиберилиши мүмкүн.




**Президент өз милдетин аткарып турган убакта иш акы төлөнүүчү кызматтарды ээлеши, ишкердик менен алектениши мүмкүн эмес.**

*91- статъя.*

http://eduportal.uz

***Даанышмандар казынасынан!***

Күч кудуретибизге шегиңер болсо, биз курган имараттарга карагыла. (*Амир Темур*)

## Чыгармачыл иш-аракет

*Өзбекстан Республикасы Конституциясынан пайдаланып, төмөнкү жадыбалды толтургула.*

| *Өзбекстан Республикасы Президентинин ыйгарым укуктары* | *Өзбекстан Республикасы Президенттигине кандай адамдар шайланышы мүмкүн?* |
|---|---|
| | |
| | |
| | |

## Бышыктоо жана кайталоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Өзбекстан Республикасынын Президенти качандан баштап өз иш-аракетин башташы мүмкүн?
2. Өзбекстандын Президенти кызматына кандай жарандар шайланышы мүмкүн?
3. Республикабызда Президенттикке шайлоолор кандай түрдө өткөрүлөт?
4. Өзбекстан Республикасы Президентинин ыйгарым укуктарын санап бергиле.
5. Өзбекстан Республикасынын Президенти тарабынан кандай укуктук документтер чыгарылат?
6. Ыйгарым укугу түгөгөн Президент кандай иш-аракет менен алектенет?
7. Президент Өзбекстан Республикасы Куралдуу Күчтөрүндө кандай статуска ээ?
8. Өзгөчө кырдаалдар болуп калганда Президент кандай мүмкүнчүлүктөрдөн пайдалануусу мүмкүн?
9. Кандай абалдарда жана кай тартипте Олий Мажлистин Мыйзамдуулук палатасы жана Сенатын таркатып жиберүүсү мүмкүн?



http://eduportal.uz

*13- тема*

## Өзбекстан Республикасында мыйзам чыгаруучу орган





### Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. *Парламент, парламентаризм сыяктуу түшүнчөлөрдү көп жолу уккансыңар. Алар жөнүндө билгениңерди баяндоого аракет кылгыла.*
2. *АКШ Конгресси жана Сенаты, Россия Федерациясынын Мамлекеттик Думасы жана Федерациялык Кеңеши сыяктуу терминдердин эмнени билдириши жөнүндө ойлоп көргөнсүңөрбү? Бул терминдер боюнча билгениңерди же оюңарды классташтарыңар менен ой бөлүшкүлө.*
3. *Силердин пикириңер боюнча керектүү мыйзамдарды негизги жумушу мыйзамдар даярдоо болгон профессионал депутаттар жазышы керекпи же негизги иш жайынан бир жылда бир нече жолу мыйзам жазуу үчүн убакыт ажыратып убактынчалык мыйзам таануу менен алектенүүчү депутаттарбы? Жообуңарды негиздегиле.*
4. *Мамлекетибиз Олий Мажлисине эң соңку шайлоолор качан болуп өткөндүгүн эстей аласыңарбы? Анда үй-бүлөңөрдөн кимдер катышкан? Алар кимди депутат кылып шайлашкан?*

Мамлекет жана коом башкаруусунун шайлоо аркылуу демократиялык негизде түзүлүшү, элдин шайлоолор жолу менен өкүлдүк органдары түзүп, аларга өз өкүлдөрүн шайлоо, шайлана турган органдардын иш-аракет багыттарын белгилөө мүмкүнчүлүгүндө жарандык коомунун чыныгы мазмун-маңызы камтылган. Өзбекстан Республикасы Олий Мажлиси — мамлекеттик бийликтин жогорку өкүлдүк органы болуп, мыйзам чыгаруучу бийликти ишке ашырат.

Мыйзам чыгаруучу бийликти ишке ашыруучу Олий Мажлисти эки палаталуу түрдө – Мыйзам чыгаруучу палатасы жана Сенаттан түзүлүшүнөн көздөлгөн башкы максаттар төмөнкүлөр:

– **Олий Мажлистин** иш-аракети жараянында өз ара тыйылып туруу жана кызыкчылыктар тең салмактуулугун калыптандыруу;

– **мыйзам чыгаруу** иштеринин сапатын жакшылоо;

– жалпы мамлекеттик жана аймактык кызыкчылыктардын бирдейлигине жетишүү.



**Өзбекстан Республикасынын Олий Мажлиси жогорку мамлекеттик ыйгарым укуктуу орган болуп, мыйзам чыгаруучу бийликти ишке ашырат.**

**Өзбекстан Республикасынын Олий Мажлиси эки палатадан – Мыйзам чыгаруучу палата (төмөнкү палата) жана Сенаттан (жогорку палата) турат.**

**Өзбекстан Республикасы Олий Мажлисинин Мыйзам чыгаруучу палатасы жана Сенатынын ыйгарым укуктуу мөөнөтү – беш жыл.** *76- статья.*

“Өзбекстан Республикасы Олий Мажлисинин Мыйзам чыгаруучу палатасы жөнүндөгү” конституциялык мыйзамда парламентибиздин Мыйзам чыгаруучу палатасынын, “Өзбекстан Республикасы Олий Мажлисинин Сенаты жөнүндөгү”конституциялык мыйзамда болсо Сенаттын статусу, ыйгарым укугу жана иш-аракетинин механизмдери анык белгилеп берилген.

Бул палаталардын курамы алар алдына коюлган максаттарга ылайыктуу белгиленген.

Мында Сенатта аймактардын кызыкчылыгы эсепке алынып, анын курамы негизинен эл депутаттары жергиликтүү Кеңештери өкүлдөрүнөн түзүлөт. Сенат башка ат менен Парламенттин Жогорку палатасы деп да жүргүзүлөт. Мыйзам чыгаруучу палата өз иш-аракетин үзгүлтүксүз профессионал негизде жүзөгө ашырат жана анын курамы негизинен мыйзам жана башка укуктук документтер жаратуу үчүн керектүү билим, тажрыйбага ээ жогору сапаттагы адистерден түзүлөт. Мыйзам чыгаруучу палата башка ат менен парламенттин төмөнкү палатасы деп да аталат.

Өзбекстан Республикасы Олий Мажлисинин Мыйзам чыгаруучу палатасы менен Сенатынын ыйгарым укуктуу мөөнөтү – беш жыл.

http://eduportal.uz

Мамлекетибиз Конституциясынын 77-статьясына ылайык Өзбекстан Республикасы Олий Мажлисинин Мыйзам чыгаруучу палатасы мыйзамга ылайык шайлана турган бир жүз элүү депутаттан турат. Ошондой эле, Мыйзам чыгаруучу палатанын бир жүз элүү депутатынан бир жүз отуз беши аймактык бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча көп партиялуулуктун негизинде жалпы, тең жана түздөн-түз шайлоо укугунун негизинде жашыруун добуш берүү жолу менен шайланат.

Өзбекстан Республикасы Олий Мажлисинин Сенаты аймактык өкүлдүк палатасы болуп, жүз киши Сенат мүчөлөрүнөн (сенаторлордон) турат.

Өзбекстан Республикасы Олий Мажлисинин Сенат мүчөлөрү Каракалпакстан Республикасы Жокорку Кеңеши, облустар, райондор жана шаарлардын мамлекеттик бийлигинин өкүлдүк органдары депутаттарынын тиешелүү кошмо жыйналыштарында ушул депутаттардын арасынан жашыруун добуш берүү жолу менен Каракалпакстан Республикасы, облустар жана Ташкент шаарынан тең санда – алты адамдан шайланат. Өзбекстан Республикасы Олий Мажлиси Сенатынын он алты мүчөсү илим, искусство, адабият, өндүрүш тармагында, о.э., мамлекет жана коомдук иш-аракетинин башка тармактарында чоң практикалык тажрыйбага ээ болгон жана өзгөчө кызмат көрсөткөн эң абройлуу жарандардын арасынан Өзбекстан Республикасынын Президенти тарабынан дайындалат.

Шайлоо күнү жыйырма беш жашка толгон жана жок дегенде беш жыл Өзбекстан Республикасынын аймагында туруктуу жашап жаткан Өзбекстан Республикасынын жараны Өзбекстан Республикасы Олий Мажлиси Мыйзам чыгаруучу палатасынын депутаты, о.э., Өзбекстан Республикасы Олий Мажлиси Сенатынын мүчөсү болушу мүмкүн.

Бир эле адам бир эле мезгилдин өзүндө Өзбекстан Республикасы Олий Мажлиси Мыйзам чыгаруучу палатасынын депутаты жана Сенаттын мүчөсү болушу мүмкүн эмес.

Өзбекстан Республикасы Олий Мажлиси Мыйзам чыгаруучу палатасы өз мүчөлөрүнүн арасынан Мыйзам чыгаруучу палатанын Спикерин жана анын орун басарын шайлайт. Өзбекстан Республикасы Олий Мажлисинин Сенаты өз курамынан Сенаттын Төр агасын

жана анын орун басарын шайлайт. Сенаттын Төрагасын Өзбекстан Республикасы Президентинин сунушу боюнча шайланат.

Өзбекстан Республикасы Олий Мажлиси Мыйзам чыгаруучу палатасынын депутаты жана Сенатынын мүчөлөрү кол тийгистик укугунан пайдаланышат. Алар Мыйзам чыгаруучу палатанын же Сенаттын ыраазылыгысыз кылмыштык жоопкерчиликке тартылышы, кармап турулушу, камакка алынышы же сот тартибинде бериле турган административдик жаза чараларына тартылышы мүмкүн эмес.

Олий Мажлис ишин уюштуруу формасы – бул сессия болот. Олий Мажлис сессиясынын негизин анын чогулуштары түзөт. Сессия жыйындары аралыгында Олий Мажлис комитеттери, коммисиялары жана башка органдары жыйындар өткөрөт. Олий Мажлис сессиясы бир жылда эки жолудан кем болбогон түрдө чакырылат.

Мыйзамдар Олий Мажлиске мыйзамчылык демилгеси укугуна ээ болгон органдар тарабынан сунушталат. Ошондон кийин Олий Мажлис бул мыйзамдарды көрүп чыгат, өзгөртүүлөрдү киритет жана кабыл алат.




**Мыйзамдуулук боюнча укукка Өзбекстан Республикасы Президенти, өз мамлекет бийлигинин жогорку өкүлдүк органы аркылуу Каракалпакстан Республикасы, Өзбекстан Республикасы Олий Мажлисинин Мыйзачылык палатасы депутаттары, Өзбекстан Республикасы Министрлер Кабинети, Өзбекстан Республикасынын Конституциялык соту, Жогорку сот, Башкы прокурору ээ жана бул укук мыйзамдуулук демилгесинин укугу субъекттери тарабынан мыйзам долбоорун Өзбекстан Республикасы Олий Мажлисинин Мыйзамдуулук палатасына киргизүү аркылуу ишке ашырат.**

*83- статья.*

Олий Мажлис, ошону менен бирге, мамлекет органдары жана башка органдар, уюм, ишкана, мекемелер тарабынан Өзбекстан Республикасы Конституциясы жана мыйзамдарынын, Олий мажлис токтомдорунун аткарылуусу боюнча көзөтүү алып баруу статусуна ээ.

http://eduportal.uz

## Түшүндүрүп бергиле!

Олий Мажлис Өзбекстан Республикасынын жогорку өкүлдүк жана мыйзам чыгаруучу органы болуп эсептелет. Анда коомдун негизги саясий партиялары, бардык социалдык катмарлары жана коомдук-саясий күчтөрдүн кызыкчылыктары көздөлөт. Жалпысынан айтканда, Парламент Өзбекстан элинин кызыкчылыгын коргойт.

## Чыгармачыл иш-аракет

*Түзгөн шарттуу мамлекетиңердин парламентин түзгүлө. Анын канча палаталуу болушу, шайлануучу депутаттардын саны (мамлекетиңердин калкынын санынан келип чыгып), аларга жүктөлгөн милдеттер жана берилген ыйгарым укуктарды жазгыла.*

*Парламентиңер тарабынан кабыл алына турган эң негизги мыйзамдардын тизмесин түзгүлө.*

## Бышыктоо жана кайталоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Олий Мажлис кандай бийликти жүзөгө ашырат?
2. Эмнеге Олий Мажлис эки палатадан турат?
3. “Өзбекстан Республикасы Олий Мажлисинин Мыйзам чыгаруу палатасы тууралуу” конституциялык мыйзамда эмнелер белгилеп коюлган?
4. “Өзбекстан Республикасы Олий Мажлиси Сенаты тууралуу” конституциялык мыйзамдачы?
5. Мыйзам чыгаруу палатасы составына кимдер кирет?
6. Сенат составыначы?
7. Мыйзам чыгаруу палатасы кай тартипте шайланат?
8. Олий Мажлистин иш-аракети кандай уюшулат?
9. Сессиялар жыйындары аралыгында кандай иш аракет жүзөгө ашырылат?
10. Олий Мажлис кандай иштерди жүзөгө ашырат?
11. Олий Мажлис эмнелер үстүнөн күзөт жүргүзөт?



http://eduportal.uz

*14- тема*

# Өзбекстан Республикасынын аткаруучу бийлик органдары













## Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

*1-2-сүрөттөрдө Өзбекстан Республикасы аткаруучу бийлигинин борбордук (Республика боюнча) органдарынын имараттары, 3-сүрөт район акимчилиги, 4-сүрөттө эсе жарандардын өзүн-өзү башкаруу органы сүрөттөлгөн.*

1. *Селер бул үйрөнүлгөндөрдүн иш-аракетинен эмнелерди билесиңер? Билгендериңерди классташтарыңар менен бөлүшкүлө?*
2. *Силер улуулардын өкмөт терминин тез-тез тилге алып турарын билесиңер. “Өкмөт ” сөзү силерге эмнени билдирет?*
3. *Чыгарылган мыйзамдар, кабыл алынган токтомдордун аткарылышын уюштуруу зарылбы же зарыл эмеспи?*
4. *Силер кандай министрликтерди билесиңер? Алардын кандай иш менен алектенишинен кабардарсыңар?*

*5. Силердин үйүңөрдөн жарандык маале комитетине ишиңер түшкөнбү? Анда бул органдын иши жана ыйгарым укуктары жөнүндө кандай маалыматтарга ээсиңер?*

*6. Жергиликтүү бийлик органдары дегенде эмнени түшүнөсүңөр жана алар кандай милдеттерди аткарат деп ойлойсуңар?*

Өзбекстан Республикасынын өкмөтү башчылыгында аткаруучу бийликтин бирдиктүү системасы иш жүргүзөт. Бул системага:

1) Министрлер Кабинети;

2) министрликтер;

3) мамлекеттик комитеттер;

4) башкаруу функциясын аткаруучу агенттиктер, концерн жана уюмдар;

5) облустук, райондук жана шаар акимдиктери кирет.

Өзбекстан Республикасынын Конституциясына ылайык Өзбекстанда аткаруучу бийликти Өзбекстан Республикасынын Министрлер Кабинети ишке ашырат.

Министрлер Кабинетинин курамы Өзбекстан Республикасы Президенти тарабынан калыптандырылат. Өзбекстан Республикасынын Премьер министри кызматы Өзбекстан Республикасы Президентинин сунушу боюнча Өзбекстан Республикасы Олий Мажлисинин палаталары тарабынан көрүп чыгылат жана бекитилет. Министрлер Кабинетинин мүчөлөрү Өзбекстан Республикасы Премьер министринин сунушу боюнча Өзбекстан Республикасынын Президенти тарабынан бекитилет.

Өзбекстан Республикасынын Министрлер Кабинети курамына төмөнкү кызмат адамдары кирет: Өзбекстан Республикасынын Премьер министри; Премьер министри орунбасарлары; министрлер; мамлекеттик комитеттердин төрагалары; Каракалпакстан Республикасы өкмөтүнүн башчысы.

Министрлер Кабинети бир топ милдеттерди өзүнө алат, б.а. экономиканын, социалдык жана руханий тармактын натыйжалуу иштешине жетекчиликти, Өзбекстан Республикасынын мыйзамдары, Олий Мажлистин токтомдору, Өзбекстан Республикасы Президентинин указдары, токтомдору жана буйруктарынын аткарышышын камсыздайт.

Мындан сырткары, Министрлер Кабинети иш жүзүндөгү мыйзам документтерине ылайык Өзбекстан Республикасынын бүткүл аймагындагы бардык органдар, ишканалар, мекемелер, уюмдар, юридикалык жактар жана жарандар тарабынан аткарылышы милдеттүү



http://eduportal.uz

болгон токтомдор жана буйруктарды чыгарат.

Министрлер Кабинети өз иш-аракети жараянында Өзбекстан Республикасынын Президентинин жана Өзбекстан Республикасынын Олий Мажлисин алдында жоопкер эсептелет.

Олий Мажлис жаңы шайланышы менен Министрлер Кабинети толук бойдон отставкага кетет.

Министрлер кабинети мыйзамдуулукта назарда тутулган тартипте иш алып барат.




**... Өзбекстан Республикасы Премьер министри:**

**1) Министрлер Кабинетинин ишин уюштурат жана ага жетекчилик кылат, анын натыйжалуу иштеши үчүн керт башы менен жоопкер;**

**2) Министрлер Кабинетинин жыйналыштарына төрагалык кылат, анын токтомдоруна кол коёт;**

**3) эл аралык мамилелерде Өзбекстан Республикасы Министрлер Кабинети атынан иш көрөт;**

**4) Өзбекстан Республикасы мыйзамдарында көздө тутулган башка кызматтарды аткарат...**

*98- статьясынан.*

Министрлер Кабинети дагы төмөнкү милдеттерди аткарат:

♦ Мамлекеттик бюджетти иштеп чыгат жана Олий Мажлиске киргизет жана анын аткарылышын камсыздайт;

♦ Олий Мажлиске мамлекет бюджетинин аткарылышы боюнча эсеп берет;

♦ бирдиктүү финансы, акча-кредит саясатынын жүрүшүн камсыздайт;

♦ маданият, илим, агартуу, социалдык камсыздоо, экология тармагында бирдиктүү мамлекет саясатынын жүрүшүн камсыздайт;

♦ мамлекетти коргоо, мамлекет коопсуздугу, тышкы саясатты ишке ашырууну камсыздоо иш-чараларын көрөт;

♦ мыйзамдуулук, жарандардын укук жана эркиндигин камсыздоо, менчик мүлк жана коомдук тартипти коргоо, кылмыштуулукка каршы күрөш боюнча иш-чараларды ишке ашырат.

Өкмөт Өзбекстан Республикасынын Конституциясы, мыйзам-

http://eduportal.uz

дары, Президент токтомдору, башка нормативдик-укуктук документтердин негизинде жана аларды аткаруу максатында Өзбекстан Республикасьнын бүткүл аймагында бардык органдар, ишканалар, мекемелер, уюмдар, кызмат адамдары жана жарандар үчүн аткарылышы милдеттүү болгон токтомдор жана буйруктарды чыгарат. Президент өкмөт жыйналышында төрагалык кылуу укугуна ээ.

Улуу ойчул Ибн Сина ар кандай коом, мамлекет белгилүү бир адилетти коргоочу, укуктук мыйзамдар негизинде башкарыла турган, адилетсиздикке жол койбой турган мыйзам үстөмдүү болгон адилеттүү коом жөнүндөгү окууну жаратууга, аны өнүктүрүүгө чоң салым кошкон.

**Борбордук аткаруучу бийликтин** ыйгарым укуктарын базар принциптерине ылайыкташтыруу жана экономиканы башкарууда мамлекет башкаруу органдарынын катышуусун азайтуудан турат. Борбордук аткаруу бийлиги башкаруу түзүлмөлөрү жана административдик органдары милдеттерин кайта көрүп чыгууну талап кылды.

Борбордук аткаруу бийлигинин башкаруу түзүлмөлөрү жана административдик органдарынын милдеттерин өзгөртүү:

- алардын башкаруу ыйгарым укуктарын кыскартуу;
- алардын тартипке салуу ыйгарым укуктарын кыскартуу;
- алардын бөлүштүрүү ыйгарым укуктарын кыскартуу;
- алардын чарбачылык түзүлмөлөрү иш-аракетине аралашууну кескин кыскартуу.

Мамлекет башкаруусунда **вертикалдуу башкаруу** органдарынын ыйгарым укуктарын кыскартыруу эсебинен **горизанталдуу башкаруу** органдарынын ыйгарым укуктарын кеңейтүү мамлекеттик башкаруу тармагында борборлоштурууну чектешке мүмкүнчүлүк жаратты. Мында башкаруудагы милдеттердин бир бөлүгүн **республика** даражасынан **жергиликтүү (облус, район, шаар)** масштабында өткөзүүнүн мааниси чоң болду. Айрыкча, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруунун кайталангыс формасы болгон маале системасы бир гана Өзбекстанга тийиштүү болгон өзүнчө жаңылык болуп, мамлекет башкаруу предмети жана практикасына кирди.

***Даанышмандар казынасынан!***

Өкмөт – сүйлөөчү мыйзам, мыйзам болсо тилсиз өкмөт.

(*Цицерон Марк Тулий*)

## Чыгармачыл иш-аракет

*Өзүңөр түзгөн шартуу мамлекетте аткаруучу органдар системасын түзгүлө. Мында өкмөт мүчөлөрүнүн кызмат орундарын, алардын ыйгарым укуктарын жана аларга жүктөлгөн функцияларды жазма баяндагыла. Силер өзүңөрдү ушул түзүлгөн өкмөттүн башчысы деп элестетип, өз кол астыңардагыларга бериле турган баштапкы жана эң негизги көрсөтмөлөрдү жазгыла. Өкмөтүңөрдүн бирден токтом жана буйругун жазгыла.*

## Бышыктоо жана кайталоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Өзбекстан Республикасында аткаруучу бийликти ким ишке ашырат?
2. Министрлер Кабинетинин негизги милдеттери эмнелерден турат?
3. Министрлер Кабинети кандай тартипте түзүлөт?
4. Министрлер Кабинетинин курамына кимдер кирет?
5. Министрлер Кабинетинин негизги ыйгарым укуктары кайсылар?
6. Өкмөт өз ишин аткарууда кандай нормативдик-укуктук документтерге негизделет?
7. Өкмөттүн кандай нормативдик-укуктук документтер чыгаруу ыйгарымдуулугу бар? Бул документтердин кандай юридикалык күчү бар?
8. Өкмөтсүз мамлекетти элестетип көргүлө. Кандай абал жүзөгө келиши мүмкүн?
9. Борбордук аткаруу бийлигинин иш-аракеттерин базар принциптерине ылайыкташтыруу эмне себептен актуалдуу болуп калды?
10. Конституцияда алардын милдеттери кандай өзгөртүлдү жана кошумчалар киргизилген?
11. Мамлекет башкаруу милдеттеринин бир бөлүгүн Республика даражасынан облус, район, шаар масштабына өткөрүүнүн оң таасирин негиздеп берүүгө аракеттенгиле?
12. Маале башкаруу органынын түзүлүшүн, анын кандай милдеттерди аткарышын үйрөнүп чыккыла, үйрөнгөнүңөрдү дептериңерге жазгыла. Маале жарандар жыйыны башкаруусу боюнча пикириңерди классташтарыңар менен талкуулагыла.



http://eduportal.uz

**15- тема**

# Өзбекстан Республикасынын сот системасы

## Өзбекстан Республикасынын Конституциясынан статьялар

***106- статья.*** Өзбекстан Республикасында сот бийлиги мыйзам чыгаруучу жана аткаруучу бийликтерден, саясий партиялардан, башка жамаатык бирикмелерден көз карандысыз абалда иш жүргүтөт.

***112- статья.*** Судьялар көз карандысыз болуп саналат жана мыйзамга гана моюн сунушат. Судьялардын адилеттүү соттоону ишке ашыруу боюнча иш-аракетине кандайдыр жол менен аралашууга жол коюлбайт жана мындай киришүү мыйзам боюнча жоопкерчиликке себеп болот.

Судьялардын коопсуздугу мыйзам менен кепилденет...

***113- статья.*** Бардык соттордо иштер ачык көрүлөт. Иштерди жабык кеңеште угууга мыйзамда белгиленген учурларда гана жол коюлат.

***116- статья.*** Айыпталуучу коргонуу укугу менен камсыздалат. Тергөө жана сот ишин жүргүзүүнүн ар кандай баскычында тажрыйбалуу юридикалык жардам алуу укугу кепилденет. Жарандарга, ишкана, бирикме жана мекемелерге юридикалык жардам берүү үчүн адвокатура иш жүргүзөт. Адвокатура түзүү жана анын иш тартиби мыйзам менен белгиленет.

## Активдештирүүчү суроолор жана тапшырмалар

1. *Мамлекет бийлигин ушул системасыз элестетип көргүлө. Кандай абалдар пайда болушу мүмкүн?*
2. *Сот системасы менен байланыштуу абалдарга силер же үй-бүлө мүчөлөрүңөр туш келгенби?*
3. *Жарандар ортосундагы тартыштарды ар түрдүү соттор чечет. Эмне үчүн соттор ар түрдүү? Бардык тартыштарды бир түрдүү сот органдары чечсе болбойбу?*
4. *Конституңиянын 106- жана 112-статъяларында соттордун көз карандысыздыгы шарттуу Конституциянын атайын статьяларында эскертилбегенине себеп эмнеде деп ойлойсуңар?*



http://eduportal.uz

*Бул түшүнүктөр зарылбы? Тескерисинче эмне болот?*

5. *Конституциянын 113-статьясынын мааниси эмнеде деп ойлойсуңар? Мындай кылынышы эмнелерге таасир кылат?*
6. *Айыпталуучулардын Конституциянын 116-статьясы аркылуу кепилденген укуктары болбогондо кандай абалдар болор эле?*

Сот бийлиги – мамлекеттик бийликтин бир мууну.

Өзбекстан Республикасынын Сот системасы төмөнкүлөрдөн турат:

– Өзбекстан Республикасынын Конституциялык соту

– Өзбекстан Республикасын Жогорку соту;

– Аскердик соттор;

– Каракалпакстан Республикасынын жарандык жана жазык иштери боюнча жогорку соттору;

– Жарандык жана кылмыш иштери боюнча облустук жана Ташкент шаардык соттору;

– Жарандык иштери боюнча райондор аралык, район (шаар)дук соттор, кылмыш иштери боюнча район (шаар) соттору;

– Каракалпакстан Республикасынын, облустар жана Ташкент шаардык экономикалык жана админстративдик соттору;

– Райондор аралык, район, шаар, экономикалык соттору;

– Район, шаар админстративдик соттору;

Сот мекемелеринен башка мамлекеттик мекемеси жарандык, кылмыш жана башка иштерди көрүү, чечүү укугуна ээ эмес. Сот бийлиги адилеттүү соттоону жүзөгө ашыруу ыйгарымына ээ болгон жалгыз бийлик.

Мамлекет сот мекемелери өз милдеттерин натыйжалуу аткаруусу үчүн зарыл шарттарды жаратып берүү милдеттенмесин алган. Сот мекемелеринин көз карандысыздыгы мамлекет тарабынан кепилдениши, Конституция жана мыйзамдарда белгилеп коюлушу БУУ тарабынан кабыл алынган “Сот мекемелеринин көз карандысыздыгына таандык негизги принциптер” аттуу эл аралык укуктук документте да өз чечимин тапкан.




**Өзбекстан Республикасынын Конституциялык соту мыйзам чыгаруучу жана аткаруучу бийликтин документтери Конституцияга канчалык ылайыктуулугуна тиешелүү иштерди көрөт...**

*108- статьясынан.*



http://eduportal.uz

Адилеттүү соттоонун натыйжасы, албетте, соттор тарабынан кабыл алына турган документтердин милдеттүүлүгүнө түздөн-түз байланыштуу.

Ушул орунда, соттун токтомдору мамлекеттин мажбурлоо күчү укук менен камсыздалат. Ачыктык модели адилеттүү соттоо иш-аракетинин уктук негизин белгилеп бере турган негизги Конституциялык принциптерден бири. Өзбекстан сот системасына кирүүчү бардык соттордо иштер ачык көрүлөт. Адилеттүү соттоону ишке ашырууда тил жөнүндөгү Конституциялык принцип чоң мааниге ээ. Өзбекстанда сот иштерин жүргүзүү 115-статьяга ылайык, өзбек, каракалпак же белгилүү орундагы көпчүлүк калк сүйлөшө турган тилде алып барылат. Соттор жөнүндөгү мыйзамдагы жаңылыктардан бири – бул айыпсыздык презумпциясы эрежесинин мыйзамда чагылдырылышы. Бул улуттук укуктук системанын олуттуу жеңиши жана жарандык коомунун негизги принциптери эсептелет.

Мамлекетибизде бардык судьялар бир түрдүү статуска ээ. Судьялардын адилеттүү соттоону ишке ашыруу боюнча иш-аракетине кийлигишүүгө жол коюлбайт.

Мыйзамда судьялардын ыйгарым укугу мөөнөтү беш жыл кылып белгиленген.

Сот укук системасын үзгүлтүксүз демократиялаштыруу жана либералдаштыруу боюнча соңку жылдарда алып барылган иштер:

– сот тергөө иш-аракетинде тергөө жараянында жабырлануучу, күбө, шектелүүчү, айыпталуучу же соттолуучунун көрсөтмөсү боюнча (эгер анык далил болбосо) чечим кабыл алууга тыюу салынат;

– Жогорку сот жана чарбалык соттору бириктирилди жана алардын негизинде жарандык, кылмыш админстративдик жана экономикалык тармактарда сот иштерин жүргүзүү боюнча сот бийлигинин бириккен органы жаратылды;

– Жогорку соттун алдында соттордун иш-аракеттерин камсыздоо боюнча департамент түзүлдү;

– Өзбекстан Республикасы Судьяларынын жогорку кеңеши түзүлдү жана анын милдети сот бийлигинин эркиндиги конституциялык принципке таянуусуна көмөктөшүү белгиленди;

– Конституциялык соттун ыйгарымдуулугу кеңейтилди жана анын айланасына Президенттин токтом жана указдарынын Конституцияга ылайыктыгын аныктоо ыйгарымы да киргизилди;

– Өзбекстан Республикасы Президентинин "Сот-укуктук системаны дагы да реформалоо, жарандардын укук жана эркиндиктерин ишеничтүү коргоо кепилдигин күчөтүү иш-чаралары тууралуу" актуалдуу милдеттер белгилеп берилди. Указда сот бийлигинин чыныгы эркиндигин камсыздоо, жарандардын укук жана эркиндиктерин камсыздоо, жарандардын укук жана эркиндиктерин коргоо, адилеттүү соттоого жетишүү мүмкүнчүлүктөрүн ашыруу сыяктуу маселелер сот укук системасы реформаларынын негизги максаты катары белгилеп коюлду. Бул максатка жетишүү жолундагы сот, укукту коргоочу жана көзөмөл органдарына анык милдеттер жүктөлдү.

***Даанышмандар казынасынан!***

Эгер сот бийлиги аткаруу бийлиги менен бириксе, бул абалда сот судьясы зулумчулга айлануусуна мүмкүнчүлүк туулат.

(*Монтескиё*)

Амир Темур мамлекетинде адилеттүү соттоону максатка ашыруу үчүн толук системадагы сот системасы бар болуп, алар төмөнкү төрт тармакка бөлүнгөн жана казылар тарабынан башкарылган:

1. Жарандык соту (калк казысы).
2. Аскердик сот (аскердик казы).
3. Шарият соту (ислам казысы).
4. Кызмат адамдары соту (кызматчылар казысы).

Шаар, өлкө жана аймак калкы кылмыш жана жарандар иши боюнча соттолгон. Бул иште шарият, аскердик адамдарга карата трибунал (аскердик сот) колдонулса да, түзүктөрдүн негизинде өкүм чыгарылган. Такты мураскорлору үчүн өкүмдү амирдин өзү чыгарган.

http://eduportal.uz

## Түшүндүрүп бергиле!

Сот – адилеттүү соттоону ишке ашырууга болгон укуктуу жеке мамлекеттик бийлик органы. Судьялар өздөрү кабыл алган чечимдер жана өкүмдөрдү мамлекеттин атынан чыгарышат. Бул эреже чечүүчү токтомдор жана өкүмдөр бардыгы, ушулар катары, мамлекеттик органдар тарабынан да сөзсүз аткарылышы керектигин билдирет.

## Чыгармачыл иш-аракет

*Түзгөн шарттуу мамлекетиңердин сот системасынын тарыхын сызгыла. Мында ар түрдүү багыттардагы соттордун ыйгарым укуктарды, алардын алдына коюлган милдеттерди, жоопкерчиликтерди белгилеп жазгыла. Эки жарандын же эки мекеменин ортосунда тартыш абалды келтиргиле жана алардын сот системасы аркылуу чечимин берүүгө аракет кылгыла. Ар бир абал боюнча сот өкүмүнүн текстин жазгыла.*

## Бышыктоо жана кайталоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1 . Сот бийлиги дегенде эмнени түшүнөсүңөр?
2. Сот бийлиги органдары кандай милдеттерди аткарат?
3. Соттордун көз карандысыздыгы кандайча кепилденет?
4. Өзбекстан Республикасы сот системасына кайсы органдар кирет?
5. Өзбекстан Республикасы Конституциялык соту кандай орган болуп эсептелет? Анын кандай ыйгарым укуктары бар?
6. Соттордун жана судьялардын көз карандысыздыгы кандайча камсыздалат?
7. Сот системасын аткаруучу бийлик органдарынын көзөмөлү жана таасиринен чыгаруунун мааниси жөнүндө өз пикириңерди билдиргиле?
8. Сот бийлигин реформалоо жана аны өз алдынча мамлекеттик институтуна айландыруу боюнча ишке ашырылып жаткан иш-чаралар кандай натыйжаларды берди?
9. Жаңы түзүлгөн Өзбекстан Республикасы Судьялары жогорку кеңеши кандай максатта уюшулган?
10. Конституциялык соттун ыйгарымдуулуктары кандай өзгөртүлдү?
11. Президентибиз Шавкат Мирзиёевдин сот-укук системасын реформалоо боюнча указынын мааниси тууралуу сүйлөп бергиле.



http://eduportal.uz

## Бөлүм боюнча жалпы кайталоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Өзбекстан Республикасы эгемендүүлүккө кандай жетишти?
2. Өзбекстан Республикасы Конституциясы кабыл алынышынын мааниси жана анын өзүнө мүнөздүү жактарын айтып бергиле.
3. Өзбекстан Республикасы Конституциясына негизинен мамлекеттик башкаруу ыйгарымдуулугу кандай бөлүштүрүлгөн?
4. Мыйзам чыгаруучу бийликтин курамын айтып бергиле.
5. Олий Мажлис Мыйзамдуулук палатасы кандай милдеттерди аткарат?
6. Сенат эмне? Анын кандай ыйгарымдуу укуктары бар?
7. Аткаруу бийлигинин курамы тууралуу сүйлөп бергиле.
8. Өзбекстан Республикасы аткаруучу бийлигинин курамында кандай өзүнө мүнөздүүлүк бар?
9. Өзбекстан Республикасы Президентинин кандай ыйгарымдуу укуктары бар?
10. Өзбекстан Республикасында Сот бийлигине өз алдынча бийлик катары каралуусуна себеп эмнеде деп ойлойсуңар?

**Терминдерге ылайык мүнөздөмөлөрдү белгилегиле.**

***1. Өзбекстан Республикасы Конституциясы*** ***5. Сот бийлиги***
***2. Мыйзамдуулук палатасы*** ***3. Сенат*** ***6. Министрлер Кабинети***
***4. Өзбекстан Республикасы Президенти*** ***7. Мыйзам чыгаруучу бийлик***

***а) мамлекет башчысы***

***б) эгемендүү мамлекетибиздин негизги мыйзамы***

***в) Олий Мажлистин жогорку палатасы***

***г) Олий Мажлис: Сенат: Мыйзамдуулук палаталарынан турат.***

***д) Конституциялык сот, Жогорку сот, Жогорку чарбалык сот, сотторду өз ичине алат.***

***е) мамлекетибизде аткаруучу бийликти ишке ашырат.***

***з) Олий Мажлистин төмөнкү палатасы.***



http://eduportal.uz

## Бөлүм боюнча үлгүлүү тесттер

***1. Кайсы орган Өзбекстан Республикасынын Конституция-сын түшүндүрүү укугуна ээ?***

а) Жогорку сот; б) Конститутциялык сот;
в) Жогорку чарбалык сот; г) Прокуратура.

**2. Өзбекстан Республикасынын мамлекеттик бийлигинин ыйгарым укуктарынын бөлүштүрүлүшү төмөнкүдөй ишке ашырылат:**

а) Олий Мажлис депутаттарынын ортосунда;
б) Каракалпакстан Республикасы жана облустар ортосунда;
в) Мыйзам чыгаруучу, аткаруучу жана сот бийлигинин ортосунда;
г) Олий Мажлистин Мыйзам чыгаруучу палатасы менен Сенаттын ортосунда.

**3. Мамлекеттик бийликтин ыйгарым укуктары төмөнкүдөй органдардын ортосунда бөлүштүрүлөт:**

а) Прокуратура, ички иштер, тышкы мамилелер, мамлекеттик коопсуздук жана коргоо органдары;
б) Мыйзам чыгаруучу, аткаруучу жана сот бийлиги;
в) Укукту коргоочу мамлекеттик органдар;
г) Сот, прокуратура, куралдуу күчтөр.

**4. Ким Өзбекстан Республикасында мамлекеттик бийлик органдарынын келишилген абалда иш-аракет жүргүзүшүн жана кызматташтыгын камсыздайт?**

а) Өзбекстан Республикасынын Президенти;
б) Өзбекстан Республикасынын Премьер министри;
в) Өзбекстан Республикасынын Башкы судьясы;
г) Өзбекстан Республикасынын Олий Мажлиси.

***5. Ушул конституциялык эрежеге жетишпеген сөздөрдү тапкыла. Өзбекстан Республикасында бардык жарандар ... болуп, жынысы, расасы, улуту, тили, дини, социалдык***

***келип чыгышы, сыйынуусу, кимдиги жана социалдык абалына карабастан, мыйзам алдында тең болуп саналат;***

а) Бирдей укуктук жарамдуулукка ээ;
б) Бирдей милдеттерге ээ;
в) Бирдей укук жана эркиндикке ээ;
г) Бирдей укук жана милдеттерге ээ.

**6. Өзбекстан Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн Башкы командачысы ким?**

а) Президент; б) Министрлер Кабинети;
в) Премьер министр; г) Прокурор.

***7. Түшүрүп калтырылган сөздөрдү ордуна койгула: Президент өз милдетин аткарып турган мезгилде ... ээлеши, ... ишкердик менен алектениши мүмкүн эмес.***

а) Акы төлөнүүчү кызматты ээлеши;
б) Ишкердик иш-аракети менен алектениши;
в) Сенатор болушу;
г) Акы төлөнүүчү кызмат; Министрлер Кабинетинин жетекчиси болушу.

**8. Өзбекстан Республикасы мамлекеттик башкаруу түрүнө карай кандай мамлекет болуп эсептелет?**

а) Президенттик Республика;
б) Парламенттик Республика;
в) Аралаш түрүндөгү республика;
г) Монархия түрүндөгү.

**9. Жарандардын укуктары жана эркиндиктерине, Конституция жана мыйзамдарга баш ийүүнүн кепили ким?**

а) Олий Мажлис; б) Мамлекет; в) Президент; г) Прокурор.

**10. Мамлекеттик бийликтин жалгыз булагы ...**

а) Элдер; б) Мамлекеттик органдар;
в) Жарандар; г) Мыйзам чыгаруучу, аткаруучу, сот бийлиги.



http://eduportal.uz

**11. Кишилердин кулк - мүнөзүнө, алардын кыймыл-аракетине жана адаттарына таасир өткөрүү шарты эмне деп аталат?**

а) Коом; б) Бийлик; в) Мамлекет; г) Жамаат.

**12. Өзбекстан Республикасынын Конституциясына ылайык мыйзам чыгаруу укугу кимдерге берилген?**

а) Өзбекстан Республикасынын Президентине, Олий Мажлистин депутатына;

б) Өзбекстан Республикасынын Министрлер Кабинетине, Өзбекстан Республикасын Конституциялык сотуна;

в) Өзбекстан Республикасынын Жогорку сотуна, Өзбекстан Республикасынын Башкы прокуроруна, Өзбекстан Республикасынын Жогорку чарбалык сотуна:

г) Жогорудагылардын бардыгы туура.

**13. Өзбекстан Республикасы Конституциясына ылайык Өзбекстанда аткаруучу бийликти ... жүзөгө ашырат.**

а) Өзбекстан Республикасы Президенти;

б) Өзбекстан Республикасы Министрлер Кабинети;

в) жергиликтүү акимдер;

г) министрликтер жана комитеттер.

**14. Сот органдарынын өз милдеттерини жеткиликтүү аткаруусу үчүн зарыл шарттарды жаратып берүү мажбурияты .... нын милдети.**

а) Конституциялык сот;

б) Министрлер Кабинети;

в) мамлекет;

г) эл аралык уюмдар.

http://eduportal.uz

*Коомдо укуктук аң-сезим жана укуктук маданиятты жогорулатып баруу мыйзам үстөмдүгүн камсыздоо жана мыйзамдуулукту бекемдөөнүн эң зарыл шарттарынан бири эсептелинет.*

***Шавкат Мирзиёев***

# IV БӨЛҮМ

# АДЕП-АХЛАК ЖАНА УКУКТУК МАМИЛЕЛЕР








***Адеп-ахлак жана укук***
***Укуктук нормалар***
***Укуктун тармактары***
***Укуктук мамилелер***
***Өзбекстан Республикасынын мыйзам булактары***
***Укуктук аң-сезим жана укуктук маданият***

http://eduportal.uz

# Адеп-ахлак жана укук













## Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

*1. Мектебиңерде кандай негизги талап жана эрежелерди сактооңор шарт?*

*2. Бул эрежелер жалпыга милдеттүүбү же окуучу жана мугалимдерге атайын эрежелер барбы? Үй-бүлөңөрдө кандай талап жана эрежелерге баш иесиңер?*

*3. Силер мектепте акысыз билим аласыңар. Бул укукту сага ким камсыздап берген? Бул укук кандай жана ким тарабынан орнотулган? Силердин укугуңар кайсы жерде жазып коюлган?*

*4. Силер көчөдө бара жатканыңарда "Жол эрежесин" аткарышыңар шарт. Эми, сен мектепте же үйүңдө аткарган эрежелериңер "Жол эрежесинен" кандай орчундуу айырмасы бар? Жооп берүүдө бул эрежелердин ким тарабынан көзөмөлдөнүшүн эске алгыла.*

*5. Жогорудагы мисалдардын кайсы биринде силерден көбүрөөк жоопкерчилик талап кылынат? Эмне үчүн?*

*6. Жогоруда аталган эрежелердин аткарылышын көзөмөлдөө кимдин милдети деп ойлойсуңар?*

7. *Ушул эрежелерди бузбаган түрдө мектепте, үй-бүлө жана досторуңардын ортосунда кандай укуктарга ээ экендигиңерди санап бергиле.*
8. *Айтылган укуктарыңардын эмне үчүн "укук" деп аталышы жөнүндө ойлоп көргөнсүңөрбү? Пикириңерди негиздегиле.*

Адамдын коомдогу кулк-мүнөзүн тартипке салып турган нерсе бул адеп-ахлак болуп саналат. Өзбекстандын аймагында миң жылдар бою калыптанып келген улуттук адеп-ахлак нормалары, улуттук укуктук системабыздын калыптануусунда чечүүчү мааниге ээ.

***Адеп-ахлак** – адамдардын коомдогу кулк-мүнөздөрүн тартипке салуучу талап жана эрежелердин жыйындысы.*

Укук түшүнчөсүн түшүндүрүү жеңил болушу үчүн укукту биз кулк-мүнөз эрежелери деп аталуучу түшүнчө менен байланыштырып үйрөнүү максатка ылайык.

Укук кулк-мүнөз нормалары же эрежелери жыйындысынан туруат. Бирок бул нормалар же эрежелер бүтүн, тартиптүү тизим абалында көрүнөт. Мына ушул тизим мамлекет тарабынан белгилеп коюлган жана уруксат берилген болушу шарт.

Укук албетте мамлекеттик эркти белгилейт. Укуктук мамлекетте мамлекеттин багытын коом, эл каалоосу менен ылайык түшкөндүгү себептүү мындай мамлекетте укук коом же калк каалоосун түшүндүрөт деп айтуу мүмкүн.

Укукка тийиштүү нормалар жана эрежелерде айтылган талаптар коомдун бардык мүчөлөрү тарабынан аткарылышы милдеттүү. Же укукка тийиштүү нормалар жана кулк-мүнөз эрежелери жалпыга милдеттүү.

***Укук** – мамлекет тарабынан орнотулган жана ал тарабынан корголуучу жалпыга милдеттүү болгон кулк-мүнөз эрежелеринин системасы.*

Эгерде укукка тийиштүү нормалар жана кулк-мүнөз эрежелери бузулса, мамлекет укук бузуучуларга жаза жана мажбурлоо чараларын көрөт. Б. а. укук мамлекет тарабынан коргоого алынат жана мамлекет



http://eduportal.uz

пайда болушу менен бир убакытта укук да пайда болот. Укук алгач ахлактык караштар, баалуулуктар негизинде пайда болот. Кийинчээрек болсо ***укуктук мамлекет тарабынан*** орнотулган же жактырылган жана анын күчү менен коргоого алынган бардык үчүн милдеттүү кулк-мүнөз эрежелеринин тизимине айланган.

"Укук" термини эки мааниде: объективдүү жана субъективдүү укук маанилеринде колдонулат. ***Объективдүү укук*** бул – укуктук нормалардын жыйындысы болуп саналат. Ал эми ***субъективдүү укук*** болсо, белгилүү бир жеке адамга же топко таандык болгон укук. Мисалы, кимдир бирөөнүн турак-жайга же мүлккө болгон укугу. Субъективдүү укук объективдүү укуксуз бар болбойт. Укуктун өзү болсо мамлекет менен тыгыз байланыштуу болот. Алар бири-бирисиз бар болушу мүмкүн эмес.

Укук төмөнкү милдеттерди аткарат: тартипке салуу, коргоо жана тарбиялоо. Бул болсо, өз кезегинде, укуктун функцияларында көрүнөт.

**Укуктун функциялары**

| | |
|---|---|
| *Тартипке салуу* → | Коомдогу социалдык мамилелерди жана өзүнчө алынган жеке адамдын кулк-мүнөзүн керектүү багытка салуу. |
| *Коруктоо* → | Укуктук коргоо жана юридикалык жоопкерчилик чараларын, аларды колдоо тартибин орнотуу. |
| *Тарбиялоо* → | Турмушта эмненлерди кылуу мүмкүн, эмнелерди мүмкүн эмес. Ар түрдүү кырдаалдарда кандай аракет кылуу керектигин белгилөөдөн турат. Зарыл болгондо мажбурлоо усулун, жазалоону да көздө тутат. |

Калктын көпчүлүк бөлүгүнүн көз караштары жана түшүнүктөрү да адеп-ахлакта, укукта көрүнөт. Ахлак менен укуктун ортосундагы негизги айырмачылыктар төмөнкүлөр:

1) укук мамлекет тарабынан белгиленген болот, адеп-ахлак (жакшылык жана жамандык, адилет жана адилетсиздик сыяктуулар)

http://eduportal.uz

болсо мамлекеттин жардамысыз өз-өзүнөн калыптанат;

2) укук мамлекеттик эркти, адеп-ахлак болсо, жамаатчылыктын пикирин, түшүнүктөрүн көрсөтөт;

3) укук нормалары, керектүү абалдарда, мамлекеттин мажбурлоо күчү аркылуу, ал эми адеп-ахлак нормалары, жамааттын пикири аркылуу пайда болот.

4) адеп-ахлак нормалары коомдук мамилелердин кең чөйрөсүн (достук, жолдоштук жадагалса, сүйүүнү да) тартипке салат. Укук болсо коомдук мамилелерди тартипке салууга каратылган.

5) укукта кулк-мүнөздү баалоо нормасы "мыйзамдуу-мыйзамсыз", адеп-ахлакта болсо, "жакшы-жамандан" деп бааланат.

Төмөнкүлөрдөн адеп-ахлак менен укукту ажыраткыла жана жадыбалды толтургула:
- салам берүү;
- чоңдорго жай берүү;
- квалификациялуу медициналык кызматтан пайдалануу;
- билим алуу;
- табиятты коргоо;
- кичүүлөрдү ызаат кылуу;
- чоңдорго урматта болуу;
- шайлоолордо катышуу;
- салыктарды өз убагында төлөө;
- жамааттык жайларда тартипти сактоо;
- ата-энелерге камкордук кылуу;
- мугалимди урмат кылуу;
- мектептин эрежелерине баш ийүү.

| *Адеп-ахлак* | *Укук* |
| --- | --- |
| | |

6) укуктук документтер да анык көрүнүшкө ээ.

Укук жана адеп-ахлак көбүнчө бир багытта аракет кылат. Кээде укук коомдун эскирген ахлактык нормаларынан арылууга жардам берет (мисалы, кун алуу). Ошону менен бирге укук адеп-ахлактын ("жакшылык" жана "адилет" түшүнүктөрү) негизинде калыптанат. Адатта, сот "бедел жана кадыр-баркты акарат кылуу", "одонолук" ж. б. у. с. түшүнүктөрдү туура түшүнүү максатында адеп-ахлак эрежелерине кайрылат. Адеп-ахлак менен укук өзүнчө түшүнүктөр болсо да, алар жалпы өзгөчөлүктөргө ээ.

## Түшүндүрүп бергиле!

Укук жана адеп-ахлак көбүнчө бир багытта аракет кылат.



http://eduportal.uz

## Чыгармачыл иш-аракет

*1. Түзгөн шарттуу мамлекетиңердин жарандарынын “Адеп-ахлак кодексин ” жазгыла.*

*2. Бул “кодексте ” келтирилген эрежелерди бузгандык үчүн кандай жоопкерчиликтерди көздө туткан болор элеңер?*

*3. Бул эрежелер кандай деңгээлде “укук ” түшүнүгүнө туура келет жана аларда укуктун кандай белгилери бар?*

*4. Өтүлгөн темалардан алган билимиңерден пайдаланып, төмөндөгү текстти түшүндүргүлө.*

*Өзүнүн укук жана милдеттенмелерин билүү мамлекетибиздин ар бир жараны үчүн өтө маанилүү. Эгер биз өз укуктарыбызды билсек, алардан туура пайдалана алсак жана аларды коргой алсак, бул биздин укуктук жактан маданияттуу болгонубузду камсыз кылат. Ошондой эле, бул башка жарандардын укуктарын бузбастыкка да кызмат кылат. Анткени алар да биз сыяктуу Конституциябыз жана мыйзамдарга ылайык бирдей укук жана эркиндиктерден пайдаланышат.*


## Бышыктоо жана кайталоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Ахлак сөзүн кандай түшүнөсүңөр?
2. Ахлак түшүнчөсүнө мүнөздөмө бергиле.
3. Укук кандай пайда болгон?
4. Объективдүү укук деген эмне? Мисал келтиргиле.
5. Субъективдүү укук деген эмне? Мисал келтиргиле.
6. Укуктун белгилери жана өзгөчөлүктөрүн санап бергиле.
7. Укуктун функцияларын санап бергиле.
8. Укуктун тартипке салуу функциясынын мазмунун айтып бергиле.
9. Укуктун коргоо функциясынын мазмунун айтып бергиле.
10. Укуктун тарбиялоо функциясынын мазмунун түшүндүргүлө.
11. Адеп-ахлак жеке адам үчүн зарылыраакбы же коом үчүнбү?
12. Адеп-ахлак жана укук түшүнүктөрүнүн бири-бири менен кандай байланышы бар деп ойлойсуңар?
13. Эгер бул эки түшүнчө ортосунда карама-каршылык пайда болсо, анда эмне өзгөртүрүлөт укукпу же адеп-ахлакпы? Эмне үчүн?
14. Адеп-ахлак менен укуктун ортосундагы айырманы санап бергиле.

## 17- тема

# Укуктук нормалар










## Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

*1. Сүрөттөгү укуктук документтердин кайсы бири менен таанышсыңар? Ал укуктук документтердин ичинде эмнелер жазылганын билесиңерби?*

*2. Силерге тааныш болбогон документтердин ичинде эмнелер жазылган болушу мүмкүндүгүн аныктап көргүлө. Анда бул мыйзамдуу документтердин аттарына көңүл бургула.*

*3. Бул укуктук документтердин мамлекет тарабынан чыгарылышынан көздөлгөн максат эмне деп ойлойсуңар?*

*4. Айланабыздагы турмуштан бир укуктук проблемалуу абалды мисал келтиргиле. Ал абалдагы проблеманы чечүү боюнча укуктук токтом кабыл алууга аракет кылгыла.Токтомуңарды жазма түрүндө дептерге жазгыла; Анда:*

*1) ушул укуктук көйгөйдүн өзүн, дагы мыйзамдын эрежелерин бузуу абалын сүрөттөгүлө.*

*2) ушул мыйзамдын эрежелерин бузуу абалы кандай кесепеттерге алып келүүсүн баяндагыла.*

http://eduportal.uz

*3) ушул тартип бузууну жасаган адамга карата кандай чаралар көрүлүшүн баяндап бергиле.*

*4). Силер мисал кылып келтирген укуктук көйгөйдү чечүү үчүн жогоруда көрсөтүлгөн укуктук документтердин кайсы бири керек болот деп ойлойсуңар.*

Биз укук менен укук бузууну, мыйзамдуулук менен мыйзам бузууну бири-биринен ажыратып алуубуз үчүн белгилүү нормалар, усулдар, каражаттар, документтер керек болот.

Мындай мүмкүнчүлүктү бизге укуктук нормалар берет.

**Укуктук норма** – бул укук системасынын эң негизги, алгачкы элементи. Укуктук нормалар коомдун социалдык, экономикалык, саясий түзүлүшү менен белгилене турган, мамлекет тарабынан орнотулган, аткарылышы коомдун бардык мүчөлөрү үчүн жалпы милдеттүү болгон, коомдук мамилелерди тартипке салуучу эреже.

*Мамлекет тарабынан белгилене турган, кепилдик берилүүчү жана корголуучу, бардыгы үчүн милдеттүү болгон кулк-мүнөз эрежеси -* **укуктук норма** *деп аталат.*

Укуктук норманын негизги милдети-социалдык мамилелерди тартипке салуу. Укук өзүнчө нормалар жана кулк-мүнөз эрежелеринен турат.

Укуктук норма түзүлүшү боюнча бири-бири менен байланышкан төмөнкү үч элементтен: гипотеза, диспозиция, санкциялардан турат.

***Гипотезада*** норма аракетке келиши үчүн зарыл болгон шарттар баяндалат.

***Диспозицияда*** кулк-мүнөз эрежелеринин өзү чагылдырылып, укук субъекттеринин укук жана милдеттенмелери белгилеп берилет.

***Санкцияда*** укук нормалары аткарылбагандыгы үчүн мамлекет тарабынан колдонула турган мажбурлоо чарасы баяндалат.

***Кылмыш кодексинин 203-статьясын мисал кылып алалы****: “Суу же суу бассейндеринен пайдалануу шарттарын бузуу оор акыбеттерге себеп болсо, эң төмөн айлык эмгек акынын элүү барабарынан жүз барабарына чейин чейинки өлчөмдө штраф же*

http://eduportal.uz

*үч жылга чейин адеп-ахлак түзөтүү иштери, же болбосо алты айга чейин камак, же үч жылга чейин эркинен ажыратуу менен жазаланат".*

***"Норма"** сөзү (латынча) "эреже", "үлгү" маанисин билдирет.*

***Гипотеза -** (грекче) элестетүү, ой жүгүртүү дегени.*

***Диспозиция -** (латынча) баяндоо деген маанини билдирет.*

***Санкция -** (латынча) милдеттүү чара деген маанини билдирет.*

*Жогорудагы статьянын " Суу же суу бассейндеринен пайдалануу шарттарын бузуу" бөлүгү гипотезага мисал боло алат. "Оор акыбеттерге себеп болсо" бөлүгү диспозиция, эң төмөн айлык эмгек акынын элүү барабарынан жүз барабарына чейинки өлчөмдө штраф же үч жылга чейин ахлак түзөтүү иштери, же болбосо алты айга чейин камак, же үч жылга чейин эркинен ажыратуу менен жазаланат"* бөлүгү болсо санкцияга мисал боло алат.

Кээ бир мыйзам документтеринде укуктук норма бул үч элементтен эмес, 2 элементтен түзүлгөн болушу да мүмкүн. Мисалы, ар кандай мамлекеттин Конституциясындагы статьялар бир гана гипотеза жана диспозициядан турган болуп, санкция элементи көздө тутулбаган.

Өзбекстан Республикасы Конституциясынын 6-статьясын ала турган болсок, анда, "Өзбекстан Республикасынын борбору – Ташкент шаары" деп айтылган. Бул статья укук нормасына мисал боло алат жана диспозициядан гана турат.

Укуктук норманын төмөнкү белгилери бар:

– мамлекеттин (элдин) эркин чагылдырат;

– мамлекет тарабынан нормативдик документтерде көрсөтүлөт;

– мамлекет тарабынан корголот, зарыл болгон абалдарда мамлекеттин мажбурлоо күчү менен камсыздалат;

– коом жана мамлекеттин позициясынан эң зарыл болгон коомдук мамилелерди бекемдейт.

http://eduportal.uz







*Ушундай укук нормаларына мисал келтиргиле, алар:*
*1) гипотеза, санкция бөлүктөрүнөн турган;*
*2) жалгыз гана гипотеза жана диспозициядан турган;*
*3) үч сүрөткө да таандык болгон;*
*4) 1- жана 3- сүрөттөргө гана таандык болгон;*
*5) 2-сүрөткө гана таандык болгон.*

Укуктук нормаларга мисал кылып эл аралык документтерди алса да болот. Өзбекстан Республикасы эгемендүүлүккө жетишкенден соң, көптөгөн эл аралык мыйзам документтерине кошулду. Алар төмөнкүлөр:

– Адам укуктарынын бүткүл дүйнөлүк декларациясы;
– Бала укуктары жөнүндөгү конвенция;
– Экономикалык, социалдык, маданий укуктар жөнүндөгү пакт;
– Жарандык жана саясий укуктар туурасындагы эл аралык пакт;
– Техникалык жана өнөр-кесип жөнүндөгү конвенция;
– Өнүгүү укугу жөнүндөгү декларация;
– Ишке кабыл алуунун минималдык жашы жөнүндөгү конвенция;
– Эл аралык маданий кызматташтык тууралуу декларация.

***Даанышмандар казынасынан!***

Эркин болуу үчүн мыйзамдардын кулуна айланууга туура келет.

(*Цицерон Марк Туллий*)

**Түшүндүрүп бергиле!**

Укуктук норманын негизги милдети — социалдык мамилелерди тартипке салуу болуп саналат.

http://eduportal.uz

## Чыгармачыл иш-аракет

*1. "Бахт банк" жетекчилери ишкер Гулбахар Хамраева менен тил бириктирип, «Чакан» фермер чарбасынын «Бахт банктагы» 2 миллион сум акчасын 2014-жылы 11-февраль күнү Г.Хамраеванын эсебине жалган документтердин негизинде өткөрүп берген, башкача айтканда ачыктан-ачык шылуундук кылышкан.*

*Учурда бул жагдай боюнча «Бахт банктын» жетекчилерине карата ЖКнин 167-статьясы 2-бөлүмүнүн «в», «г» пункттары менен кылмыш иши козголду жана тергөө иши башталды.*

*1) Жогоруда айтылган жагдайга укуктук баа бергиле.*

*2) Ушул жагдайга карата укуктук нормаларды колдонгула.*

*3) Колдонулган укуктук нормалардын гипотеза, диспозиция жана санкция бөлүмдөрүн ажыратып көрсөткүлө.*

*2. Шарттуу мамлекетиңде "болуп өткөн" жогорудагы мисалда берилгенге окшош бир шарттуу укук бузуучулук абалын баяндагыла. Бул укук бузуучулук абалы боюнча да жогоруда берилген тапшырмаларды аткаргыла.*

## Бышыктоо жана кайталоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Укуктук норма түшүнүгүн чечмелеп бергиле.
2. Укуктук норманын керектигин негиздеп бергиле. Мында эгерде укуктук норма жок болсо коом кандай кыйынчылыктарга жолугушу мүмкүндүгүнө көңүл бургула.
3. Укуктук норманын негизги милдети эмнеден турат?
4. Укуктук норманын элементтерин санап бергиле.
5. Гипотеза деген эмне? Мисал келтиргиле.
6. Диспозиция деген эмне? Мисал келтиргиле
7. Санкция эмне? Мисал келтиргиле.
8. Ар кандай укуктук нормада да бул үч элемент барбы? Жообуңарды негиздегиле. Укук нормасынын кандай белгилери бар?

http://eduportal.uz

**18- тема**

# Укуктун тармактары


1


2


3


4


5


6

## Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

*1. Сүрөттөргө карагыла. Бул сүрөттөрдөгү адамдар ар түрдүү укуктук керектөөлөргө ээ. Булардын ар биринин кандай укуктары бар?*

*2. Бул укуктарды камсыздоо үчүн кабыл алынган мыйзам документтеринен кайсы бири жөнүндө уккансыңар?*

*3. 1 -сүрөттөгү окуучу менен 6-сүрөттөгү фермердин укуктарынын ортосунда кандай жалпылык жана кандай айырмачылык бар деп ойлойсуңар? 3- жана 2-сүрөттөгүлөрдүнчү? 4- жана 2-сүрөттөгүлөрдүнчү?*

Ар кандай коомдо ушул коом мүчөлөрүнүн укук жана эркиндиктерин камсыздоо үчүн белгилүү бир **укуктук система** керек. Бул система ар түрдүү, бирок өз ара бекем байланышта болгон укук нормаларынын жыйындысынан турат.

***Укуктук система*** *– бул коомдогу бар болгон укук нормаларынын бир бүтүн окуя катары аракеттениши, укуктук нормалар менен тармактарынын белгилүү ырааттуулукта өз ара үзгүлтүксүз байланышта жайгашышы.*

http://eduportal.uz

Кайсы укук нормасын кайсы объектке салыштырмалуу колдонуу керектигин аныктоо үчүн аларды түрлөргө ажыратуу керек. Укуктук система баштап укуктук тармактар деп аталуучу атайын тармактарга ажыратылат. Мында, мамлекеттеги социалдык мамилелердин ар түрдүүлүгүнө көңүл бурулат. Дал мына ушул мамилелер укуктук тартипке салуу (башкаруу)нун предметин түзөт. Ал эми укуктук тартипке салуу (башкаруу) усулу укуктун социалдык мамилелерге таасир көрсөтүүгө жардамдашуучу жолдору, усулдары, каражаттарынын жыйындысы болуп саналат.

Социалдык мамилелердин эмгек мамилелери, социалдык камсыздоо, финансы жана башка ушул сыяктуу түрлөрү атайын укуктук нормалар аркылуу тартипке салынат.




http://eduportal.uz

Бул укук тармактарынан кээ бирлерин мүнөздөйлү:

– Конституциялык укук тармагы - укук системасындагы эң негизги укук тармагы. Себеби, анда укуктун башкы принциптери, мамлекеттин укуктук көрүнүшү белгилеп берилет. Конституциялык укук тарабынан мамлекет, коом жана жарандар ортосундагы мамилелер тартипке салынат. Анда мамлекет суверенитети, мамлекеттин саясий, башкаруу формасы, административдик-аймактык түзүлүшү, мамлекет органдарынын укуктук статусу, адамдардын негизги укук жана эркиндиктери, коомдун өзүнө таандык өзгөчөлүктөрү сыяктуу маанилүү маселелер бекемделет.

– Эмгектенүү укугу – ишканалар, мекемелер жана алардын кызматчылары ортосундагы эмгек мамилелери тартипке салынат.

– Жарандык укук – мүлк менен байланыштуу жана мүлктүк эмес мамилелер тартипке салынат.

– Үй-бүлөлүк укук – үй-бүлөдөгү, үй-бүлө жана нике менен байланыштуу болгон мамилелер тартипке салынат.

– Экологиялык укук – жаратылышты коргоо жараянында пайда боло турган мамилелер тартипке салынат.

– Кылмыштык укук – кандай кыймыл-аракеттер коом үчүн кооптуу экендигин, аларды жасагандар кандай жаза алышы жана бул боюнча пайда боло турган бардык мамилелер тартипке салынат.

– Эл аралык укук – эл аралык мамилелер, мамлекеттер ортосундагы байланыштар жараянында пайда боло турган мамилелер тартипке салынат.

– Процессуалдык укуктар соттордун ишин тартипке салат жана кайсы тармакка таандык укуктук маселелерди көрүп жаткандыгына карап жогорудагы түшүндүрмөдө келтирилген 3 түргө бөлүнөт.

– Жарандык-процессуалдык укук нормалары соттордун жарандык, үй-бүлөлүк, эмгек, ошондой эле жер менен байланыштуу жана финансылык мамилелер сыяктуу бир топ тармактардагы ишмердигин тартипке салат.

– Экономикалык процессуалдык укуктарда жер, агрардык, финансы, экология тармактарына таандык укуктук мамилелерди соттор аркылуу чечүү көздө тутулган. Эгерде жарандык-процессуалдык укук тармагында жарандар жана жеке адамдар ортосундагы мамилелер өз чечимин тапса, чарбалык процессуалдык укукта чарбалар аралык

мүлктүк чатактарды чечүү көздө тутулган.

– Кылмыштык-процессуалдык укук соттоо, тергөө, прокуратура органдарынын кылмыш иштерин тергөө жана сотто көрүп чыгуу ишин тартипке салат.

Жогоруда аталган тармактар мамлекеттин ички **укуктук системасын** түзөт. Мындан тышкары **эл аралык укуктук системада** бар болуп, бул укуктук системанын нормалары мамлекеттер, эл аралык уюмдар жана башка субъекттер ортосундагы укуктук мамилелерди тартипке салат.

Эл аралык укук системасы төмөнкү тармактарды өз ичине алат: эл аралык органдар укугу, эл аралык коопсуздук укугу, дипломатия жана консулдук укугу, эл аралык деңиз укугу жана башкалар.

**Укук институттары** – бул өз ара байланышкан, бир түрдөгү коомдук мамилелерди тартипке салуучу укуктук нормалар тобунан турат. Конституциялык укук тармагында президенттик, жарандардын укук жана эркиндиктери институту, кылмыш укугу тармагында -– жоопкерчилик институту, үй-бүлө укугунда – нике институту жана башкалар. Бул укук институттары укук тармагынын ички бөлүгү. Укук институттары биригип, укук тармагын түзөт. Башкача айтканда укук институттары укук тармагынын бир бөлүгү болуп саналат.

## Түшүндүрүп бергиле!

Укук тармагы укуктук нормалар тарабынан тартипке салынуучу мамилелердин жыйындысы болот.

## Чыгармачыл иш-аракет

1. *Жеке адамдарыңар кириши мүмкүн болгон социалдык мамилелерде укуктун кайсы тармактары керек болушу мүмкүн?*
2. *Эгер алардын ортосунда укуктук мамилелерди сот аркылуу чечүү керек болсо, кайсы процессуалдык укук тармагына кайрылууга туура келет.*
3. *Эгерде жогорудагы жеке адамдардын ордунда юридикалык жактар (мекемелер) болсочу?*

http://eduportal.uz

*Сөздөрдү туура жайгаштырып, эл аралык укуктук документтердин аттарын тапкыла. Ушул эл аралык укуктук документ эмне жөнүндө экендигин билесинерби?*

*шериктештик* | *Жардандык* | *минималдык* | *декларация*
*ишке* | *укугу* | *пакт* | *маданий* | *кылуунун* | *конвенция*
*социалдык* | *кесип* | *бүткүл дүйнөлүк* | *жөнүндөгү* | *жана*
*жөнүндөгү* | *Бала* | *укуктар* | *билим берүү* | *Өнүгүү*
*жөнүндөгү* | *жана* | *конвенциясы* | *маданий* | *деклорация*
*Инсан* | *боюнча* | *экономикалык* | *конвенция* | *саясий*
*эл аралык* | *укуктары* | *жашы* | *декларация* | *техникалык*
*жөнүндөгү* | *эл аралык* | *укуктары* | *жөнүндөгү*
*укуктар* | *жана* | *эл аралык* | *кабыл* | *пакт*
*тенденциялары* | *жөнүндөгү*

## Бышыктоо жана кайталоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Укук системасын тармактарга ажыратуу эмне үчүн керек?
2. Укуктук тартипке салуунун предмети жана усулу деген эмне?
3. Укуктук тартипке салуу усулун түшүндүрүп бергиле?
4. Укуктук тармактардын негизги түрлөрүн санап бергиле.
5. Эң негизги укуктук тармак болгон Конституциялык укук тармагын чечмелеп бергиле.
6. Жарандык укук тармаган кыскача мүнөздөгүлө.
7. Эгерде кылмыштык укук тармагы болбосо коомдо кандай жагдай келип чыкмак?
8. Процессуалдык укуктук тармак аркылуу кандай ишмердик тартипке салынат?
9. Жарандык жана чарбалык процессуалдык укуктук тармактардын негизги айырмалары эмнеде?
10. Кылмыштык процессуалдык укуктук тармагы кандай милдеттерди аткарат?
11. Укуктук институттарына мисалдар келтиргиле.
12. Эл аралык укуктун курамдык бөлүктөрүнө мисалдар келтиргиле.

*19- тема*

# Укуктук мамилелер













## Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. *1-сүрөттөгү ички иштер кызматкери балдарга жол эрежесин бузгандыгы үчүн эскертүү берүүдө жана алардан эреже боюнча жүрүүнү талап кылууда. Ойлоп көргүлө, ал абалда укуктук нормалар бузулуп жатабы же жокпу? Ички иштер кызматкери жана балдар ортосундагы сүйлөшүүнү укуктук пикирлөө деп атасак болобу?*
2. *2-сүрөттөгү сатуучу жана кардар ортосундагы алды-сатты мамилеринин укукка тиешеси барбы же жокпу? Алар ортосундагы мамилелерди укуктук мамиле деп атасак болобу? Суроого жооп берүүдө укук жана укуктук нормалар жөнүндө билгендериңерди эстегиле жана логикалык пикирлөөгө аракет кылгыла.*
3. *4-сүрөттөгү абал боюнча да ошондой суроого жооп берүүгө аракет кылгыла.*
4. *3-сүрөттөгү жаш балдар өз укуктарынан эркин пайдалануусу мүмкүнбү? Жообуңарды далилдегиле.*

Укуктук нормалар менен тартипке салына турган социалдык мамилелер укуктук мамилелер дейилет. Алардын пайда болушу үчүн юридикалык факт – кубулуш (мисалы, адамдын төрөлүшү же каза болушу) же аракет (мисалы, укук бузуу) болушу керек болот.

*Айрым жеке адамдардын ортосунда пайда боло турган жана укук нормалары менен тартипке салына турган коомдук мамиле* ***укуктук мамилелер*** *деп аталат.*

Социалдык мамилелер коомдун материалдык жана руханий турмушунда болуп өтүүчү мамилелер болгондугу үчүн тең салмактуу ушул социалдык мамилелерди укуктук мазмун менен тийиштүү түрдө толтурат. Мисалы, жеке жана юридикалык жактардын ишкердик менен иштөө жараянында табиятка болгон материалдык мамилелери экологиялык укук тарабынан, экономикалык мамилелер көп учурларда юридикалык мүлк укугу же ишкердикке тиешелүү укуктук нормалар аркылуу, саясий мамилелер Конституция аркылуу тартипке салынат.

Улуттук, диний, үй-бүлөлүк жана мамлекеттер аралык социалдык мамилелер да укук аркылуу тартипке салынат.

Укуктук мамиле, түзүлүшүнө карай **объект**, **субъект** сыяктуу элементтерди өз ичине алат.

Мисал үчүн, Равшан магазинден жалпы дептер жана түстүү калем сатып алмакчы. Бул жерде жалпы дептер жана түстүү калем укуктук мамиленин объекти эсептелет. Ал эми Равшан болсо укуктук мамиленин субъекти эсептелет.

Укуктук мамиленин дагы бир элементи бул укуктук мамиленин мазмуну болот.

Мазмун өз кезегинде субъективдүү укук жана юридикалык милдеттемени өз ичине алат жана укуктук мамиле субъекттеринин өз укук жана милдеттенмелерин ишке ашыруу боюнча анык аракеттерди билдирет. Мисалы: дүкөндө чай сатып алуу учурундагы укуктук мамиленин мазмуну – бул дүкөнчүнүн чайды бериши жана сатып алуучунун акча төлөшү болуп, бул жерде дүкөнчү чай берип жатканда өз милдеттенмесин аткарды жана акча алуу укугуна ээ болду жана тескерисинче, кардар чай алып жатканда өзүнүн чай алууга болгон укугунан пайдаланды жана акча берүү милдеттенмесине ээ болду.

Демек, укуктук мамилелердин элементтери төртөө экен: **объект, субъект, субъективдүү укук** жана **юридикалык милдеттенме.**

Укуктук мамилелер субъекттердин ортосундагы мамилелердин

http://eduportal.uz

юридикалык формасы болуп, анын жардамында мамлекет жана мыйзам талаптарына ылайык социалдык мамиленин катышуучуларынын кулк-мүнөзүн нормалап берет.

Укуктук мамилелерде катышуучулар, башкача айтканда субъекттер укуктук жарамдуулукка жана мамилеге жарамдуулукка ээ болушу талап кылынат.

Жаңы төрөлгөн бөбөк да ар түрдүү укуктарга, мисалы, медициналык жардам алуу, турак жайга, өз аты-фамилиясына ээ болуу укуктарына ээ. Акылы кем жана рухий оорулар да укуктук жарамдуулугуна ээ.

***Укуктук мамиле** – анын катышуучуларынын арасындагы укуктук (юридикалык) байланыштар болуп, алардын өз ара укук жана милдеттемелеринде көрүнөт.*

Алар да жашоо, дарылануу, жөлөк пул алуу, мүлк ээси болуу укугуна ээ болушат. Кээ бир учурларда төрөлө элек бала да укуктук жарамдуулукка ээ. Ал мураскор боло алат.

*Укуктук мамиле катышуучуларынын аракети эмнеге каратылган болсо, ушул нерсе **укуктук мамилелердин объекти** эсептелет.*

*Укуктук мамиле катышуучулары, же укук жана милдеттенме ээлери **укуктук мамилелердин субъекттери** эсептелинет.*

***Укуктук жарамдуулук**, негизинен, кишинин төрөлүшү менен пайда болот жана өлүмү менен аяктайт.*

***Укуктук жарамдуулук** өз аракеттери натыйжасында укуктарын максатка ашыруу жана юридикалык милдеттенмелерди аткара алуу мүмкүнчүлүгү эсептелет.*

Мамилеге жарамдуулук жаш жана рухий саламаттык менен байланыштуу. Өзбекстандын мыйзамдарына ылайык, толук мамилеге жарамдуулук жаран 18 жашка толгондон кийин башталат. Бирок ушул эрежеден четтөө да бар. Мисалы, адам кылмыштык жоопкерчиликке 16 жаштан, айрым кылмыштар 14 жаштан тартылышы мүмкүн. Башка бир мисал: үй-бүлө кодекси кээ бир учурларда 18 жашка толбостон туруп никеден өтүүгө уруксат берет. Мындай жаран никеден өткөн убактан баштап толук мамилеге жарамдуу эсептелет.

**Укук булагы** мамлекеттик мекемени белгилүү укуктук-нормативдик документтер, мыйзам акттарында туюнтуу, баяндоо

http://eduportal.uz

усулу жана формасы. Укук таануу предметинде укук булактарынын төмөнкү 4 формасы кабыл алынган:

**Укуктук адат** – бул коомдун мүчөлөрү тарабынан узак убакыт колдонулушу, туруктуу кайталанышынын натыйжасында коом тарабынан кабыл алынган кулк-мүнөз нормасына айланган жана кийинчерээк мамлекет тарабынан бекитилген эреже. Укуктук адат алгачкы доорлордо негизги укук булагы эсептелген. Азыркы учурда ал кээ бир мамлекеттерде, мисалы, Улуу Британияда бар.

**Юридикалык прецедент** соттун жалпыга милдеттүү мааниге ээ болгон анык бир иш боюнча чечими. Юридикалык прецеденттин өзүнө таандык жагы – ал кабыл алынгандан кийин, ошол иш боюнча жалпыга милдеттүү эрежеге айланат. Укуктук прецедент кээ бир мамлекеттерде, мисалы, Улуу Британия, АКШ, Канада жана Австралияда укук булагы эсептелет. Бирок Өзбекстан Республикасынын укук системасында колдонулбайт.

**Нормативдик-укуктук документ** — азыркы күндө эң зарыл болгон укуктун негизги булагы. Нормативдик-укуктук документ ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын белгиленген тартипте кабыл алган юридикалык укуктук документи болуп, жалпыга милдеттүү болгон адеп-ахлак эрежелерин өз ичине алат.

Нормативдик-укуктук документтердин белгилери:

> ***Мыйзамдуулук** – бул ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын мыйзам чыгаруу иш-аракети жана ар бир ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын туруктуу белгиленген укуктук-нормативдик документтерди чыгаруу укугуна ээ экендиги.*

- укуктук нормаларды белгилейт;
- белгиленген эрежелердин мазмунун баяндайт;
- белгиленген нормаларга жалпыга милдеттүү болгон маани беришет;

Нормативдик-укуктук документтердин төмөнкү түрлөрү бар:

1. Мыйзам, анын ичинен Негизги Мыйзам эсептелген - Конституция. Алар жалпы элдик добуш берүү жолу менен же парламент тарабынан кабыл алынат;
2. Указ – Мамлекет башчысынын нормативдик-укуктук документи;
3. Өкмөттүн чечимдери жана токтомдору;
4. Министрликтер жана башка мамлекеттик органдардын буйрук жана жоболору;
5. Жергиликтүү аткаруу органдарынын токтомдору.

http://eduportal.uz

**Эл аралык келишим** эл аралык укуктун эки же бир нече субъекти тарабынан кабыл алынган келишим болуп, укук жана милдеттенмелерди белгилөөчү, өзгөртүүчү же бекер кылуучу документ эсептелет.

Эл аралык келишим жана башка эл аралык нормативдик-укуктук документтер менен кийинки темада толугураак таанышабыз.

## Түшүндүрүп бергиле!

Мамлекеттин мыйзам чыгаруучу органы ишмердигинин натыйжасында аткарылышы милдеттүү болгон белгилүү бир укуктук документ пайда болот.

## Чыгармачыл иш-аракет

*Түзгөн шарттуу мамлекетиңерде пайда болушу мүмкүн болгон укуктук жагдайларга 4 мисал келтиргиле. Бул жагдайларда:*

*1) Кандай жеке адамдар кандай укуктук мамилелерге кирип жаткандыгын көрсөткүлө.*

*2) Бул укуктук мамилелердин субъекттери жана объекттерин ажыратып бергиле.*

*3) Укуктук мамилелердин субъекттеринин укуктук жана мамиле жарамдуулугу жөнүндө эмне айта аласыңар?*

*4) Жогорудагы жагдайлардан пайдаланып, ушул жагдайларды чече тургандай нормативдик-укуктук документ түзгүлө.*

## Бышыктоо жана кайталоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Укуктук мамилелер деген эмне? Мисалдар келтиргиле.
2. Укуктук мамилелердин объекти эмне? Субъектичи? Мисал келтиргиле.
3. Укуктук жарамдуулук менен мамиле жарамдуулугунун ортосунда кандай айырмачылыктар бар?
4. Укуктук адат деген эмне? Укуктук прецедентчи?
5. Эмне үчүн буга чейинки суроолор укуктук булак катары эсептелбейт?
6. Жалпы адамзаттык адеп-ахлак нормаларын өз ичине алуучу документтер кандай аталат? Алар эмне үчүн керек?

http://eduportal.uz

**20- тема**

## Өзбекстан Республикасынын мыйзам булактары

**1** Өзбекстан Республикасынын "Өзбекстан Республикасынын айрым мыйзам документтерине экономикалык мамилелер жана ишкердикти өнүктүрүүгө каратылган өзгөртүү жана кошумчалар киритүү туурасындагы" мыйзамдан: Мыйзамга ылайык Өзбекстан Республикасынын "Банктар жана иш аракети туурасындагы" (25.05.2000-ж), "Микрофинансылаштыруу туурасындагы" (15.09.2006-ж), мыйзамдарына, Өзбекстан Республикасынын Бажыкана кодексине (20.01.2016-ж) зарыл өзгөртүрүү жана кошумчалар киритилген.

Xalq so'zi, 4.10.2018-ж.

**2** Өзбекстан Республикасы Перзидентинин "Мамлекет органдары жана мекемелеринде аткаруу тартибин дагы да бышыктоо иш чаралары туурасында"гы F – 5017- сан чечимине ылайык министрликтер, ишканалар, жергиликтүү аткаруу бийлик органдары жана башка уюмдардын "Ijro.gov.uz" аткаруу тартиби мекемелери бирдиктүү электрон тизимине уланышын камсызда-ды.

Xalq so'zi, 6.10.2018-ж.

**3** Өзбекстан Республикасы Министрлер Кабинетинин "Жол аракети коопсуздугу тармагындагы укук бузуучулукка каршы күрөшүү өнүмдүүлүгүн ашырууга тиешелүү кошумча иш-чаралары жөнүндөгү" чечими кабыл алынды.

Xalq so'zi (Online), 23.05.2019-ж.

### Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. *Жогорудагы мисалдарда берилген укуктук-нормативдик докуметтерди ажыратып көрсөткүлө.*
2. *1-мисалдагы мыйзам долбоорунун ар турдүү жерлерде талкууланышынын максаты эмне деп ойлойсуңар?*
3. *Келтирилген укуктук-нормативдик документтердин коомчулугубуз турмушу үчүн зарылдыгын негиздеп берүүгө аракет кылгыла.*



http://eduportal.uz

*4. Бул Мыйзам, Указ жана Чечимдерди аткаруу жерлерде максатка ашырылуусун эске алган түрдө, аларды аткаруу үчүн мамлекеттин жергиликтүү органдары дагы да кандай документтер даярдоосу керектигин божомолдоп көргүлө.*

Бизге белгилүү болгондой, мыйзамдар жана мыйзам алды документтер эң алгач социалдык мамилелерди тартипке салып туруучу негизги каражат болуп саналат. Ошондуктан да Өзбекстан Республикасынын укуктук булактарын үйрөнүүдө биринчи болуп мыйзамдардан баштоо негизинен туура болор эле.

Бирок, Өзбекстан Республикасы мыйзамдуулугуна ылайык, мыйзамдын мамлекеттин ичиндеги жана эл аралык эрежелеринин ортосунда айырмачылык болгон учурларда эл аралык келишим же макулдашуулар актуал эсептелет.

Ошондуктан да Өзбекстандын укуктук булактарын үйрөнүүнү эл аралык укук документтеринен башташыбыз табигый көрүнүш. Эл аралык укуктун жалпы тааныган принциптери жана нормалары, ошондой эле Өзбекстан Республикасынын эл аралык келишимдери Өзбекстандын эң биринчи укуктук булактары болуп саналат.

**Эл аралык укуктун жалпы тааныган принциптери жана нормалары** – эл аралык укуктун негизги эрежелери болуп, аларды эл аралык укуктун бардык субъекттери таанышт жана аткарууга милдеттүү. Мамлекет суверенитетин урмат кылуу, күч иштетпөө, мамлекеттин аймактык биримдигин таануу, чатактарды тынч жол менен чечүү, ички иштерге кийлигишпөө, калктын тең укуктуулугун, адамдын укук жана эркиндиктерин урмат кылуу, мамлекеттер ортосундагы шериктештик, эл аралык укук боюнча милдеттенмелерди аткаруу ошолордун катарына кирет.

1995-жылда "Өзбекстан Республикасынын эл аралык келишимдери жөнүндөгү мыйзам" кабыл алынган.

***Эл аралык келишим*** - эл аралык укуктун эки же андан ашык субьекти кабыл алган келишим болуп саналат. Ал жактардын укук жана милдеттенмелерин белгилей турган, өзгөртүүчү же жокко чыгаруучу документ болуп саналат. Өзбекстан Республикасы саясий, экономикалык, укуктук жана атайын маселелер боюнча бир нече миң келишимдерди түзгөн.



http://eduportal.uz

**Өзбекстан Республикасы мыйзамдарын** төмөнкү топторго бөлүү мүмкүн:

1) Негизги мыйзам–Конституция; 2) Конституциялык мыйзам;
3) мыйзам; 4) Каракалпакстан Республикасынын Конституциясы жана мыйзамдары.

***Өзбекстан Республикасынын Конституциясы*** мамлекеттик бийликтин түзүлүшүн белгилейт, Конституциялык системанын негиздерин, адамдар жана жарандардын укук жана эркиндиктерин бекемдейт. Конституция аракеттеги мыйзамдар үчүн юридикалык негиз болот. Конституция эрежелери башка нормативдик документтерде өнүктүрүлөт жана териштирилет. Каракалпакстан Республикасы Өзбекстан Республикасынын курамында өз Конституциясына ээ болуп, анын эрежелери Өзбекстан Конституциясына карама-каршы келбестиги зарыл экендигин да айтып өтүү зарыл.

***Конституциялык мыйзамдар*** Конституцияга толуктоолор жана кошумчаларды киргизүүчү мыйзамдар болуп саналат. Аталган документ үчүн Олий Мажлисте жөнөкөй мыйзамдарга караганда аларды кабыл алуунун татаалыраак тартип-эрежелери белгиленген.

***Мыйзамдар***, өз кезегинде, кодекстештирилген жана аракеттеги мыйзамдарга бөлүнөт. *Кодекстештирилген мыйзамдарга* кодекстер кирет. Кодекс – логикалык системалаштыруу касиетине ээ болгон мыйзам болуп, өзүндө социалдык мамилелердин белгилүү бир тармагын тартипке салуучу нормаларды бириктирет. Мисалы, Жарандык кодекси, Кылмыштык кодекс, Эмгек кодекси, Салык кодекси, Бажыкана кодекси жана башка.

***Каракалпакстан Республикасынын мыйзамдары*** Каракалпакстандын аймагында аткарылышы шарт.

Мыйзам убакыт боюнча төмөндөгү тартипте күчкө кирет:
1) расмий жарыя кылынганынан он күн өткөндөн кийин;
2) мыйзамда же атайын документте көрсөтүлгөн убакыттан баштап;

Мыйзам убакыт боюнча төмөндөгү тартипте өз күчүн жоготот:
1) мыйзамдын өзүндө көрсөтүлгөн мөөнөт аяктаган болсо;
2) аталган мыйзам жокко чыгарылышы натыйжасында.

Мыйзамдын артка кайтуу күчү турмушта аз колдонулат. Өзбекстанда кылмыш же административдик жоопкерчиликти жеңилдештирүүчү мыйзамдар артка кайтуу күчүнө ээ.

Каракалпакстандын мыйзамдары анын аймагында гана

аткарылат.

Мыйзам жарандарга карата аткарылат, б.а. мыйзамдар ушул аймактагы бардык субъекттер, мындайча айтканда жарандар, юридикалык жактар, мамлекеттик орган, ишкана, уюм жана мекемелер үчүн милдеттүү болуп саналат.

Бирок мындан четтөөлөр да бар. Мисалы, "Шайлоолор жөнүндөгү" мыйзамдын талаптары Өзбекстандын жарандарына гана таандык.

*Мыйзам **убакыт** боюнча аракетте болот, башкача айтканда артка кайтуу күчүнө ээ. Ал эми мыйзам белгилүү жайда аракетте болот.*

*Тактап айтканда, мыйзам мамлекеттин бардык аймагында аракетте болот.*

*Өзбекстан Республикасы Президенти указдар, буйруктар мамлекеттин башчысы катарында указдар, буйруктар жана токтомдорду чыгарат.* Алар Өзбекстан Республикасынын Конституциясы жана мыйзамдарына карама-каршы келбестиги зарыл.

*Өзбекстан Республикасы Министрлер Кабинетинин токтомдору* чарбалык жана социалдык турмуштун эң зарыл маселелери боюнча кабыл алынат. Алар адатта жалпы касиетке жана укук нормаларына ээ болуп, укук булактары болуп эсептелинет.

Айрым абалдарда аткаруучу бийлик органдарынын документтери ушул органдардын системасынан сыртта пайда болуучу социалдык мамилелерди тартипке салат. Мындай ыйгарым укуктар Финансы министрлиги, Юстиция министрлиги, Борбордук банк жана башка мекемелердин ишинде көрүнөт.

*Мыйзам асты документтер мыйзамдардын негизинде кабыл алынат:*

*1) Президент указдары;*
*2) Өкмөт токтомдору;*
*3) Башка аткаруу органдарынын нормативдик документтери;*

Өзбекстанда министрликтер менен мекемелердин, жарандардын укуктары жана мыйзамдуу таламдарына таандык нормативдик документтерди каттоонун мамлекеттик системасы жолго коюлган. Бул милдет Юстиция министрлигине жүктөлгөн.

**Түшүндүрүп бергиле!**

Мыйзамдар жана башка нормативдик документтер арасында Өзбекстан Республикасынын Конституциясы негизги орун тутат. Конституция учурдагы мыйзамдар үчүн юридикалык негиз болуп саналат.

**Чыгармачыл иш-аракет**

*Түзгөн шартуу мамлекетиңердеги укуктук-нормативдик докуметтерди Өзбекстан Республикасынын укук булактары менен салыштырып көргүлө.*

*1) Муну, Конституция мисалында көрүп чыкса болот. Сен түзгөн укуктук-нормативдик документтердин аттары Өзбекстан Республикасы укук булактарынын аттарынан айырмаланабы?*

*2) Кайсы документтердин тексти окшош, кайсылары айырмаланышы мүмкүн?*

*3) Өзбекстан Реснубликасынын укук булактарын өзгөрткөнүңөрдөн кийин өзүңөрдүн шарттуу мамлекетиңердин укук булактарын кандайча өзгөрткөн болор элеңер?*

**Бышыктоо жана кайталоо үчүн суроо жана тапшырмалар**

1. Өзбекстанда укук булактары эмнелерден турат?
2. Эл аралык укуктун булактары эмнелерди өз ичине алат? Алар эмне үчүн керек?
3. Өзбекстандын мыйзамдары кандай негизги топторго бөлүнөт?
4. Өзбекстандын Конституциясынын кандай атайын мааниси бар?
5. Конституциялык жана жөнөкөй мыйзамдардын ортосунда кандай жалпылык жана айырмачылыктар бар?
6. Каракалпакстан Республикасынын мыйзамдары кайсы аймакта аткарылат?
7. Мыйзам качандан баштап күчкө кирет жана качан өз күчүн жоготот?
8. Мыйзам заманда жана жайда амал кылат дегенде эмнени түшүнөсүңөр?
9. Бардык мыйзамдар да Өзбекстан аймагындагы бардык кишилер үчүн милдеттүүбү?
10. Силер мыйзам асты документтери дегенде эмнени түшүнөсүңөр? Аларга мисалдар келтиргиле.



http://eduportal.uz

## 21- тема Укуктук аң-сезим жана укуктук маданият




**Коомдо укуктук аң-сезим жана укуктук маданиятты жогорулатып баруу мыйзам үстөмдүгүн камсыздоо жана мыйзамдуулукту бекемдөөнүн эң зарыл шарттарынан бири эсептелинет.**

Шавкат Мирзиёев

### Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. *Биздин тынч жана бейпил өмүр сүрүүбүз, билим алуубуз, өз таланттарыбызды өстүрүүгө шарт жаратуу жана кепилдөөгө мамлекетибиз мыйзамдуулугунун кандай мааниси бар?*

*2. Ушул мыйзамчылыкты дайым өнүктүрүп барууга кандай талап бар деп ойлойсуңар?*

*3. Сен турмушуңда пайдаланып келе жаткан укук жана эркиндиктериңе мисал келтире аласыңарбы?*

*4. Жогорудагы келтирилген сөздү чечмелеп бергиле.*

Мамлекетибизде демократиялык мамлекет куруу жана жарандык коомун калыптандыруу жараянындагы жетишкендиктер элдин, ар бир жарандын укуктук аң-сезими жана укуктук маданияты даражасына байланыштуу. Себеби, бул багытта аткарылып жаткан бардык иштер инсан үчүн жана бул иштерди жүзөгө чыгарып жаткандар да элдер.

Кош, укуктук маданият өзү эмне? Бул суроого жооп берүү жана укуктук маданият түшүнүгүнүн маңызын билүү үчүн биз, эң оболу укуктук аң сезим түшүнүгүнө мүнөз берүүбүз керек. Укуктук аң-сезим кишинин өз билим жана руханият даражасына сүйөнгөн түрдө коомдо иштеп жаткан укуктук талап жана нормалардын мазмунун түшүнүү жана маанисин билүү болот.

Демек, коом мүчөлөрүнүн укуктук аң-сезими жогору болушу үчүн алар билимдүү жана жогорку руханият ээси болуу зарыл болот. Укуктук аң-сезимдин жогорулугу жана жактын жарандык коомунун толук мүчөсү жана укуктук демократиялык мамлекеттин чыныгы жараны болуусу үчүн аздык кылат. Бул үчүн инсан укуктук маданиятуу инсан болуусу зарыл.

Жеке жактын **укуктук маданияты** дегенде жарандын өз укуктарын укуктук аң-сезимине сүйөнгөн түрдө өзгөлөр кызыкчылыгына терс келбөөчү түрдө жүзөгө ашыруусу түшүнүлөт.

Өз укуктук маданиятын калыптандыруу үчүн жеке жак:

- өз укуктук билимдерин өркүндөтүп барышы;
- учурдагы мыйзамдуулук документтери менен тааныш болуусу;
- укуктук иш-аракетте улуулардан мурас болуп келген социалдык эрежелерди да эске алуу;
- бийлик органдарынын функциялары жана жумуштарын билүүсү жана алар менен өз ара мамилеге кирише алуусу;
- укук коргоо багытынын коомдогу ордун туура түшүнүп жетүү жана алардын жумуштарын туура билүүсү зарыл.

Жогорку укуктук маданиятка ээ инсанды тарбиялоо кандай каражаттар аркылуу ишке ашырылат, инсандын укуктук маданиятына кандай шарттар таасир көрсөтөт деген суроолорго жооп укуктук билим жана агартууну күчөтүү, укуктук жайылтууну дагы да жакшыртууда жатат.

2019-жылдын 9-январь күнү Президентибиз тарабынан “Коомдо укуктук аң-сезим жана укуктук маданиятты жогорулатуу системасын түптөн жакшыртуу тууралсындагы” указга кол койду.

Анда ар бир инсан мамлекетибизде жашайт экен, анын кызыкчылыктары ушул коомдун башка мүчөлөрү тарабынан урмат кылынышына жетишүү керектиги айтылды. Азыркы күндө мындай эмес. Себеби мындай болуусу үчүн элдин улуттук аң-сезимин жана улуттук маданияты жогору даражада болуусу талап кылынат. Тилекке каршы жарандардын укуктук сабат даражасын жогорулатууга, алардын укуктук аң-сезимин жана укуктук маданиятын жогору даражага көтөрүүгө тосук болуп жаткан бир нече көйгөй жана кемчиликтер бар экени указда жазып өтүлгөн.

Указда жарандардын укуктук аң-сезими жана укуктук маданиятын жогорулатуу боюнча иштер системалуу жана үзгүлтүксүз алып барылуусу жолго коюлбагандыгы айтып өтүлдү. Элдин, алгачкы кезекте жаштардын укуктук аң-сезими жана укуктук маданиятын жогорулатуу максатында ишке ашуусу зарыл болгон жумуштар указда белгилеп берилген. Анын ичинде: коомдо мыйзамдарга урмат рухунда кароо; мектепке чейинки билим системасынан баштап, элдин бардык катмарларына укуктук аң-сезим жана укуктук маданиятты терең сиңдирүү; жаш муун сезимине укук жана милдет, адалдык жана тазалык түшүнүктөрүн балалыгынан баштап сиңдирүү; мамлекетке тийиштүүлүк, патриоттуулук сезимин күчөйтүү боюнча иш-чараларды жүзөгө ашыруу. Мамлекет органдары, жамаат жана жарандык коомдору институттары биргеликте коомдо укуктук аң-сезим жана укуктук маданиятты жогорулатуу боюнча жүзөгө ашыруу керек болгон иштер да указда белгилеп берилген.

Указда кеңири укуктук жайылтуу иш-чараларын уюштуруу мамлекет органдары жана мекемелеринин жогору тапшырмаларынан экендиги белгиленет.

http://eduportal.uz

Коомдо укуктук аң-сезим жана маданиятты жогорулатуу “жеке жак-үй-бүлө-маале-билим мекемеси-коом” принциби боюнча системалуу жана үзгүлтүксүз уюшулушу да указда белгилеп коюлган.

Указ боюнча: Коомдо укуктук маданиятты жогорулатуу консепциясы жана ушу Концепцияны 2019-жылда жемиштүү ишке ашыруу боюнча “Жол картасы” да бекитилген.

Коомдо укуктук аң-сезим жана укуктук маданиятты жогорулатуу боюнча жүзөгө чыгаруусу мамлекеттик орган болуп Өзбекстан Республикасы Юстиция минстрлиги белгиленген.

Указда Өзбекстан Республикасы Юстиция министрлигине коомдо укуктук аң-сезим жана укуктук маданиятты жогорулатуу боюнча көп иш-чараларын ишке ашыруучулардын иш-аракетин жүзөгө ашыруу, керектүү көрсөтмөлөрдү даярдоо, керектүү сунуштар иштөө боюнча кошумча жумуштар жүктөтүлгөн.

Указда Өзбекстан Республикасы Юстиция министрлигинин Өзбекстан Республикасынын улуттук укуктук интернет порталын жаратуу, Advice.uz укуктук кабар системасын жаратуу, жалпы билим берүүчү мектептери жана академик лицейлерде укуктук билимдер боюнча окуу көнүгүүлөр көлөмүн дагы да кеңейтүү укуктук колдонмолор жаратуу жана элге таратуу, “Укукту жайылтуу иштери мыктысы” төш белгисин берүү тууралуу сунуштар макулданган.

Указда Өзбекстан Республикасы Мектепке чейинки билим, Элге билим берүү, жогору жана атайын билим берүү министрликтери, юстиция министрлиги менен биргеликте тарбияланууучулар, окуучулар жана студенттердин укуктук сабаттуулугун жогорулатууга каратылган механизмдер жаратуу боюнча иш-чаралар белгиленген.

Коомдо укуктук аң-сезим жана укуктук маданиятты жогорулатуу жалпы элдик иш, жалпы улуттук жумуш экендигин эске алган түрдө Өзбекстан Республикасы Министрлер Кабинети, бир топ министрлик жана комитеттер, мамлекет бийлик органдары, агенттиктер, Өзбекстан улуттук телерадиокомпаниясы, башка уюм, мекемелер ишканаларга указда белгиленген милдетти, Концепция жана “Жол картадан” келип чыккан маселелерди аткаруу боюнча мөөнөттүү тапшырмалар келтирилген.

Укуктук билим, тарбия, үгүттөө боюнча мамлекет тарабынан жаратылган шарттардан үнөмдүү пайдалануу жана өз укуктук аң-сезимин өстүрүүнү, укуктук маданиятты калыптандыруу мамлекеттин ар бир жаранынын милдети болот.

## Түшүндүрүп бергиле!

Коомдун демократия жолунан тез өнүгүүсү жана бул багытта ишке ашырылып жаткан реформалардын жемиши, көбүнесе, кишилердин укуктук аң-сезими жана укуктук маданият даражасына байланыштуу. Жогорку укуктук маданият-демокртиялык коом пайдубалы жана укуктук системанын жогорку көрсөткүчү болот.

## Чыгармачыл иш-аракет

*Силердин укуктук маданиятыңарды жогорулатууга кызмат кылуучулар тизмесин дептериңерге жазгыла.*

## Бышыктоо жана кайталоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Укуктук аң-сезим эмне?
2. Укуктук маданият дегенде эмнени түшүнөсүңөр?
3. Укуктук маданиятты калыптандырууда Конституциябыз кандай роль ойнойт?
4. Укуктук маданиятты жогорулатууда зарыл эсептелген дагы кандай укуктук документтерди билесиңер?
5. “Коомдо укуктук аң-сезим жана укуктук маданиятты жогорулатуу системасын түптөн өзгөртүү тууралуу” Президенттин указында кандай маселелер камтылган?
6. Указда коомдо укуктук аң-сезим жана укуктук маданиятты жогорулатуу боюнча кимдерге, кандай жумуштар жүктөлдү?
7. Указ боюнча кандай чаралар жүзөгө ашырылышы эске алынган?
8. Указда тилге алынган Концепция жана “Жол картасы” эмне тууралуу?
9. Указдын мааниси тууралуу эмнелерди айта аласыңар?



http://eduportal.uz

## Бөлүм боюнча жалпы кайталоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Укук деген эмне? Биз "адамдын укугу" дегенде эмнени көздө тутабыз?
2. Объективдүү, субъективдүү укуктардын айырмасын айтып бергиле.
3. Укуктун негизги функцияларын санап, аларды мүнөздөгүлө.
4. Адеп-ахлак менен укуктун негизги айырмачылыгын бөлүп көрсөткүлө.
5. Укуктун нормасы деген эмне?
6. Укуктун нормасы структуралык бөлүктөрүн санап бергиле.
7. Укуктун нормасы белгилерин айтып бергиле.
8. Укук системасы деген эмне?
9. Укук системасы кандай бөлүнөт?
10. Ички жана сырткы укуктук тармактарга эмнелер кирет?
11. Укуктук мамилелер жана алардын катышуучулары деген эмне?
12. Өзбекстан Республикасынын кандай укуктун булактары бар?
13. Конституциябыздын укук булагы катары сыпатта.
14. Өзбекстан Республикасынын мыйзамдары кандай бекитилет?
15. Мыйзам асты документтери эмне?

**Терминдерге ылайык жооптору белгилегиле.**

***1. Укук системасы*** ***2. Укук*** ***3. Адеп - ахлак***

***4. Укук нормалары*** ***5. Укуктук мамиле***

***а)*** *мамлекет тарабынан орнотулган, жалпы үчүн милдеттүү кулк-мүнөз эрежелери.*

***б)*** *кишинин коомдогу кулк-мүнөздү тартипке салууну талап жана эрежелер жыйындысы.*

***в)*** *коомдогу бар укук нормалары жана тармактардын жыйындысы.*

***г)*** *мамлекет тарабынан орнотулган жана ал тарабынан коргоого алынган бардык үчүн милдеттүү кулк-мүнөз эрежелердин системасы.*

***д)*** *анын катышуучулары ортосундагы укуктук (юридикалык) мамилелер болуп, алардын өз ара укук жана милдеттенмелерде көрүнөт.*



http://eduportal.uz

## БӨЛҮМ БОЮНЧА ҮЛГҮЛҮҮ ТЕСТТЕР

**1. Укуктук система – ...**

а) укук номаларынын мыйзамдар жана үзгүлтүксүз булактарда берилиши;

б) бул өз ара байланышкан, бир түрдөгү социалдык мамилелерди тартипке салуучу укуктук нормалар түрүнө тиешелүү;

в) мамлекет тарабынан орнотулган, корголо турган жалпы үчүн милдеттүү болгон адеп-ахлак эрежелери;

г) ар түрдүү, бирок өз ара бекем байланышта болгон юридикалык нормалар жыйындысы.

**2. Ишканалар, мекемелер жана алардын кызматтары ортосундагы эмгек мамилелерин тартипке салуучу укуктук тармакты көрсөт.**

а) Админстративдик укук; б) Конституциялык укук;

в) Эмгек укугу; г) Жарандык укугу.

**3. Укукка тиешелүү белги кайсы?**

а) Келишим негизинде жарандар тарабынан жаратылат;

б) Той-маараке жана үрп-адаттарды тартипке салат;

в) Бардыгы үчүн милдеттүү болот;

г) Адеп-ахлак эрежелерин, улуттук каада-салттарды өз ара жакындаштырат.

**4. Адеп-ахлак кандай пайда болгон?**

а) Коом мүчөлөрү тарабынан орнотулат;

б) Мамлекет тарабынан орнотулат;

в) Укук жана мамлекет менен пайда болот;

г) Мамлекеттин аппараты курамында пайда болгон.

**5. Адеп-ахлак нормаларынын түшүнүктөрүн аныктагыла.**

а) Жакшылык, ыйман, мыйзам, норма;

б) Бакыт, милдет, мамлекет, мыйзам.кылмыш жана жаза;

в) Жакшылык, ыйман, бакыт, милдет, адилет, сүйүү;

г) Жакшылык, адилет, мыйзам, жаза.

**6. Укук –...**

а) мамлекет тарабынан орнотулат, корголот, бардык үчүн милдеттүү;

б) мамлекеттин жардамында өз-өзүнөн калыптанат;



http://eduportal.uz

в) социалдык мамилелердин кең жыйыны;

г) улуттук баалуулуктарга негизделген, мамлекет тарабынан орнотулган, бардык үчүн милдеттүү кулк-мүнөз эрежелери.

**7. Укуктун аң инсандын билим жана руханият даражасына таянган түрдө коомдо амал кылып жаткан ... мазмунун түшүнүү жана маанисин аңдоо.**

а) укуктук талап жана нормалардын; б) мыйзамдардын;

в) Конституция жана мыйзамдардын; г) ахлак эрежелерин.

**8. Жеке жактын укуктук маданияты дегенде жарандын өз укуктарын укуктук аң-сезимине таянган түрдө ... жүзөгө ашырыруу түшүнүлөт.**

а) мыйзамдуулук талаптарына каршы келбей турган;

б) өзгөлөр кызыкчылыктарына каршы келбей турган;

в) өз керектөөлөрүн камсыздоодо ахлак эрежелерине таянып;

г) Конституция статьяларына таянып.

**9. Өзбекстан Республикасы Президенти Шавкат Мирзиёевдин “Коомдо укуктук аң-сезим жана жана укуктук маданиятты жогорулатуу системасын түптөн өркүндөтүү тууралуу” указында коомдо укуктук аң-сезим жана укуктук маданиятты жогорулатуу ... принциби боюнча системалуу жана үзгүлтүксүз уюшулушу белгилеп коюлган.**

а) “жеке жак-коом – мамлекет”

б) “мамлекет органдары – мамлекеттик эмес, коммерциялык эмес уюмдары – өздүк ишканалар”;

в) “жеке жак-үй-бүлө-маале- билим берүү мекемеси-уюм-коом”;

г) “мектепке чейинки билим уясы-орто жана жалпы билим берүүчү мектептерди-лицей жана коллеждер – жогору окуу жайлары”.

**10. Өзбекстан Республикасы Президенти указына көрө коомдо укуктук аң-сезим жана укуктук маданиятты жогорулатуу тармагында тескөөчү мамлекет органы деп... белгиленген.**

а) Өзбекстан Республикасы Башкы прокурору;

б) Өзбекстан Республикасы Ички иштер министирлиги;

в) Өзбекстан Республикасы Билим берүү министирлиги;

г) Өзбекстан Республикасы Юстиция министрлиги.

*Коомубуздун “мыйзам жана адилет – үстөмдүк, кылмышка карата жаза болуу керек” деген принципти колдоо үчүн бар күч жана мүмкүнчүлүктөрүбүздү жумшайбыз.*

***Шавкат Мирзиёев***

# V БӨЛҮМ

# УКУК БУЗУУ ЖАНА УКУКТУК ЖООПКЕРЧИЛИК














***Укук бузуучулук***

***Юридикалык жоопкерчилик***

***Укук коргоочу мамлекеттик органдар***

***Юстиция министрлиги. Адвокатура жана Нотариалдык мекемелер***

***Куралдуу Күчтөр жана жаштарды аскердик-патриоттуулук рухунда тарбиялоо***

22- тема

# Укук бузуучулук

Ташкент шаар ИИББ кабарына көрө 2018-жылы 4-майга өтөр кечинде Ташкент облусунда жашоочу, мурда соттолгон, 24 жаштагы С. Ш., 24 жаштагы Б.Т, И. Х. лар жана Андижан облусунда жашоочу, 23 жаштагы Н. О. 100 миң сумдук номиналдагы улуттук валюта жасалма купюраларын өткөрүү максатында Чиланзар районуна келишкен.

Көрүлгөн иш-чаралардын натыйжасында төмөндө көрсөтүлгөн жигиттер келген автомобиль аныкталып, 4-май күнү саат чамасы 03:30 дарда автоунаа табылды жана токтотулду. Машина көздөн кечирилгенде 100 миң сум номиналдагы 51 жасалма купюра, басылган улуттук валюта купюралары түшүрүлгөн А4 форматындагы 25 барак кагаз жана да жасалма акчаларды даярдоодо пайдаланылган “Canon” принтери аныкталды.

Сот-криминалисттик экспертиза жыйынтыгына көрө, 100 миң сумдук 58 купюра жасалма болуп чыкты.

Жогоруда аты аталган жигиттерге карата Өзбекстан Республикасы Кылмыш кодексинин 176-статьясы 2-бөлүмү боюнча кылмыш иши козголду.

Adolat, 2019- жыл, №19

Үйчү району Алишер Наваий атындагы мааледе жашоочу Закиржан Абдуллаев (аты-фамилиясы өзгөртүлгөн) бул жыл жайында эми эле 15 жашка чыгат. Атасынын күтүлбөгөн өлүмү себеп өспүрүм энеси менен калган. Тилекке каршы жигиттике кадам коюп жаткан жигит жок жерден кыңыр ишке кол урду: бул жылдын башында кошуна үйдө теңтушу менен ойноп жүрүп, кымбат баалуу буюмга көзү түштү, соң эч кимге билдирбей буюмду алып чыгып кетти. Сурабай, жашыруун алынган буюм уурулук болот! Натыйжада бүгүн өзүн да, үй-бүлөсүн да коомчулук, кону-кошуна алдында башы ийик. Азыркыга чейин райондо эң үлгүлүү эсептелген маале атына тамга болду.

Mahalla, 2019- жыл, №23

Өзбекстан Республикасы ИИВ Коомчулук жана ММК менен байланыштар башкармасы кабарына көрө, 2019-жыл 9-май күнү Ташкент шаарынын Яккасарай району ИИБ нө түшкөн документке көрө, анда ушул жылы 4-апрель күнү Мырза Улукбек районунда жашоочу 28 жаштагы Б.Д. Самарканд облусунда жашоочу 23 жаштуу М.Р.ны Японияга жумушка жөнөтүүнү айтып, аны алдап, ишенимине кирип, 6220 АКШ доллары жана 4 500 000 сум акчаны алып, ушул күнгө чейин берген убадасын аткарбай, акчаны өзү үчүн иштетип жибергени көрсөтүлөт. Көрүлгөн чаралар натыйжасында Б.Д. кармалган. Абал боюнча кылмыш иши ачылып, тергөө аракеттери алып барылууда.

Adolat, 2019- жыл, №20

## Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. *Үзүндүдүлөрдү кунт коюп окугула жана аларга өз мамилеңерди билдиргиле.*
2. *Силер турмушта бат-бат угуп турган укук бузуу, укукка карама-каршы социалдык кооптуу, айып, кылмыш, жаза, тартип терминдеринин кайсы бирин бул абалдардын кайсы бирине колдонгон болор элеңер?*
3. *Оюңарча, жогорудагы жеке кишилердин аракеттеринен кайсы бири айланадагыларга көбүрөөк зыян келтирет?*
4. *Укуктук нормалар өзгөргөндө мурда укуктук жактан туура эсептелип, кийин туура эмес болуп калышы мүмкүнбү? Жогорудагылардан мындай абалга мисал барбы? Жок болсо билим жана турмуштук тажрыйбалардан пайдаланып, ушундай абалды сүрөттөгүлө.*

Жеке адамдар белгилүү укуктук эрежелерге, укуктук нормаларга моюн сунушат. Эгерде бул эрежелер бузулса, орнотулган укуктук нормалардын бузулушуна алып келет. Бул болсо **укук бузуу** деп аталат.

Укук бузуучулук деген коомдо орнотулган жана мыйзамдуулук аркылуу белгиленген тартип же жалпы социалдык жашоо эрежелерин бузуу түшүнүлөт.

Укук бузуучулук ар түрдүү формаларда көрүнөт. Укук бузуучулуктун тигил же бул формада көрүнүшү анын белгилерине карайт. Укук бузуучулук формаларына кылмыш, терс аракет, тартип бузуу сыяктуу аракеттерди келтирүү мүмкүн.



http://eduportal.uz

***Укук бузуучулук** – өз кыймыл-аракетин түшүнө турган жана жооп бере ала турган жеке адамдын укукка карама-каршы иш-аракетинен келип чыгуучу күнөөсү болуп саналат.*

Укук бузуунун төмөнкүдөй белгилери бар:социалдык кооптуулук; укукка карама-каршылык; айыптуулук; жазага ылайыктуулук.

**Социалдык кооптуулук**, мында укук бузуу коомдун баалуулуктарына доо келтирет, адамдын өмүрүнө кооп салат, мамлекет жана башка адамдарга зыян келтирет, алардын мүлкүнө зыян келтирет, ошондой эле, жаман акыбеттерди келтирип чыгарып, коом мүчөлөрүнүн таламдарына зыян жеткирет. Өз үй-бүлөсү, ата-энеси, жамааты, дос- туугандарын кыйын, уяттуу абалга салып коёт. Эң жаманы ал өз келечегин жок кылат.

**Укукка карама-каршылык** — укук бузуучунун мыйзам же укуктук нормалар белгилеп койгон милдеттүү болгон талаптарды бузуусу.

**Күнөөкөрдүк** жогоруда айтылгандай, өз иш-аракетин түшүнө жана ага жооп бере ала турган адамдын укукка каршы, мыйзам талаптарына каршы иш-аракетинен келип чыгуучу күнөөсү болуп саналат. Күнөөкөрдүк атайын же этиятсыздан жасалган болот. Адам адам катары жарык дүйнөгө келген соң, анын алдында дайыма эки жол — укуктук нормаларга, мыйзам талаптарына чын дили менен же милдеттүү түрдө баш ийген абалда өз келечегин жаратуу, коом үчүн, өз эли үчүн коомдук пайда келтирүүдөн турат. Экинчи жол болсо, жашоо учурунда укукка карама-каршы, укуктук норма жана мыйзам талаптарын кемсинтип, баш ийбестен жашоо болуп саналат. Айыптуу иш-аракет жасоо, коомго зыян жеткирүү дегени.

**Жазага ылайыктуулук**— бул ар кандай укук бузуу жасаган адамдын ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан **жоопкерчиликке** тартылышы, **жаза** болсо укук бузуу жасагандан кийин айыптуу деп табылган адамга карата колдонулуучу, укук бузуучуну белгилүү бир укук жана эркиндиктеринен ажыратуудан турган мажбурлоо чарасы.

Жогоруда айтып өтүлгөндөй, коом үчүн кооптуу болгон ар кандай кылмыш укук бузуу деп аталат. Укуктук нормалар бардык коомдук мамилелерди тартипке салат. Укук бузуу адатта 4 топко бөлүнөт:тартиптик укук бузуу; жарандык укук бузуу; административдик укук бузуу; кылмыштык укук бузуу.

**Тартиптик укук бузуу** — кызмат милдетин аткарып турганда ар кандай жумушта милдеттүү болгон эмгек тартип-эрежелерин жана жетекчиликке баш ийүү принциптеринин бузулушу. Мисалы, жумушка, окууга кеч калуу же себепсиз келбөө, же себепсиз кетип калуу, жумушка мас абалда, спирттик ичимдиктер, наркотикалык заттар кабыл алган абалда келүү жана башкалар.

***Кылмыш кодекси** – коом үчүн кооптуу болгон кылмыш (аракет же аракетсиздик).*




**Кылмыш КК менен тыюу салынган, айыптуу, социалдык кооптуу аракет (же аракетсиздик) жаза колдонуу менен кылмыш деп табылат.**

*14- статьясы.*

**Жарандык укук бузуу** – адамдардын мүлкүнө же адамдарга каршы, мыйзамга каршы терс аракет (же аракетсиздик) натыйжасында жеткирилген зыян. Мисалы: бир адамдан карыз алып аны убагында кайтарбастык, келишимдерди, милдеттенмелерди аткарбастык жана башкалар.

**Кылмыштык укук бузуу** – кылмыш жасоо, башкача айтканда уурулук, талоончулук, адам өлтүрүү, милиция кызматчысына каршылык көрсөтүү жана башкалар.

**Административдик укук бузуу** – мыйзам боюнча административдик жоопкерчиликке тартуу көздө тутулган, жарандарга, табигый чөйрөгө карата (атайын же этиятсыздан) жасалган аракет же аракетсиздик. Мисалы: ээн баштык, жол кыймылы жана транспорт каражаттарынан пайдалануу эрежелери, паспорт системасы жана каттоого коюу эрежеси (аскердик күбөлүк жана паспортту), электр энергиясынан пайдалануу эрежелерин бузуу, айлана-чөйрөнү, тарыхый жана маданий эстеликтерди коргоо тармагындагы укук бузууларды алуу мүмкүн.

Укук бузуучулук түшүнчөсүн тереңирээк үйрөнүү үчүн укук бузуучулуктун объекти жана субъектин ажырата алууну үйрөнүшүбүз зарыл.

**Укук бузуунун объекти** – укук менен тартипке салынган жана корголо турган социалдык мамиле. Социалдык мамиледе адамдар социалдык турмушта өз аракеттерине жооп беришет. Алар социалдык турмушта бири-бири менен мамилеге киришишет. Мына ушундай

http://eduportal.uz

мамилелер – мамилелер болуп саналат.

**Укук бузуунун субьекти** – мыйзамсыз айып иш жасаса ал киши **укук бузуучу** деп аталат.

Ар бир адам укук бузуучу деп эсептелбейт, ал үчүн өз кылмышына жооп берүүгө жарамдуу болууга тийиш.

## Түшүндүрүп бергиле!

Дээрлик ар дайым адамдын алдына укукка каршы түрдө аракет кылууну тандоо мүмкүнчүлгү болот. Эгерде ал экинчи жолду тандаса бул оболу анын өзүнө, жадагалса, коомго зыян келтирет.

## Чыгармачыл иш-аракет

*Чакан аңгеме түзгүлө. Анда укук бузуу түшүнүгүн, анын негизги белгилерин, түрлөрүн туюнтуучу абалдарды сүрөттөгүлө.*

*Мында класста укук бузуунун түрлөрү боюнча 4 топко бөлүнгүлө жана тиешелүү түргө таандык абалдарды сүрөттөгүлө.*

*Аңгемеңерди класста окуп бергиле, башка топтор аңгемесин окуп топко суроолор берип, талкууласын.*

## Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. Укук бузуу түшүнүгүн чечмелеп бергиле.
2. Укук бузуунун кандай белгилери бар?
3. Социалдык кооп кандай абалдарда келип чыгышы мүмкүн?
4. Укукка карама-каршылык терминин кандай түшүнөсүңөр?
5. Айыптуулук деген эмне?
6. Жазалануу, жоопкерчилик жана жаза түшүнүктөрүнө айкындык киргизгиле.
7. Укук бузуунун кандай түрлөрү бар?
8. Тартиптик укук бузуу менен жарандык укук бузуунун, административдик укук бузуу менен кылмыштык укук бузуунун ортосундагы айырмачылыктарды баяндагыла.
9. Оюңарча, укук бузуунун кайсы түрлөрү эң оор эсептелет? Эмне үчүн?
10. Укук бузуучулукка жол койбостук үчүн кандай чаралар көрүлүшү керек деп ойлойсуңар?



http://eduportal.kz

*23- тема*

# Юридикалык жоопкерчилик

Ташкент шаар экология жана айлана-чөйрөнү коргоо башкармасынын күндүк күзөт натыйжаларына көрө, 2017-жылы октябрь айынан 2018-жылы октябрь айына чейин болгон доордо Ташкент шаарында мыйзам талаптары бузулган 14 миң 733 абал аныкталган. 2017-жылда мансаптуу жактар тарабынан өндүрүш калдыктарын ташуу боюнча 48 жолу, жок кылууда 7 жолу мыйзам бузуучулкка жол коюлган. Өндүрүш таштандыларын ташууда жарандар ортосунда 90 жолу мыйзам бузуучулук абалы пайда болгон.

Ошондой эле 2017-жылдын декабрь-2018-жыл май айлары аралыгында чыгындылар менен иштөөдө мыйзам бузулууга жол койгон 517 жаран жоопкерчиликке тартылып, аларга 93,1 миллион сум айып салынган.

Jamiyat, 2018- жыл, №41

Өзбекстан Республикасынын Админстративдик жоопкерчилик туурасындагы кодекси 128-статьясына көрө, айдоочулардын тышкы жарытуу аспаптарынан пайдалануу эрежелерини бузуу, ошондой эле жүргүнчүлөргө ылай суу чачуусу эң аз иш акынын экиден бир бөлүгү өлчөмдө айып салууга себеп болот (101365 сум).

Ушундай укук бузуучулукту админстративдик жаза колдонулгандан соң бир жыл ичинде дагы бир жолу иштөө – эң кем иш акынын бир барабары өчөмүндө (202730 сум), ушундай укук бузуучулукту эки жолу админстративдик жаза алгандан соң бир жыл ичинде дагы бузуу– эң кем иш акынын үч эсе өлчөмүндө (608190 сум), куду ушундай укук бузуучулук үч жолу жана андан артык админстративдик жаза колдонулгандан соң бир жыл ичинде дагы бузуу–эң аз иш акынын төрт эсеси (810920 сум) өлчөмүндө айып салууга же транспортту башкаруу укугунан–алты ай мөөнөткө чектөөгө себеп болот.

“Adolat ko‘zgusi”, 2019- жыл, №20

Надыр Матназаров жана Алым Базаров (аты жөнү өзгөртүлгөн)

Үчтепа району Лутфий көчөсүндө жайгашкан ашкана жанында 8 миң АКШ доллары мыйзамга каршы түрдө 68400000 сумга сатылып жатканда “капкага” түштү. Чет эл валютасы менен мыйзамсыз соода кылгандарга карата кылмыш иши козголду.

“Аттиң, мындай болуусун билбептирмин”, деп өкүнүчтө алар.

Айтуу керек, укук бузуучулар пайда алуу максатында мындай талаптарын бузган. Доллар алды-саттысын акча табуум керек дегендер соодасы “бышбады”. Акыбети болсо балекет болду.

Чет эл валютасы соодасы менен алектенендерге карата документ кылынды. Алардын экөөсү тең жазага тартылды.

8 миң АКШ доллары болсо мамлекет эсебине өткөрүлөт.

Toshkent oqshomi, 2019- жыл, №83

## Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. *Жогорудагы үзүндүлөрдө келтирилген укук бузуучулуктар, көрүп турганыңардай, ар түрдүү тармактарга тийиштүү, Бирок, айткыла-чы, алардын кандай жалпы тараптары бар?*
2. *Келтирилген үзүндүлөрдөгү укук бузуучлуктар үчүн кандай жаза чараларын колдоо керек деп ойлойсуңар?*
3. *Бул жаза чараларыны колдоо укукбузуучулукту кылган кишилердин келечекте мындай иш-аракеттер кылбастыктарынын алдын ала алабы? Жообуңарды негиздегиле.*
4. *Үзүндүлөрдө бир убакыттын өзүндө бир нече түрдөгү жазага ылайык укук бузуучулукка мисал барбы? Жообуңарды негиздегиле.*

Укук бузуу үчүн жазанын бар экендиги, ар кандай укук бузуу белгилүү бир жоопкерчилик менен байланыштуулугу табигый абал. Бирок **социалдык жоопкерчиликтин бардык формалары** да дайыма укуктук жоопкерчилик менен бир түрдүү эмес.

Укуктук нормаларга негизделген жана мамлекеттин мажбурлоо нормалары менен байланыштуу болгон жоопкерчилик укуктук жоопкерчиликти түзөт жана дал ушул жоопкерчиликти үйрөнүү укук таануу предметинин милдеттеринен бири болуп саналат.

**Юридикалык жоопкерчиликке** негиз болуп укук бузуучулук, башкача айтканда укуктук нормаларды бузуу негиз эсептелет.

***Юридикалык жоопкерчилик*** – укук бузуучулукту жасаган адамдын укук нормаларына негизделген, өз кылмышы үчүн жооп берүү  мамлекеттин мажбурлоо чаралары көрүнүшүндөгү натыйжаларга алып келиши жана аларды баштан кечирүүсү болот.

Укук бузуунун түрлөрү укуктук жоопкерчилик түрлөрүнө дал келет:

- ♦ жарандык укук бузуу – жарандык (материалдык) жоопкерчиликти;
- ♦ административдик укук бузуу – административдик жоопкерчиликти;
- ♦ тартиптик укук бузуу – социалдык жоопкерчиликти;
- ♦ кылмыштык укук  бузуу – кылмыштык жоопкерчиликти келтирип чыгарат.

Юридикалык жоопкерчилик **сот тартибинде, админстративдик тартипте** же **тартиптик тартипте** максатка ашырылат.

Юридикалык жоопкерчиликтин эки түрү айырмаланды:

1) Айып же жаза;
2) Укукту калыбына келтирүүчү жоопкерчилик.

**Айып** же **жаза** түрү өз кезегинде төмөнкүлөрдөн турат:

Ыйгарымдуу  орган мыйзам негизинде укук бузуучуга карата юридикалык жоопкерчилик чараларын колдойт. Бул чаралар социалдык мамилелерди бышыктоо, тартипке салуу жана коргоого каратылган.

Юридикалык жоопкерчилик төмөнкү принциптерге негизделет: мыйзамчылык; адилеттүүлүк; жазанын дайын болуусу; максатка ылайыктуулук; боорукерлик; айып үчүн жоопкердик; укук бузуучунун бир укук бузуусу үчүн бир нече жактан жоопкерчиликке тартылуусуна жол коюлбастыгы.

**Тартиптик** – Өзбекстан Республикасынын Эмгек Кодексинин 181-статьясына ылайык төмөнкү түрлөрдөн турат:

♦ сөгүш жарыялоо; айып салуу; эмгек келишимин жокко чыгаруу. Тартиптик жазалар ишке кабыл алуу укукугуна ээ болгон жеке адамдар (органдар) тарабынан колдонулат.

**Жарандык** – жарандык укук бузуучулугу үчүн айыптуу толук материалдык жана руханий жооп бериши түшүнүлөт.

**Админстративдик** жазалар төмөнкүлөр:

♦ айып; акысын төлөө шарты менен буюмун алып коюу; буюмун конфискациялоо; атайын укуктан (транспорт башкаруу укугунан, аң уулоо укугунан) ажыратуу; административдик камак: 3 суткадан 15 суткага чейин, айрым учурларда 30 суткага чейин.



http://eduportal.uz

**Кылмыштык** – Кылмыш Кодексинин 43-статьясы боюнча:

- айып; белгилүү укуктан ажыратуу; түзөтүү иштери; кызмат боюнча чектөө; азаттыкты чектөө; тартип колонияларына жөнөтүү; эркинен ажыратуу.

Кылмышкерлерге негизги жазалардан тышкары төмөнкү кошумча жазалар да берилет:

- аскердик же атайын чининен ажыратуу;
- укукту тикелөө жоопкерчилиги – айыпсыз бузулган укуктарын калыбына келтирүү, аткарылбаган милдеттенмелерди мажбурлап аткартыруудан турат.

Мында укук бузуучулук жасаган жеке жак мамлекет органдарын кошпостон, өз демилгеси менен бузулган укуктарын өзү калыбына келтирүүсү мүмкүн. Бирок, мында да ага карата кошумча жаза чаралары көрүлүүсү мүмкүн.

***Даанышмандар казынасынан!***

Катуу жаза чаралары колдонулуп кылмыштуулук үчүн өз ара жоопкерчилик системасы түзүлсө, адамдар өздөрүндө мыйзамдын күчүн сыноого эрк таба албайт.

(*Шан Ян*)

## Түшүндүрүп бергиле!

Мыйзамдар доордун талабы, замандын өзгөрүшү менен пайда болот, керектөө жана зарылдыктын негизинде жаралат. Ал эми керектөө жана зарылчылык болсо шарт жаралганда гана пайда болот. Мына ушул шартта (негизинде) кылмышка жараша жаза дайындоо практикасы да өркүндөп барышы табигый.

## Чыгармачыл иш-аракет

*"Укук бузуу түшүнүгү" темасынын аягында берилген чыгармачыл ишмердүүлүк рубрикасы астында түзгөн аңгемеңердеги укук бузуулар үчүн силер түзгөн шарттуу мамлекетиңердин мыйзамдуулугуна негизделип жаза чараларын белгилегиле.*

*Мында укук бузуу үчүн жаза алышуу керектиги принциби менен бирге "боорукердик" принцибин да эстен чыгарбагыла!*



http://eduportal.uz

**2008-жылдын 1-январынан баштап Өзбекстан Республикасында өлүм жазасы бекер кылынып, анын ордуна өмүр бою же узак мөөнөткө азаттыктан ажыратуу жазасы белгиленди.**

Коом турмушун башкарууда белгилүү бир укуктук усулдардын бар экендиги ушул мааниде маданий-руханий абал, социалдык адилеттүүлүктүн деңгээлинен дарек берет. Ушул мааниде тарыхый-маданий жетишкендигибиз үчүн салттык болгон мыйзамдуулуктун түзүктүк формасы ошол байыркы замандарда эле коомдук турмушта өз ордун тапкан. Кытай тарыхчыларынын маалыматтарына караганда хандык атайын коргоодо туруучу "Түрк түзүктөрү" (мыйзамдар жыйындысы) негизинде тартипке салынган жана ар бир жасалган мыйзам бузуулар, кылмыштар үчүн жазалар белгиленген.

Түзүкчүлүк – мыйзамдуулук турмушка байланышкан түрдө калыптанып барган. Мисалы, кылмышкер кандайдыр бир адамдын көзүнө зыян жеткирген болсо, белгиленген жоопкерчиликке ылайык, айыпталуучу жабыр көргөнгө өзүнүн кызын, кызы болбосо аялынын мүлкүн бериши шарт кылып коюлган. Жыйынтыктап айтканда, коом жана мамлекетти мыйзамдардын негизинде башкаруу, ошондой эле, мамлекеттин калкынын мыйзамдарга сөзсүз баш ийүү салты өз дооруна ылайык түрдө улантылган жана өркүндөп барган.

## Бышыктоо жана кайталоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Укуктук жоопкерчилик дегенде эмнени түшүнөсүңөр?
2. Мамлекетибиздин мыйзамчылыгында укуктук жоопкерчилик канча жана кандай түрлөргө ажыратылган?
3. Укуктук жоопкерчиликке эмне негиз болуп кызмат кылат?
4. Укуктук жоопкерчилик кандай тартипте ишке ашырылат?
5. Тартиптик жаза кандай абалдарда белгиленет, кандай түрлөрү бар?
6. Жарандык (материалдык) жоопкерчиликке түшүнүк бергиле, ал кандай абалдарда колдонулушун айткыла.
7. Административдик жоопкерчиликке кандай түрдөгү жазалар кирет?
8. Кылмыштык жоопкерчилик эмне? Ал кандай укук бузуу абалдарында колдонулат жана анын негизги касиеттери эмнелерден турат?
9. Юридикалык жоопкерчиликке тартуу ким тарабынан амалга ашырылат?

**24- тема**

# Укук коргоочу мамлекеттик органдар

| | | |
|---|---|---|
| Прокуратура | Юстиция министрлиги | Ички иштер министрлиги |
| Мамлекеттик коопсуздук кызматы | Мамлекеттик салык комитети | Мамлекеттик бажыкана комитети |

## Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. *Атап өтүлгөн укук коргоочу органдардын иши боюнча кандай маалыматыңар бар? Классташыңар менен талкуулагыла.*
2. *Эгерде силер велосипедиңерди уурдатып койсоңор тездик менен кимге кабар бересиңер?*
3. *Кылмышкерди соттоо учурунда аны ким айыптайт (“каралайт ”)*
4. *Ушул кылмышкерди ким коргойт(“актайт ”)?*
5. *Атаңар автомашинасын сатмакчы болсо кайсы органга кайрылуусу керек?*
6. *Атап өтүлгөн органдарды эмне себептен жалпылаштырып “укук коргоочу органдар” деп атайбыз?*

**Укук коргоочу мамлекеттик орган** бул – мыйзам жолу менен түзүлүүчү, өз түзүлүшүнө, социалдык турмушта мыйзамчылыкты жана укуктук тартипти камсыздоо боюнча анык белгиленген ыйгарым укугуна ээ болгон мамлекеттик орган.

Мыйзам боюнча Өзбекстан Республикасында укук коргоочу мамлекеттик органдардын системасын, негизинен, төмөнкүлөр түзөт:

- Сот системасы;
- Юстиция министрлиги жана анын органдары;
- Прокуратура органдары;
- Ички иштер министрлиги;
- Мамлекеттик коопсуздук кызматы;
- Мамлекеттик салык комитети.

**Прокуратура** органдары укук коргоочу органдар системасында



http://eduportal.uz




негизги орунду ээлейт. Прокуратура органдары жана алардын кызматчылары эсептелген прокурорлордун милдеттери төмөнкүлөрдөн турат:

- жарандардын укуктарын жана кызыкчылыктарын, Конституциялык системаны коргоо;
- коомдо мыйзам үстөмдүгүн камсыздоо;
- укук бузуучулуктардын алдын алуу, аныктоо жана каршы күрөшүү;
- өздүк мүлк жана ишкердикти колдоп-кубаттоо.

***“Прокурор”*** *французча сөз болуп, “каралоочу” деген маанини билдирет. Бирок латынчада “камкордук кылуу” маанисин билдирет.*

Прокуратуранын негизги милдети – мыйзам үстөмдүгүн камсыздоо, жарандардын укук жана эркиндиктерин, мамлекет системасын, мамлекет жана жарандардын мүлктөрүн түрдүү кылмышкерлер, укук бузуучулардан коргоо. Прокурордун көзөмөлү мамлекеттин атынан, мамлекеттин жогорку органы болгон Өзбекстан Республикасы Олий Мажлисинин атынан ишке ашырылат.

Өзүнүн багыттары боюнча иш алып барылып жаткан прокуратуранын бүгүнкү күндөгү курамына Өзбекстан Республикасынын прокуратурасы, Каракалпакстан Республикасынын прокуратурасы, Ташкент шаарынын прокуратурасы, Облус прокуратуралары, шаарлар жана райондордук прокуратуралары, башка адистештирилген прокуратуралар кирет.

Соңку жылдарда журтубузда алып барылып жаткан реформаларда прократура системасында да түп жаңылануулар болду. Анын ичинде, Президентибиз Шавкат Мирзиёев тарабынан прократура органдарынын мыйзамдуулукту бышыктоо, мыйзамдарга сөзсүз баш ийүүнү камсыздоо, жарандардын укуктук маданиятын жогорулатуу, демократиялык укуктук мамлекетти калыптандырып, өздүк (жеке) мүлк жана ишкердиктин өнүгүшүн колдоп кубаттоого, коргоо боюнча жооптуу экендиги өзгөчө белгиленди.

Өзбекстан Республикасы Президентинин 2019-жылы 23-майдагы указы боюнча Башкы прокуратура алдында (МАБ) Милдеттүү аткаруу бюросу уюшулду жана анын милдетине энергия ресурстары үчүн төлөмдөрдү өз убагында жана толук өндүрүү, электр жана газ тармактарына мыйзамсыз улануу жана да талоондун алдын

алуу, сот документтери ж,б. документердин аткарылуусун сөзсүз камсыздоо жумуштары жүктөлдү.

Милдеттү аткаруу бюросу тарабынан өндүрүлгөн акчалар электр жана газ тармактарын модернизация кылуу, жаңы иштеп чыгаруу, кызмат көрсөтүү объекттерин ишке салуу, элдин турмуш даражасы



*Өзбекстан Республикасы чөлкөмүндө мыйзамдардын так жана бирдей аткарылуусу үстүнөн күзөтүү Өзбекстан Республикасы Башкы прокурору жана ага баш ийүүчү прокурорлор ишке ашырат.*

*118- статья.*

жана бардарчылыкты жогорулатуу сыяктуу максатта багыттоо назарда тутулат.

Прокуратура органдарын уюштуруу, алардын иш алып баруу тартиби жана ыйгарым укуку Өзбекстан Республикасынын Конститу-



Өзбекстан Республикасы Мамлекеттик коопсуздук кызматы укугу коргоо органдары системасынын зарыл мууну болот. Ал Өзбекстан Республикасынын конституциялык системасы, суверенитети, аймактык бүтүндүгү кызыкчылыктарын тышкы жана ички кооптордон коргоочу укуктуу орган катары иш жүрүтөт.

Өзбекстан Республикасы Президенти Шавкат Мирзиёевдин 2018-жылы 14-марттагы “Өзбекстан Республикасы мамлекеттик коопсуздук системасын карап чыгуу иш-чаралары тууралуу” указы менен Өзбекстан Республикасы Мамлекеттик коопсуздук кызматына айландырылды. Мында ар кандай, кээде кичине көлөмдөгү көйгөй да мамлекеттин улуттук коопсуздугуна байланышы бардай, бул атайын кызмат масалелери тегерегине киритилүүчү жана анын укуктарын өтө көбөйтүп жиберишке жол койбостук указда көздө тутулган зарыл жактарынан эле. Мамлекеттин коопсуздук кызматы мамлекеттик деңгээлдеги укуктук коопторду өз ыйгарым чегинде деп кароосу алардын алдын алуу, аныктоо, аларга каршы күрөшүүнү өзүнүн максат жана жумушуна айландыруусу бул указда белгилеп коюлган. Ушул указ коопсуздук кызматындагы түп реформага негиз салды десе болот.

Өзбекстан Республикасы Мамлекеттик коопсуздук кызматы

http://eduportal.uz

2018-жылы 5-апрелде кабыл алынган “Мамлекеттик Коопсуздук кызматы тууралуу” мыйзам негизинде иш жүргүзөт.

Өзбекстан Республикасы Мамлекеттик Коопсуздук кызматы төмөнкү жумуштарды ишке ашырат:

- мамлекеттин коопсуздугу жана кызыкчылыктарын тышкы жана ички кооптордон коргоо. Бул багытта мыйзам бузуулардын алдын алуу,аныктоо жана токтотуу. Бул багытта разведка жана контрразведка ишин жүзөгө ашыруу;
- өлкө мамлекеттик чек араларын коргоо, сактоо;
- мамлекет коопсуздугуна жана кызыкчылыктарына кооп салуусу мүмкүн болгон улуттар аралык, этникалык жана диний коопторго себеп болуусу мүмкүн болгон бөлүп жаруучулук иш-аракеттерин алдын алуу, аныктоо жана токтотуу;
- терроризм, экстремизм, уюшкан кылмыштуулук сыяктуу илдеттердин алдын алуу, аныктоо, токтотуу;
- курал-жарак, наркотикалык заттар жана психотроп заттардын мыйзамсыз айлануусуна каршы күрөшүү;
- мамлекет сыры менен байланыштуу жерлерде бул сырлардын сакталышы, атайын байланыш жана кабар коопсуздугун камсыз этүү үстүнөн күзөттү жүзөгө ашыруу;
- мамлекет кызматчылары жана коопсуздугуна кооп салуусу мүмкүн болгон коррупцияга каршы күрөш алып баруу;
- экономикалык, илимий-техникалык, социалдык, тарыхый-маданий, руханий багыттарда мамлекет кызыкчылыктары жана коопсуздугу менен байланыштуу жана да өз ыйгарым укугу чечинде болгон иш аракет менен иш жүргүзөт.

Өзбекстан Республикасы Мамлекеттик салык комитети мамлекеттик



башкаруу органы болуп, салык багыттындагы мыйзам документтерине баш ийүүсү, мамлекеттин экономикалык кызыкчылыктары жана мүлктүк укуктарды коргоосун камсыздоо боюнча күзөттү жолго коюу анын негизги иш-аракет максаттарынан болот.

Мамлекеттик салык комитетинин негизги милдеттери төмөнкүлөр:

- салык багытында мамлекет саясатын ишке ашыруу;
- салыктардын туура жана өз убагында эсептелиши, төлөнүшү

жана мамлекет бюджети жана мамлекет максаттуу фонддоруна түшүүсүн камсыздоо;

- салыкка тартуу объекттери жана субъекттеринин толук жана анык эсебин жүргүтүү;
- салык салынуучу базаны кеңитүү салыктардын чогултулушун жогорулатуу, салык багытындагы укук бузуучулуктарга каршы күрөшүү боюнча иш чараларды иштөө.

Ушу жана ага окшош жумуштарды аткарууга Мамлекеттик салык комитети Салык кодексине оошпой таянат.

Мамлекетибизде ишке ашырылып жаткан салык реформалары натыйжасында 2019-жылы 1-январдан баштап жаңыланган, эл аралык тажырыйбаны эске алып, жаратылган салык системасы ишке түштү. Мында салыктар саны азайтырылды, жөнөкөйлөндү. Салык төөлөчүлөр үчүн салык жүгү жеңилдетилди.

Өзбекстан Республикасы Мамлекеттик бажы комитети,




Мамлекеттик бажы комитетинин Каракалпакстан Республикасы, облустар, Ташкент шаары боюнча башкармалары, бажы комплекстери жана бажы посторунан турган бажы органдары укукту коргоо органдары болот. Алар Өзбекстан Республикасынын бирдиктүү бажыкана саясатын максатка ашырууга жоопкер. Бажыкана органдарынын негизиги максаты мамлекетибиз экономикалык кызыкчылыктарын коргоодон турат.

Бажыкана органдары өз ишмердигин Өзбекстан Республикасынын Конституциясы, "Мамлекеттик бажыкана кызматы туурасындагы" мыйзамга, башка мыйзам документтерин аткарууга, бажыкана төлөөлөрүн өндүрүү, бажыкана тармагындагы укук бузуучулуктардын алдын алууга, аныктоо жана аларга чек коюу сыяктууларды ажыратып көрсөтүү мүмкүн.

Соңку жылдарда максатка ашырылып жаткан реформалар бажыкана тармагын да четтеп өтпөдү. Натыйжада мамлекетибизиде түптөн жаңыланган, заманбап, эл аралык нускаларга ылайык система жаратылууда.

***Даанышмандар казынасынан!***

Даанышман вазир, өз ордуна карап, кээде катуу талап кылуучу, кээде болсо жоош болуп иш жүргүзөт. Мындай вазир артыкча катуу талап да кылбайт, көп жоош болуп жумшап да кетпейт. Эгер көп жооштук кылса ач көз, жулгуч адамдар аны жутуп жиберишет. Эгер артыкча катуу талап кылуучу болсо, андан качышат жана ага кайрылбайт. Демек, даанышман вазир, бийлик мекемесинин иштерин эң туура чараларды колдоп, жакшы түшүнгөн абалда ишке ашырып, мамлекетти тартипке келтирет. *(Амир Темур)*

## Чыгармачыл иш-аракет

*Түзгөн шарттуу мамлекетиңерде:*

*1. Укук коргоо органдарынын кайсы бири зарыл деп эсептесеңер, ошолорду түзгүлө.*
*2. Прокуратурага кандай милдеттерди жүктөйсүңөр?*
*3. Ички иштер органдарыначы?*
*4. Мамлекеттик коопсуздук кызматыначы?*
*5. Мамлекеттик салык органдарыначы?*
*6. Мамлекеттик бажы органдарыначы?*

## Бышыктоо, кайталоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Кандай органдарды биз укук коргоочу органдар деп атайбыз?
2. Укук коргоочу мамлекеттик органдар системасына кайсы органдар кирет?
3. Прокуратуранын бул системадагы орду кандай?
4. Мамлекет тарабынан Прокуратурага кандай милдеттер жүктөлгөн?
5. Ички иштер органдары кандай милдеттерди аткарат?
6. Ички иштер органдары кандай ыйгарымдуулуктарга ээ?
7. Мамлекеттик Коопсуздук кызматы кандай орган?
8. Мамлекеттик Коопсуздук кызматы кандай милдеттерди аткарат?
9. Мамлекеттик Коопсуздук кызматы тизиминдеги реформалар тууралуу эмнелерди билесиңер?
10. Мамлекеттик Салык системасындагы реформалар тууралуу эмнелерди билесиңер?
11. Мамлекеттик бажы органы тууралуу билгендериңерди айткыла.



http://eduportal.uz

**25- тема**

# Юстиция министрлиги. Адвокатура жана Нотариалдык мекемелер


















## Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

*1. Силер Юстиция министрлиги тууралуу кандай малыматтарга ээсиңер?*

*2. Районуң (шаарың) да район (шаар) юстиция бөлүмү ачылгандыгынан кабарың барбы?Бул бөлүм кандай иш-аракет менен алекеттенүүсүн билесиңби? Билгендериңерди классташтарыңар менен бөлүшкүлө.*

*3. Мамлекет кызматтары борбору тууралуу эмнелерди билесиңер?*

*4. Бул борбордун калкка жараткан ыңгайлуулуктары тууралуу пикир билдиргиле.*

*5. Адвокатура же адвокаттар жөнүндө эмнелерди билесиңер?*

*6. Нотариалдык мекемелер же нотариустар жөнүндөчү?*




Мамлекетибиз укук коргоочу органдары курамында юстиция органдары негизги орунда турат. Өзгөчө, Президентибиз Шавкат Мирзиёев демилгеси менен максатка ашырылып жаткан укуктук реформалар натыйжасында юстиция органдарынын мамлекетибиз жана коомдогу орду жана аброю дагы да өстү.

**“Адлия”** (юстиция) сөзү арабча “адилет, тууралык,чынчылдык” деген маанилерди билдирет.

Өзбекстан Республикасы Президентинин “Мамлекет укуктук саясатын максатка ашырууда юстиция органдары жана мекемелери иш аракетин түптөн күчөтүү иш-чаралары жөнүндөгү” указы негизинде юстиция багытында вертикаль башкарууну күчөтүү максатында райондор (шаарлар) юстиция бөлүмдөрүнүн уюштурулушу белгилеп коюлду. Натыйжада өлкөбүз юстиция органдары тизими төмөнкүдөй көрүнүш алды:

– Өзбекстан Республикасынын Юстиция министрлиги;
– Каракалпакстан Республикасынын Юстиция министрлиги;
– Облус юстиция башкармалары;
– Ташкент шаардык юстиция башкармалары;
– район (шаар) юстиция бөлүмдөрү.

Юстиция министрлиги – укуктук демократиялык мамлекет жана жарандык коому курууда мамлекет саясатын, мыйзамдарды иштеп чыгууну сапаттуу уюштуруу, укуктук нормаларды турмушка туура жана тең колдоону жүзөгө чыгаруучу мамлекеттик органы болот.

Юстиция органдары иш-аракетине Юстиция министрлиги жетекчилик кылат, республикабыздагы бардык министрлер сыяктуу, юстиция министри да Президент тарабынан дайындалып, өкмөт мүчөсү эсептелет.

Юстиция министри укукту иштеп чыгуу, кабыл алуу сапаты жана укук нормалары (эрежелерин) турмушта колдоо жөнүндө ар жылы Олий Мажлистин Сенатына кабар берет.

Юстиция органдарынын негизги милдеттери төмөнкүлөрдөн турат:

- кабыл алынган мыйзамдар, башка нормативдик-укуктук документтердин мазмуну, маанисин аткаруучуларга жеткирүү “республика-облус-район-маале” принциби боюнча укукту коргоочу жана сот органдары менен биргеликте укуктук пропаганданы ишке ашырат жана элдин укуктук сабатсыздыгын жоёт;
- Конституция жана мыйзамдар менен бекемделген адамдын укук жана эркиндиктерин коргоону камсыздоо;
- укуктук көйгөйлөрдү үйрөнүү жана да укуктук документтер аткарылуусун камсыздоо;
- саясий партияларды тизмеге каттоо;
- жеке жана юридикалык жактарга укуктук кызмат көрсөтүүнү

камсыздоо, нотариалдык мекемелерди, нотариус кызматын уюштуруу жана түгөтүү, нотариустар билимин жогорулатуу, аларды аттестациядан өткөрүү тартибин белгилөө;

- адвокаттык түзүлмөлөрү жана Өзбекстан Республикасы Адвокаттар палатасы иш-аракетин түзүү, адвокатурага лицензия берүү;
- юридикалык кадрларды даярдоо, кайра даярдоо жана билимин өркүндөтүүнү ишке ашыруу.

Юстиция министрлиги улуттук интернет порталына ээ болуп, анда чыныгы маалыматтар, же юридикалык сөздүктөр, электрон укуктук колдонмолор, мыйзам документтери долбоорлорунун талкуусун онлайн форуму бар.

Өзбекстан Республикасы Президентинин 2019-жылы 9-январдагы “Коомдо укуктук аң жана укуктук маданиятты жогорулатуу системасын түптөн бекемдөө жөнүндөгү” указында Өзбекстан Республикасы Юстиция минстрлиги коомдо укуктук аң жана укуктук маданиятты жогорулатуу тармагында уюштуруучу мамлекет органы кылып белгиленген.

Силердин укуктук таалим-тарбияңарды жүзөгө чыгарууда да юстиция органдарынын үлүшү чоң. Анын ичинде, окуучу жана студенттердин укуктук билимдерин үзгүлтүксүз жогорулатуу үчүн окуу прграммалары, окуу китептери, окуу материалдары даярдалуусун уюштуруу юстиция органдары тарабынан ишке ашырылат.

Президентибиз тарабынан алга сүрүлгөн “Эл мамлекет мекемелерине эмес, мамлекет мекемелери элибизге кызмат кылышы керек” деген улуу бир идеяны ишке ашыруу үчүн Өзбекстан Республикасы Юстиция министрлиги алдында Мамлекеттик кызматтары агенттиги жана анын аймактык бөлүмдөрү уюшулган.

"Бирдиктүү терезе" принциби негизинде үй-жайларга суу жеткирип берүү, канализация, ысыктык берүү, жекече үй куруу үчүн уруксат алуу, прописка, пропискадан чыгуу,түрдүү архив маалыматтары, (патенттер) күбөлүктөр жана расмий документтер дубликаттарын алуу сыяктуу кызматтар көрсөтүлөт. Натыйжада Мамлекеттик кызматтары борборлору элдин убакыт жана каражаттарын үнөмдөө максатында бирдиктүү жай катары уюшулду.

**Адвокатура** — укуктук институт (атайын топ) болуп, ал адвокаттык ишмердик менен алектенүүчү адамдар, ошондой эле жеке адвокаттык менен алектенүүчү айрыма адамдардын өз алдынча, ыктыярдуу кесиптик бирикмеси. Адвокатура Өзбекстан Республикасы

Конституциясы жана “Адвокатура жөнүндөгү” мыйзамга ылайык Өзбекстан Республикасы жарандары, чет эл жарандары, жарандыгы жок жактарга, ишканаларга, мекемелерге, уюмдарга юридикалык жардам көрсөтөт.

> ***“Адвокат” латынча сөз болуп,"коргоочу", "актоочу" дегени.***

Адвокаттар башка түрдөгү юридикалык жардам көрсөтүүсү да мүмкүн. Айрым учурларда алар жекече акысыз жардам көрсөтүшөт.

> ***Адвокатура** – укуктук институт (атайын топ) болуп, ал адвокаттык ишмердик менен алектенүүчү адамдар, ошондой эле өзүмдүк адвокаттык менен алектенүүчү айрым адамдардын өз алдынча, ыктыярдуу кесиптик бирикмеси.*

Жогору юридикалык малыматка ээ болгон жана адвокаттык иш-аракети менен алектенүү укугун берүүчү лицензияны белгиленген тартипте алган Өзбекстан Республикасынын жараны Өзбекстан Республикасына адвокат болушу мүмкүн. Белгиленген тартипте мамилеге жарамсыз же мамилеге жарамдуулугу чектелген деп табылган, ошондой эле соттолгондук абалы түгөлдөнбөгөн же соттолгондугу алып ташталбаган жактардын адвокаттык менен алектенүүсүнө жол коюлбайт.

Адвокат судъялык соттордо да алектенет.

Адвокаттык менен алектенүү лицензиялоону Өзбекстан Республикасы Министрлер Кабинети тарабынан берилет.

Мыйзамга ылайык адвокаттар төмөнкүдөй юридикалык кызматтарды көрсөтүшөт:

– юридикалык маселелер боюнча кеңеш берүү жана түшүндүрүү, мыйзамдар боюнча оозеки жана жазма маалыматтар берүү;

– жарандык жана административдик укук бузуу иштери боюнча сот жана мамлекеттик органдарында өкүлдүк милдетин аткаруу;

– алгачкы тергөө жана сотто жазык иштери боюнча коргоочу, жабыркоочулар, жарандык иштери боюнча доочу менен айыпталуучунун иштерин жөнгө салуу.

http://eduportal.uz

Белгиленген тартипте лицензия алган жак адвокаттык иш - аракетин өз адвокаттык бюросун ачып, жеке тартипте максатка ашырууга же башка адвокаттар (шерик) менен адвокаттык фирмасын же мүчөлүккө негизделген адвокаттар жюрилигин түзүүгө же ишмердик көрсөтүп жаткан ушундай адвокаттык түзүлмөлөрдүн бирине кирүүгө же юридикалык кеңеш бөлмөлөрүнө иштеген түрдө адвокаттык ишмердигин жүзөгө чыгарууга акылуу.

Адвокатура өз ишмердигин мыйзам үстөмдүүлүгү, эгемендүүлүк жана башка демократиялык принциптер негизинде жүзөгө ашырат.

Өзбекстан Республикасында мыйзамдар, нормативдик документтер аткарылуусун камсыздоодо нотариалдык мекемелер укукту коргоочу органдарга жакындан жардам берет. Өзбекстанда нотариалдык аракеттер “Нотариалдык жөнүндөгү” мыйзам жана башка мыйзамдарга ылайык нотариалдык мекемелер нотариустары тарабынан максатка ашырылат.

Нотариалдык мекемелер Өзбекстан Республикасы Юстиция министрлиги тарабынан уюшулат жана түгөтүлөт. Нотариус кызматы 25 жаштан кичик болбогон, жогору юридикалык маалыматка жана үч жылдык юридикалык стажга ээ болгон, өркүндөтүү сынагын тапшырган Өзбекстан жараны ылайык көрүлөт.

*Нотариалдык мекемелерде эмгектенүүчү кызмат адамдары* ***нотариустар*** *деп аталат, алар аткаруучу* ***иштер нотариалдык*** *деп жүргүзүлөт.*

Нотариалдык мекемелери милдеттери төмөнкүлөр:

- бүтүмдөрдү жана осуятнама (керез) ларды тастыктайт;
- эр-аялдын жалпы мал мүлкүндөгү үлүшкө мүлк укугу жана мураска болгон укук тууpасында күбөлүк берет;
- мурас мал мүлкүнүн коруктанышына тийиштүү иш-чараларды көрөт;
- документтин нуска жана көчүрмөлөрүнүн тууралыгын күбөлөйт;
- документтин туура которулгандыгын күбөлөйт;
- документтердеги колдун чыныгылыгын күбөлөйт;
- кыймылсыз мүлк сатып алгандыгы тууралуу күбөлүк берет;
- жарандын тирүү экендиги фактысын тастыктайт; жарандын белгилүү бир жерде экендиги фактысын тастыктайт; жарандын фотосүрөттө берилген жак экендигин тастыктайт; документтер берилген убакытын тастыктайт;

http://eduportal.uz

- акча суммалары жана кымбат баа кагаздарды депозитке кабыл кылып алат;
- документтерди сактоо үчүн кабыл кылып алат;
- акча топтоо үчүн чектерди берет жана чектер боюнча акча төлөнгөндүгүн тастыктайт.

Нотариалдык аракетти жүзөгө ашырып жаткан жаран жана мансапкор жактар тарабынан мыйзамдуулук бузулганы аныкталганда уюмдарга, прокурорго кабар кылат. Жактар берген бүтүмдөрдүн мазмунун, чыныгы максатка ылайыктуу жана мыйзам талаптарына каршы келбестигин көрүп чыгат. Кылмыш аркылуу топтолгон пайдаларды легалдаштыруу, терроризм жана массалык кыруучу куралдарды таркатууну финансылоо (каржылоо) менен байланыштуу нотариалдык аракеттер тууралуу малыматтарды атайын мамлекеттик органдарга тапшырат.

Кыймылсыз мүлк, үй-жай, мурас, ижара, белек жана алды-сатты мүлкүнүн баасы тууралуу малыматтарды, автотранспортторду пайдалануу, ал үчүн ишеним каттар, ушул каражаттардан башка жеке жактарга өткөрүү, ижарага берүү сыяктуу келишим маалыматтарын ички иштер органдарына, осуят кылынуучунун өлүмүнөн кийинки таламдар жактарга осуятнаама тууралуу малыматтарды сунуштайт.

Нотариус өз кесип мажбурияттарын бузгандыгы үчүн мыйзамдуу жоопкер болуусу мүмкүн.

Нотариалдык мекемелери автоматташтырылган бирдиктүү кабар системасы аркылуу нотариалдык аракеттерди аткаруу мүмүкүнчүлүгүнө ээ.

***Даанышмандар казынасынан!***

Киши тарбиясынын өлчөмү өзгөнүн укугун урмат кылуу менен белгиленет. (*Мухаммад Камол Пилай*)

## Бышыктоо жана кайталоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Өзбекстан Республикасы Юстиция минстрлиги кандай орган?
2. Юстиция органдары системасынын курамын айткыла.
3. Юстиция органдарынын негизги милдеттерин санап бергиле.
4. Мамлекет кызматтары борборлору кандай максаттарда уюшулган?
5. Адвокатура кандай орган? Анын кандай милдеттери бар?
6. Нотариалдык мекемелерчи? Анын кандай милдеттери бар?
7. Адвокаттар кандай кызматтарды көрсөтөт? Нотариусчу?



http://eduportal.uz

*26- тема*

# Куралдуу Күчтөр жана жаштарды аскердик-патриоттуулук рухунда тарбиялоо









## Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. *Куралдуу Күчтөр дегенде эмнени түшүнөсүңөр?*
2. *Силер же классташтарыңдын агалары аскердик кызматта болгонбу?*
   *Алардын кызматы тууралуу аңгеме кылгыла.*
3. *Аскердик милдет түшүнүгүн силер кандай сезесиңер?*
4. *Армия термининин, маанисин билесиңерби?*
5. *Силер окуп жаткан мектепте аскердик мекенчилдикке арналган кандай иш-чаралар өткөрүлөт?*

Өзбекстан Республикасынын Куралдуу Күчтөрү Өзбекстан Республикасы суверенитетин, аймактык бирдигин, калктын тынч турмушу жана коопсуздугун коргоо, согуштар жана куралдуу кагылыштардын алдын алуу, зарыл болгондо кайтаруу үчүн мамлекет тарабынан уюштурулат жана кармап турулат. Куралдуу күчтөр өз ичине аскердик бирикмелер, түзүлмөлөр жана бөлүктөрдү өз ичине алат.

Куралдуу Күчтөрдүн үч белгисин билүүбүз керек:

Биринчиден; Куралдуу Күчтөр мыйзамдуулукта бышыкталган өз түзүлүшү жана тапшырмаларына ээ болгон мамлекет уюму болот.

Экинчиден, Куралдуу Күчтөр аскердик уюм болуп, аскерлерди бириктирет, курал күчүнө ээ болот.

Үчүнчүдөн, Куралдуу Күчтөр тактикалык тездик жана стратегиялык көлөмдө согуш жана аскердик аракеттер алып барууга болжолдонгон атайын аскердик уюм болот.

"Бүгүнкү күндө дүйнөнүн кээ бир жерлеринде күн сайын күчөп бараткан кандуу согуш жана карама-каршылыктар, терроризм жана экстремизм коркунучу бизди ар дайым сергек жана этият болууну талап кылат. Мында Өзбекстан чек араларынын коопсуздугу жана кол тийгистигин сактоо, мамлекетибиз коргонуусунун бекемдөө, журтубуз чегине эч кандай жамандыкты келтирбестик сыяктуу чечүүчү жумуштар дайыма көңүлүбүз чордонунда болот".

***Шавкат Мирзиёев***

Өзбекстан Республикасынын Куралдуу Күчтөрү Өзбекстан Республикасы суверенитетин, аймактык бирдигин, калктын тынч турмушу жана коопсуздугун коргоо үчүн түзүлөт.

Куралдуу Күчтөр мамлекет аскердик уюмунун жана мамлекет коргонуу системасынын негизи болуп, аскердик кагылышууларды токтотуу жана алардын алдын алуу, ошондой эле, мамлекеттин аскердик коопсуздугун камсыздоо үчүн уюшулду. Куралдуу Күчтөрдүн иш-аракети, милдеттери, Өзбекстан Республикасы Конституциясы, Өзбекстан Республикасынын "Коргонуу доктринасы жөнүндөгү" мыйзам ж.б. укуктук документтер менен тартипке салынат.

Куралдуу Күчтөрдүн курамына Өзбекстан Республикасы Коргонуу, Ички иштер, Өзгөчө кырдаалдар министрлигин, Мамлекет коопсуздук кызматынын жана башка мекемелердин тийиштүү башкаруу органдары, кошуундары, аскердик түзүлмөлөрү, ошондой эле Улуттук гвардия кирет.

Мамлекет коргонуусуна жана Куралдуу Күчтөрүнө жетекчиликти Өзбекстан Республикасы Президенти – Өзбекстан РеспубликасыКуралдуу Күчтөрүнүн Жогорку башкы командачысы, жүзөгө ашырат.

Аскердик кызмат – Өзбекстан Республикасы жарандарынын Куралдуу Күчтөрү катарына жалпы аскер милдеттенмелерин аткаруудагы

мамлекеттик кызматынын бөтөнчө түрү болот. Аскердик кызматка он сегиз жашка толгон, ден соолугуна көрө Куралдуу Күчтөр катарында аскер кызматты өтөөгө жарактуу жарандар чакырылат.

Өзбекстан Республикасы Президенти, Өзбекстан Республикасы Куралдуу Күчтөрүнүн Жогорку баш командачысы Шавкат Мирзиёев тарабынан белгилеп берилген “Армия жана Эл бирдиги” принцибине таянып, республика мектептеринен тарта жогорку окуу жайларына чейин өзүнө тиешелүү кайталангыс – үзгүлтүксүз аскердик патриоттуулук таалиминин бүтүндөй системасы жаратылды. Жаңы Куралдуу Күчтөр академиясы түзүлдү, аскердик окуу жайларынын иш-аракети карап чыгылды. Куралдуу Күчтөр системасында Жаштар Союзу бөлүктөрү түзүлдү. Бул жумуштардын аткарылуусун касыздоо максатында “Жаштарды аскердик-патриоттуулук рухунда тарбиялоо жөнүндөгү” Министрлер Кабинетинин 2018-жыл 23-февралдагы токтому кабылданды.

Жаштарды аскердик-патриоттук рухунда тарбиялоо Концепциясынын мазмунун Ата Мекенибизди көз карачыгындай сактоо, анын даңкын дүйнөгө таанытуу, Өзбекстандын чыныгы мекенчил жарандарын өстүрүү уюштурулду. Ар бир жаш жаран сезиминде Мекенге берилгендик, Мекенди коргоо даңктуу жана ыйык милдет экени, жандай Мекенибиздин эгемендүүлүгү жана өнүгүүсү жолунда аянбай күрөщкөн улуттук каармандарыбиз менен сыймыктануу, улуттук армиябызга дене тарбиялык жактан бакубат жана руханий жетилген жаштар керектиги жана аскердик кызмат ар бир Өзбекстан жараны үчүн ыйык милдет экенин сезүү ар бир жаш жарандын негизги озуйпасы болот.

Жаштарды аскердик патриоттуулук рухта тарбиялоо иштери төрт баскычта жүзөгө ашат:

Биринчи баскыч 3-17 жаштагы балдарда айланабыздагы аалам, Мекен жөнүндөгү алгачкы түшүнчөлөр үй-бүлөдө  жана бакчада ыр, мультфильм, оюндар менен, сүрөт тартуу аркылуу мамлекет символдоруна урмат жана Ата Журтун сүйүү калыптандырылып барат.

Экинчи баскыч, 7-16 жаштагы окуучулардын Мекенге махабаты жана берилгендигин бекемдөө. Аларда Ата Журт алдындагы перзенттик милдетин аткаруу үчүн даярдоо. Аларга Куралдуу Күчтөр катарында кызмат өтөп жаткан агаларына суктанууну ойготуу. Аскердик кызматты арзуу эткен ар бир жаш балалыктан дене тарбиялык жактан бакубат болуусу, тынбай спорт менен машыгып, мектептеги бардык предметтерди тең үйрөнүүсү, бош убактысын үнөмдүү пайдаланышы жана “Жаш китепкөй” сыяктуу тандоолорго катышуу, жетишкендиктерге умтулуу керек. Окуу-

чуларды “Темурбектин урпактары”, “Өзбекстандын перзенттери баатыр болот” сыяктуу аскердик спорт мелдештерине активдүү катышуулары талап кылынат.

Үчүнчү баскыч, 16-18 жаштагы жаштарды Мекенге жана анын коргоосу үчүн татыктуу кызмат өтөөгө рухий жана дене тарбиялык жактан даярдоо. Аларга улуттук армиябыз үчүн дене тарбиялык бакубат жана билимдүү жаштар зарылдыгы, аскердик кызматтын мааниси жана да Куралдуу Күчтөрдө алып барылып жаткан реформалар тууралуу көргөзмөлүү каражаттар менен кабарлар берип баруу.

Төртүнчү баскыч, 18-30 жаштагы жаштарды ар тараптан өнүккөн, ата-эне жана Мекенге берилген кишилер кылып тарбиялоо, Мекен коргоодо дайыма даяр болуу жана Куралдуу Күчтөр катарында кызмат милдетин өтөп жаткан жаштар менен сыймыктанып, конституциялык милдет жана аскердик антка берилгендик сезимдерин калыптандырып баруу.

Жаштарды аскердик патриоттуулук рухунда тарбиялоо Концепциясында белгиленгендей, өзү тандаган кесибин бек кармап жана мыкты адам болуп жетишүү үчүн бош убакытты мазмундуу өткөрүүлөрү керек. “Жаш китепкөй” тандоосунда катышууга аракеттенип, илимий жана көркөм адабияттарды окуу силерди патриот, баатыр жана сергек болууга чакырат.



*Өзбекстан Республикасын коргоо Өзбекстан Республикасынын ар бир жаранын милдети болот. Жарандар мыйзамда белгиленген тартипте аскердик же альтернативдик кызматты өтөөгө мажбур.*

*52-статья.*

Аскердик патриоттуулук Мекенден сыймыктануу, жаркын келечекке ишеним духунда көрүнөт. “Мекен” термини чынында арабча сөз болуп “ата журт” маанисин берет. Мекен түшүнүгү кеңири жана тар мааниде колдонулат. Бир эл өкүлдөрү чогуу жашап турган, алардын ата-бабалары эзелтен жашаган чек түшүнүлсө, бул кеңири маанидеги түшүнүк болот. Киши туулуп өскөн үй, маале айыл түшүнүлсө, бул тар маанидеги түшүнүк болот. “Мекен”,“патриоттуулук” түшүнүктөрү дайыма катар келүүчү бөлүнгүс түшүнүк. Патриоттуулук жеке жактын өзү тиешелүү болгон усул, Мекенден сыймыктануу, бүгүнкү күн тууралуу кайгыруу, өз Мекенинин жаркын келечегине ишеним берүүчү жогорку сапат саналат. Биз ишенебиз, силер улуу баатыр бабалардын татыктуу урпагы жана Мекендин чыныгы коргоочулары болуп өсөсүңөр.

http://eduportal.uz

## Түшүнлүрүп бергиле!

“Аскердик кызмат жараянында ар бир жаш аскер менен жекече иш алып баруубуз, аларды алды менен, Жалалиддин Мангуберди жана Амир Темур сыяктуу улуу, айкөл бабалардын татыктуу урпактары, Ата Мекендин чыныгы коргоочулары кылып тарбиялообуз керек”.

Өзбекстан Республикасы Президенти Шавкат Мирзиёев.

## Чыгармачыл иш-аракет

*“Черик” (кошуун, аскердик түзүлмө) нөөкөр алууда үч эрежеге таяндым:*

- *биринчиден, жигиттин күч-кубатына;*
- *экинчиден, кылычты ойното алуусуна;*
- *үчүнчүдөн, акыл-оюна, адамгерчилигине.*

*Ушул үч сапат чогуу болсо, нөөкөрлүк кызматына алдым. Неге десең, күч-кубаттуу жигит ар кандай мүшкүлдөргө, азап-тозокторго чыдамкай болот, кылыч ойното ала турган киши жоосун жеңе алат, акылдуу нөөкөр ар жерде акыл-оюн ишке салып, кыйынчылыктарды жеңип өтүүсү мүмкүн.*

*Амир Темур*

## Бышыктоо жана кайталоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Куралдуу Күчтөр кандай мамлекет мекемеси эсептелет?
2. Куралдуу Күчтөрдүн курамы эмнелерден турат?
3. Куралдуу Күчтөргө жетекчиликти ким жүзөгө ашырат?
4. Кимдер аскердик кызматка чакырылат?
5. Жаштарды аскердик патриоттуулук рухунда тарбиялоо концепциясы эмне максатта кабыл алынды?
6. Концепциянын баскычтары жана милдеттерин түшүндүрүп бергиле.
7. Амир Темур кайсы шарттарда жигиттерди нөөкөрлүккө тандап алган?
8. Силерди Мекенди коргоо жана чыныгы аскер болуу үчүн өзүңдү кандай тарбиялооңор керек?

## Бөлүм боюнча жалпы кайталоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Укук бузуучулукка мүнөздөмө бергиле.
2. Мамлекетибиз мыйзамчылыкка укуктук жооптордон канча жана канча түрлөргө бөлүнөт?
3. Прокуратуранын укук системасындагы орду кандай?
4. Кылмыш болгондо тергөө ишин алып баруу боюнча кандай органдар ыйгарым укукка ээ?
5. Юстиция Министрлигинин кандай органдары бар?
6. Социалдык коркунучу кандай абалдарда болушу мүмкүн?
7. Укукка каршылык терминин кандай түшүнөсүңөр?
8. Админстративдик жоопкерчиликке кандай түрдүү жазалар кирет?
9. Кылмыш жоопкердиги эмне? Ал кандай укук бузуучулук абалдарда колдонот жана анын эң негизги белгилери эмнелерден турат?
10. Нотариалдык мекемелер кандай жумуштарды аткарат? Нотариал дегенде эмнени түшүнөсүңөр?

**Терминдерге ылайык мүнөздөмөлөрдү тапкыла.**

***1. Прокурор*** ***2. Укук бузуучулук*** ***3. Кылмыш***

***4. Жарандык коому*** ***5. Адвокат***

*__а)__ – латынча сөз болуп, “коргоочу”, “актоочу” деген маанини билдирет.*

*__б)__ – коом үчүн кооптуу болгон иш-аракет(же аракетсиздик).*

*__в)__ – французча сөз болуп, “каралоочу” деген маанини билдирет.*

*__г)__ – өз кыймыл-аракетин түшүнө турган жана ага жооп бере ала турган жеке адамдын: укукка каршы кыймыл-аракетиннен келип чыгуу айыбы.*

*__д)__ – укуктук институт (атайын топ) болуп, ал адвокаттык менен алектенүүчү жеке адамдар, ошондой эле, жеке менчик адвокаттык менен алектенүүчү айрым жеке адамадардын эркин, ыктыярдуу, кесиптик бирикмеси.*

http://eduportal.uz

**Бөлүм боюнча үлгүлүү тесттер.**

**1. Прокуратура органдарынын бирдиктүү борборлошкон системасына Өзбекстан Республикасынын кайсы ыйгарым укуктуу жараны жетекчилик кылат?**

а) Башкы прокурор;

б) Прокуратура коллегиясынын жетекчиси;

в) Облус прокурорлору тарабынан шайланган адам;

г) Өзбекстан Республикасынын прокурору.

**2. Кайсы катардагы жооп камкордук кылуу маанисин түшүндүрөт?**

а) Адвокат; б) Юстиция министрлиги;

в) Прокурор; г) Судья.

**3. Прокурор эмнени көзөмөл кылат?**

а) Тергөө иштерин; б) Соттоо иштерин;

в) Мыйзамдардын анык аткарылышын; г) Өкүмдүн аткарылышын.

г) Өкүмдүн аткарылышын.

**4. Өзбекстан Республикасынын аймагында мыйзамдардын анык жана бирдей аткарылышынын көзөмөлү ким жана кайсы мамлекеттик орган тарабынан жүзөгө ашырылат?**

а) Юстиция министрлиги;

б) Нотариалдык мекемелер;

в) Өзбекстан Республикасы башкы Прокурору жана ага баш ийүүчү прокурорлор;

г) Сот органдары.

**5. Коргоочу бул ...**

а) Жазык ишинин сотто көрүлүү процессинде жаранды коргоочу адам;

б) Сот жана тергөөдө катышуучу жана мамлекет кызыкчылыктарын коргоочу адам;

в) Айыпталуучу тарабынан чакырылган адам;

г) Айыпталуучунун мыйзамдуу өкүлү.

**6. Кылмыштуулуктун кайсы түрүндө мамлекет тарабынан эң оор жазалар колдонулат?**

а) Админстративдик; б) Кылмыш;

в) Тартиптик; г) Жарандык.

**7. Админстративдик жоопкерчилик канча жаштан белгиленет?**

а) 16 жаштан; б) 14 жаштан; в) 15 жаштан; г) 17 жаштан.

http://eduportal.uz

*Мамлекет органдарынын күндөлүк ишмердигинде адам укук жана эркиндиктери актуалдулугун тиешелүү конституциялык принцип сөзсүз камсыздалышы шарт.*

***Шавкат Мирзиёев***

# VI БӨЛҮМ

# БОЙГО ЖЕТЕ ЭЛЕКТЕРДИН УКУКТАРЫ, МИЛДЕТТЕРИ








***Жарандык мыйзамдуулугунда бойго жете электердин укуктары***
***Кылмыш мыйзамдуулугунда бойго жете электердин укук жана милдеттенмелери***
***Үй-бүлө мыйзамдуулугунда бойго жете электердин укутары***
***Эмгек мыйзамдуулугунда бойго жете электердин укуктары***

# Жарандык мыйзамдуулугунда бойго жете электердин укуктары













## Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

*1. Сүрөттөрдөгү адамдардын жаштарын болжолдуу аныктагыла.*

*2. Аларды укуктук статустары боюнча топторго ажырата аласыңарбы (б.а. укуктары бири-бирине окшошторун бир топко ажыраткыла)?*

*3. Ажыраткан топторуңардагы адамдардын укуктары ортосунда кандай айырмалар болушу мүмкүн? Жообуңарды негиздегиле.*

*4. Кылган туура эмес иш-аракети үчүн алардын жоопкерчилигинде да айырма болушу мүмкүнбү?*

*5. Өлкөбүздө адам канча жаштан баштап бойго жеткен деп эсептелет?*

*6. Эмне үчүн ушул жашта ал бойго жеткен деп эсептелет деп ойлойсуңар?*

Өзбекстан Республикасындагы бардык адамдар (жеке адам жана юридикалык жак) мүлккө тиешелүү жана тиешелүү болбогон мамилелерди, товар-акча мамилелерин тартипке салып турган укуктук нормаларды өзүндө камтыган тармак бул — жарандык укугу тармагы.

Жарандык мыйзамдуулугуна көрө жаран ээлик кылуусу мүмкүн болгон укук жана милдеттер комплекси жарандын укуктук жөндөмүн түзөт.

**Жарандык укугу алгач байыркы Римде пайда болгон жана бул укук жарандардын ортосундагы мамилелерди жөнгө салган. Бүгүнкү күндө көпчүлүк мамлекеттерде жарандардын ортосундагы мамилелерди жөнгө салуучу улуттук укук системалары жаратылган. Мамлекетибизде жарандардын ортосундагы мамилелер Өзбекстан Республикасынын Конституциясы жана Өзбекстан Республикасынын Жарандык кодекси аркылуу жөнгө салынат.**

Жарандын укуктук жөндөмү ал төрөлгөндөн пайда болуп, өлүмү менен бүтөт.

Жарандын мамиле жөндөмдүүлүгү болсо жарандын өз аракеттери менен жарандык укуктарына ээ болуу жана аларды жүзөгө ашыруу, өзү үчүн жарандык милдеттерин пайда кылуу жана аларды аткаруу жөндөмдүүлүгү болуп, бул жөндөмдүүлүк жаран бойго жеткен соң, же болбосо 18 жашка толгон соң толук түрдө пайда болот.

Жарандык укук жана милдеттери төмөнкүлөрдөн пайда болот:

1) мыйзамда көздө тутулган келишимдер жана башка бүтүмдөрдү ошондой эле мыйзамда көрсөтүлбөгөн бирок ага каршы болбогон башка келишимдер:

2) мыйзамда жарандык укук жана милдеттери пайда болуусундагы негизи болуп каралган мамлекеттик органдар же жарандарды өзүн-өзү башкаруу органдарынын документи;

3) соттун жарандык укук жана милдеттерин белгилеген токтомунан;

4) мыйзам жол койгон негиздерде мал-мүлк алуу натыйжасында;

5) илим, адабият, искусство чыгармаларын жаратуу, ойлоп табуулар жана башка интеллектуалдык иш-аракет натыйжасында;

6) башка кишиге зыян жеткиргенде;

7) негизсиз байып кетүүнүн натыйжасында;

8) жарандар жана юридикалык жактардын башка аракеттери натыйжасында;

9) мыйзам документтери жарандык-укуктук окуялардын келип чыгуусу натыйжасында;

http://eduportal.uz

Бойго жете электердин мамилеге жарамдуулугун белгилөөдө жаш адамдын денеси, бою, булчуңдары жана акыл жөндөмдүүлүгүнүн өнүгүү деңгээли эсепке алынган.

Өзбекстан Республикасы "Жарандык кодексинин" негизинде адамдын толук кандуу мамилеге жарамдуулугу **18 жашка** толгондо пайда болот.




**«Жарандын өз аракеттери менен жарандык укуктарына ээ болуу жана аларды ишке ашыруу, өзү үчүн жарандык бурчтарын пайда кылуу жана аларды аткаруу жөндөмдүүлүгү (мамиле жөндөмдүүлүгү) ал бойго жеткенден кийин, б. а. 18 жашка толгондон кийин толук көлөмдө пайда болот».**

*22- статья.*

**14 жаштан 18 жашка** чейинки болгон бойго жете электер:

1) өз эмгек акы, стипендиясы жана башка кирешелерин тескөө;

2) ар түрдүү автордук укуктарды ишке ашыруу;

3) мыйзамга ылайык банктарга аманат коюу жана аларды тескөө;

4) ар түрдүү тейлөө келишимдерин түзүү укугуна ээ.

**6 жаштан 14 жашка** чейин болгон кичи жаштагы балдар:

1) чакан бүтүмдөр;

2) каржысыз кызыкчылыкка курулган бүтүмдөр;

3) мыйзамдуу түрдө белгиленген максатка же өзү каалаган тартипте эркин пайдаланууга берилген каражаттарды пайдалануу тууралында бүтүмдөрдү түзүүгө укуктуу.

**16 жашка толгон** бойго жете элек адам мыйзамда көрсөтүлгөн шарттардын негизинде иштеп жаткан же ишкердик менен алектенип жаткан болсо, ал соттун токтому менен толук мамилеге жарамдуу деп жарыяланышы мүмкүн. Аны жарандык укукта **эмансипация** деп жүргүзүлөт. Мындай абалда ата-эне, перзенттике алуучулар жана аталык эмансипация кылынган бойго жете электин милдеттенмелери боюнча, негизинен, ал жеткирген зыян акыбетинде келип чыккан милдеттер боюнча жооптуу боло алышпайт.

***Эмансипация -*** *латинча "emancipatio" сөзүнөн алынган болуп, укуктарда теңдешүү" деген маанини билдирет.*

http://eduportal.uz

Бойго жеткенге чейин мыйзамдык негизде никеден өткөн жаран никеден өткөн убакыттан баштап толук көлөмдө мамиле жөндөмдүүлүгүнө ээ болот. Нике түзүү натыйжасында ээ болгон мамиле жөндөмдүүлүгү он сегиз жашка толбой туруп нике бекер кылынганда да толук сакталып калынат.

Нике чыныгы эмес деп эсептелгенде сот бойго жете элек эр (аял) сот белгилеген учурдан баштап толук мамиле жөндөмдүүлүгүн жоготкондугу жөнүндө чечим кабыл алынышы мүмкүн.

Өзбекстан Республикасынын Министрлер Кабинети, Каракалпакстан Республикасынын Министрлер Кеңеши, облустук, райондук, шаардык акимчиликтеринин алдында бойго жете электердин иштери боюнча комиссиялар түзүлгөн. Бул комиссиялардын максат жана милдеттери төмөнкүчө:

- бойго жете электердин көзөмөлсүз жана кароосуз калышы, укук бузуулардын алдын алуу;
- бойго жете электердин мыйзамсыз кыймыл-аракеттери жана укук бузууларына мүмкүндүк берүүчү себептер жана шарттарды аныктоо жана жоюу.
- бойго жете электердин укуктары жана кызыкчылыктары коргоого алынышы;
- социалдык тараптан кооптуу абалда болгон бойго жете электер менен тарбиялык иш алып барууну камсыздоо;

Комиссиялар тарабынан кабыл алынган, алардын ыйгарымдарынын айланасындагы чечимдер мамлекеттик органдар, башка мекемелер жана жооптуу адамдар тарабынан аткарылышы шарт.

15 жаштагы Нурсултан жайкы каникул убагында ата-энесинин ыраазылыгы менен кафеге минерал суу сатуучу болуп ишке кирди. Кафенин ээси аны жумасына 48 саат иштетип чоңдор менен бирдей эмгек акы төлөдү.

*1) Кафенин ээси Нурсултандын укугун бузган болушу мумкунбу?*
*2) Ушул аракеттин катышуучуларынан кайсы бири мыйзамды бузду деп ойлойсуңар?*
*3) Аларды укуктук жактан сабаттуу деп айтууга болобу?*

## Түшүндүрүп бергиле!

Бойго жете электер келтирген зыян үчүн алардын ата-энелери, опекундары же аларды көзөмөлдөөчү окуу, тарбия же айыктыруу мекемелери жоопкер болушат.

## Чыгармачыл иш-аракет

*1. 5 жаштуу Дилшаттын сүрөт салууга таланты бар. Анын сызган сүрөттөрүнөн иш жараянында пайдалануу үчүн бакча эжеси альбом даярдады.*

*-Дилшаттын укуктары бузулганбы?*

*-Дилшаттын укуктарын ким коргойт?*

*2. Жазгы каникулда 14 жаштуу Набижан фирмага уста жардамчысы болуп ишке кирди. Айлык маяналарын жыйнап, планшет сатып алды. Ал мындай кылууга акылуубу? Пикириңди негизде.*

## Бышыктоо жана кайталоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Укуктук жөндөмдүүлүк эмне?
2. Мамиле жөндөмдүүлүгү дегенде эмнени түшүнөсүңөр?
3. Укуктук жөндөмдүүлүк жана мамиле жөндөмдүүлүгүнө мисалдар келтиргиле.
4. Жарандык укук жана милдеттери кайсы абалда пайда болот? Санап бергиле.
5. Эмансипация деген эмне?
6. Төмөнкү жадыбалды дептериңерге чийгиле жана Өзбекстан Республикасынын Жарандык кодексине ылайык бойго жете электердин мамиле жөндөмдүүлүгүнүн негизинде толтургула:

| **6 жаштан 14 жашка** чейинки кичи жаштагы балдар: | **14 жаштан 18 жашка** чейинки бойго жете электер: | **16 жашка толгон** бойго жете электер. Үлгү: |
|---|---|---|
| | | *Майда турмуштук келишимдерди түзөт.* |
| | | |

*28- тема*

## Кылмыш мыйзамдуулугунда бойго жете электердин укук жана милдеттенмелери














### Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. *1-3-сүрөттөрдөгү көрүнүштөрдү мүнөздөгүлө.*
2. *Ушул сүрөттөрдөгү балдар келечекте кандай адамдар болушу мүмкүн деп ойлойсуңар. Алардын жаркын келечеги үчүн кандай кепилдиктер бар?*
3. *4-сүрөттөгү баланын мыйзамсыз кыймыл-аракеттеринин натыйжасы кандай болуусу мүмкүндүгү жөнүндө эмне дейсиңер?*
4. *Сүрөттөгү бала эмне себептен мындай абалга түшкөн?*
5. *4-жана 6-сүрөттөрдөгү балдарды жазалоо зарыл экендигин негиздеп бергиле. Мында аларды кылмыштары үчүн жазалабастык кандай натыйжаларга алып келиши мүмкүн экендигинен келип чыккыла.*
6. *Бойго жете электер жана чоңдордун кылмыштык жоопкерчиликтеринин ортосунда айырма болушу керекпи же жокпу?*

Укукту бузуу аракеттери ар түрдүү болуп, аларга укук чөйрөсүнүн түрдүү тармактары менен тыюу салынат.

http://eduportal.uz

Укук бузуучулуктун өзгөчөлүктөрү жана белгилерине карап 4 топко ажыратып алуу мүмкүн. Булар: кылмыштык, административдик, тартиптик жана жарандык укук бузуулар болот. Мына ушул укук бузуулардын ичинде бири-бирине салыштырмалуу окшош болгон кылмыш жана админстративдик укук бузуулар болот. Алардын агрессивдүү объектилери көп учурда бирдей. Анын ичинен, Өзбекстан Республикасы Кылмыш кодексинин 2-статьясында кылмыш мыйзамы менен корголгон объектилер көрсөтүлгөн болуп, адамды, анын укук жана эркиндиктерин, коом жана мамлекеттин кызыкчылыктарын, мүлктү, табигый чөйрөнү, тынчтыкты, адамзаттын коопсуздугун кылмыштык агрессиядан коргоону көздөсө, Административдик жоопкерлик жөнүндөгү кодекстин 10-статьясында адамга, жарандардын укуктарына жана эркиндиктерине, мүлкчүлүккө, мамлекет жана коомдун тартибине, табигый чөйрөнү агрессордук мыйзамдык айыптуу кылмыштар көздө тутулат.

Кылмыштык жоопкерлик Жазык кодексинде тыюу салынган кылмышты жасаган болсо колдонула турган жоопкерликтин эң оор түрү.

Өзбекстан Республикасынын учурдагы Кылмыш кодекси 16-статьясынын биринчи бөлүмүндө кылмыштык жоопкерчиликке кылмыш үчүн жоопкерлик кылмыш жасоодо айыптуу болгон кишиге карата сот тарабынан өкүм чыгаруу, жаза же башка укуктук таасир чараларынын колдонулуусунда белгиленген кылмыш жасоонун укуктук натыйжасы.

Кылмыш жасоо убагында мыйзамда белгиленген жашка жеткен кишилер гана кылмыштын субъектиси болот. Мыйзамда белгиленген жашка жетпеген кичи жаштагылар өздөрүнүн жашы, рухий жана физикалык өнүгүү тарабынан өз кылмыштары үчүн толук жооп бере албайт, өз аракет (же аракетсиздик)терин башкара албайт.

14 жашка толбогондор кичи жаштагылар эсептелип, өз аракеттеринин социалдык коркунучун, кылмыш экендигин толук түшүнүп жете албайт. Он төрт жашка толгондор кээ бир кылмыштардын кылмыш экендигин түшүнөт, өз аракеттерин толук башкара алат. Ошондуктан ККнин 17-статьясында 14 жаштан кылмыш субъектиси болуусу мүмкүн болгон кылмыштардын тизмеси берилген.

Өзбекстан Республикасынын Кылмыш кодексинде он сегиз жашка толбостон кылмыш жасаган кишилерге айып ахлак түзөтүү иштери, азаттыкты чектөө, эркинен ажыратуу сыяктуу негизги жазалар колдонулуусу мүмкүн.

**Бойго жете электерге кошумча жазалар дайындалышы мүмкүн эмес.**

**Кылмыш кодексинде бойго жете электердин кылмыш жасашы жазанын жеңилдештирүүчү абалы (55-статья), жаш балага карата кылмыш жасоо кылмышты оорлоштуруучу абал деп белгиленет.**

Эми ар бир жаза чарасы жөнүндө өзүнчө токтолсок:

**Айып** – бул кылмыш жасаган кишиден мамлекет эсебине акча өндүрүү болот. Айып жалаң 16 жашка толгон жашы жете электердин гана эң аз иш акынын эки эсесинен жыйырма эсесине чейин өлчөмдө белгиленет.

**Ахлак түзөтүү иштери жазасы**–эмгекке жарамдуу, бойго жетпегенди эмгекке мажбурдук менен чакыруудан турат.

Бойго жете электерге бул жаза түрү бир айдан бир жылга чейин дайындалат.

**Азаттыкты чектөө** – бул жаза бойго жете электерге карата негизги жаза катары 6 айдан 2 жылга чейин мөөнөткө белгиленет.

**Мажбурдук коомдук иштери** – жалаң эмгекке жарамдуу бойго жетпегендерге карата 60 сааттан 240 саатка чейин мөөнөткө дайындалды.

**Эркинен ажыратуу** – бул жаза түрү бойго жете электерге карата 6 айдан 10 жылга чейинки мөөнөткө дайындалат.

Жалпысынан, эркинен ажыратуу 13 жаштан баштап колдонулат. Мында жазалануучулардын жынысы да эсепке алынат. 18 жашка толо элек эркектерге эркинен ажыратуу жазасын жалпы же күчөтүлгөн тартиптеги тарбия колонияларында өтөө дайындалат. Кыздарга карата болсо, жазаны жалпы тартиптеги тарбия колонияларында өтөө дайындалат.

Сот бойго жете электерге жаза дайындоодо, бойго жете электердин өнүгүү деңгээли, турмуш шарты жана тарбиясын, саламатчылыгын, чоң жаштагылардын таасирин, өз иш-аракетинин маанисин толук түшүнүп жетпестиги аныкталса, жаза милдеттүү чара менен алмаштырылат.

Бойго жете электерге салыштырмалуу чоңдордун (18 жаштан ашкан) жоопкерчиликтери да ашырылган. Айрыкча, чоңдор бойго жете электерди кайырчылыкка, спирттүү ичимдиктер ичүүгө тартса 3 жылга чейин, баңги заттар пайдаланууга тартса 3 жылдан 5 жылга

http://eduportal.uz

чейин, кылмыш жасоого тартса 5 жылдан 10 жылга чейин эркинен-ажыратылып жазаланат.

Белгилүү кишини, айрыкча, бойго жете элек адамды, кылмыштык жоопкердикке тартуу үчүн жасаган кылмышын далилдөөчү документтер жетиштүү, негизделген, юридикалык жактан мааниге ээ болуусу керек.

Кылмыш жасаганга чейин он сегиз жашка толбогон кишинин кылмышы жөнүндөгү иштер боюнча төмөндөгүлөр аныкталышы керек:

1) айыпталуучунун анык жашы (туулган жылы, айы, күнү);
2) анын өзүнө тиешелүү белгилери жана саламаттык абалы;
3) анын турмуш жана тарбиялануу шарттары;
4) чоң жаштуу күбөлөр жана башка катышуучулардын бар же жоктугу.

Бойго жете электердин кылмыштары тууралуу ишти жүргүтүүдө мыйзамдуу өкүлү же опекуналык же аталык органынын өкүлү катышуусу шарт. Ушуну менен биргеликте бойго жете электердин кылмыштары тууралуу иште адвокат да катышуусу керек. Бойго жете элек күмөн кылынуучуну, айыпталуучуну сурак кылууга кеткен жалпы убакыт, күн бою дем алуу жана тамактануу үчүн бир сааттык танаписти эсепке албаганда, алты сааттан ашпастыгы керек.

Сот бойго жете электердин кылмыштары тууралуу иштер каралуучу убак жана жай тууралуу алардын ата-энесин, ата-энесинин ордун басуучу кишилерди, бойго жете электер окуган же иштеген ишкананы, мекемени, бойго жете электердин иши менен алектенүүчү комиссияны, зарыл болсо, башка мекемелерди да кабардар кылат. Сот бул мекемелердин өкүлдөрүн, соттолуучунун опекунун же жактоочусун соттун чогулушуна чакырууга укуктуу.

Бойго жете элек айыпталуучуга карата колдонулуучу этият чаралары Жазык-процессуалдык Кодексинин 236-статьясында көздө тутулган негиздер болгон учурда этият чаралары иретинде камакка алуу бойго жете элек кишиге карата жалаң беш жылдан ашуун мөөнөткө эркинен ажыратуу дайындалышы мүмкүн болгон кастык менен кылмыш жасаган айып жарыяланган жана айыпталуучунун тийиштүү мүнөздө болушун башка этият чаралары камсыз кыла албаган учурда колдонулуусу мүмкүн.

**Бойго жете элек кишиге айыптоо жарыяланган учурда адвокат менен бир катарда бойго жете элек кишинин мыйзамдуу өкүлү да катышуусу мүмкүн.**

Бойго жете элек айыпталуучуга карата колдолунуучу этият чаралары колдонулуусу тууралуу анын мыйзамдык өкүлүнө, эгер мындай өкүл болбосо, башка туугандарына кабар берилет. Бойго жете элек киши ата-энесинин, опекундардын карамагына же, эгерде ал балдар үйүндө тарбияланып жаткан болсо, ушул мекеме жетекчилеринин карамагына да берилүүсү мүмкүн.

## Чыгармачыл иш-аракет

*Эрезеге жетпеген балдардын укук бузуучулук тууралуу чакан аңгеме жаз. Бул аңгемеде бир укук бузуучулук абалын келтир. Мына ушу аңгемедеги укук бузуучулукту кылган жак 6 жаштан 14 жашка чейин, 14 жаштан 16 жашка чейин, 16 жаштан 18 жашка чейин жана 18 жаштан чоң болсо, кандай жазалануусу мүмкүндүгүн аныкта. (Мында Жарандык, Жазык жана Админстративдик жоопкерчилик тууралуусындагы кодекстерден пайдалан)*

## Бышыктоо жана кайталоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Кылмыш мыйзамдуулугу деген эмне?
2. Бойго жете электик деген эмне?
3. Бойго жете элек түшүнүгүнүн кылмыш субъектисинин жашы түшүнүгүнөн айырмасы эмнеде?
4. Бойго жете электер канча жаштан баштап кылмыптык жоопкерчиликке тартылуусу мүмкүн?
5. Өзбекстан Республикасынын Кылмыш кодексинин 17-статьясынан пайдаланып төмөнкү жадыбалды толтургула.

| Кылмыш жасаганга чейин 13 жашка толгондордун жоопкерчиликтери | Кылмыш жасаганга чейин 14 жашка толгондордун жоопкерчиликтери | Кылмыш жасаганга чейин 18 жашка толгондордун жоопкерчиликтери |
|---|---|---|
| | | |
| | | |



http://eduportal.uz

**29- тема**

## Үй-бүлө мыйзамдуулугунда бойго жете электердин укуктары

13 жаштуу Алишерге чоң атасынан автоунаа мурас болуп калды. Алишер өгөй ата-энеси менен бирге жашайт. Алишердин атасы машинаны сатып, келишимди расмийлештирүү максатында документтерди тастыктоо үчүн мамлекеттик мекемеге (нотариуска) кайрылды.Бирок нотариус келишимди расмийлсштирүүдөн баш тартты.

Өнөр-кесип коллежинин окуучусу Нурлан 80 000 сумдук ДВД плерди кредитке алды. Нурлан 16 жашта болуп, ар айда коллеждин атайын стипендиясын алчу эле. Анын атасы Ашым акеге уулунун сатып алган буюму жакпады. Ал уулунун ДВД плеерге кызыгып. окууга болгон ыкыласы азайышынан тынчсызданган эле. Ошол себептүү, Ашым аке уулу бул келишимди түзгөнүнөн кабарсыз экендигин назарда тутуп, аны чыныгы эмес деп эсептелишин сурап сотко кайрылды.

Айнуранын эч кими жок, ал туугандарынын тарбиясында болуп, ата-энесинен мурас үйү бар. Ал 16 жашында район акиминин уруксаты менен турмушка чыкты. Эринин үйүнө көчүп өтүшүнө байланыштуу өзүнө мурас болуп калган жеке менчиги болгон үйдү сатмакчы болду. Ошондуктан алды-сатты иштерин расмийлештирүү максатында айылдык жарандар жыйынынын төрагасына жардам сурап кайрылды, жыйындын төрагасы Айнураны толук мамиле жөндөмдүүлүгүнө жетпеген деп, келишимди расмийлештирүүгө уруксат бербеди. Мындан капа болгон Айнура айылдык жарандар жыйыны төрагасынын чечиминен нааразы болуп сотко кайрылмакчы.

### Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. Эгерде Алишердин өгөй атасы сотко даттанса, сот кандай чечим кабыл алуусу мүмкүн деп ойлойсунар?
2. Сенин пикиринче, Алишердин өгөй атасы ага мурас болгон машинаны сатуу укугуна ээ болобу?
3. Сенин пикиринче, Айнуранын АЖЖ төрагасынан капа болушу туурабы?
4. Эгерде Айнура сотко кайрылса, анын арызы боюнча сот кандай чечим кабыл алат деп ойлойсуңар? Айнуранын ата-энеси бар болсо, кандай абал жүзөгө келет? Жок болсочу?
5. Нурландын жасаган ишин укук бузуу деп атаса болобу? Неге?

http://eduportal.uz

6. *Силердин пикириңерче, Ашым акенин арызы боюнча сот кандай чечимге келет? Ашым акенын ордунда болгонуңарда кандай жол туткан болор элеңер? Нурландын ордунда болгонуңардачы?*
7. *Төмөндөгү көйгөйлөрдү чечүүдө силер кандай жол туткан болор элеңер?*
8. *Үй-бүлөңөрдөгү кайсы буюмдарга өз алдыңарча ээлик кылууңар мүмкүн?*
9. *Өзүңөргө гана тиешелүү болгон буюмуңар барбы?*



“Ата-эне балдарын бойго жеткенге чейин кароого жана тарбиялоого милдеттүү.

Мамлекет менен коом жетим балдарды жана ата-энесинин камкордугунан ажыраган балдарды кароону, тарбиялоону жана окутууну камсыз кылат, балдарга арналган кайрымдуулук иш-аракеттерин колдоого алат”.

*64- статъя.*

*1. Балдардын бойго жеткенге чейин ата-энелер тарабынан багылуусу жана тарбияланышы шарттыгы конституциялык укук деңгээлине чыгарылышынын себеби эмнеде? Бул абал биздин улуттук баалуулуктарыбызга туура келебы?*

*2. Мамлекеттин багуучусуз жана кароосуз калган балдарга камкордугун Конституция аркылуу бекем милдеттенмеге айландыруудан коом кандай пайда көрөт? Мында азыр жана келечекте көрүлө турган пайданы атайын ажыратып көрсөтүүгө аракет кылгыла.*

Бала кызыкчылыктарына каршы болгон абалдардан тышкары, ар бир бала үй-бүлөдө жашоо жана тарбиялануу, өз ата-энесин билүү, алардын камкордугунан пайдалануу укукгуна ээ.

Айрым себептерге көрө баланын ата-энеси болбогондо анын үй-бүлөдө тарбиялануу укугу аталык органы тарабынан камсыздалат.

Бойго жете элек бала өз укугу жана мыйзамдык кызыкчылыктарын коргоо укугуна ээ. Баланын укугу жана мыйзамдык кызыкчылыктары анын ата-энеси, ата-энеси жок болсо, ата-энесинин ордун басуучулар,

http://eduportal.uz

опекун жана аталык мекемелери, прокуратура, сот тарабынан ишке ашырылат.

Бойго жете элек баланын жашоосу же саламаттыгына кооп пайда болгондугунан, анын укугу жана мыйзамдык кызыкчылыктары бузулгандыгынан кабардар болгон кишилер бул тууралуу бала учурда жашап турган жердеги опекуна жана аталык органдарына кабар берүүгө милдеттүү. Ошондой маалыматтарды алгандан соң опекун жана аталык органы баланын укуктук жана мыйзамдык кызыкчылыктарын коргоо боюнча зарыл чараларды көрүүгө милдеттүү. Ата-эне өз балдарынын мыйзамдык өкүлдөрү болуп саналат, ар кандай жеке адам жана юридикалык жактар менен болуучу мамилелерде, анын ичинен, сотто алардын өзүнчө ыйгарымсыз укук жана кызыкчылыктарын коргоого алат.

Үй-бүлөдө бойго жете элек баланын кызыкчылыктарына тиешелүү ар кандай маселе чечилгенде бала өзүнүн пикирин айтууга, ошондой эле, ар кандай сот талкуулоосу же административдик талкуулоо мезгилинде сүйлөөгө акылуу.

Ар кандай ата-эне өз перзенттерине өз ара келишип, же жакын тууганадарынын кеңеши менен ата-энесинин атына карай, же өздөрү каалаган атты коюусу мүмкүн. Адатта, баланын фамилиясы ата-эненин фамилиясына карай белгиленет. Эгерде ата-эне түрдүү фамилияларда болсо, алардын келишүүсү негизинде балага атасы же энесинин фамилиясы берилиши мүмкүн.




“Бойго жеткен, эмгекке жарамдуу перзенттер өз ата-энелери жөнүндө камкордук көрүүгө милдеттүү”.

*66- статъя.*

*1. Конституциянын ушул статьясынын талаптары боюнча оюңарды билдиргиле.*

*2. Бул статьянын талаптары биздин улуттук баалуулуктары-бызга үрп-адаттарга канчалык туура келет?*

*3. Бул статъянын талаптарын 64-статьянын талаптары менен салыштыргыла.*

Он алты жашка толгонго чейин, бойго жете элек баланын фамилиясы белгилүү максатта ата-энеси менен чогуу кабыл алынган

http://eduportal.uz

чечими боюнча өзгөртүлүшү мүмкүн. Эгерде ал он алты жашка толгон болсо, анын аты же фамилиясын өзгөртүү жалаң анын ыраазылыгы менен ишке ашырылат.

Ата-эненин тирүү убагында балдар алардын мал-мүлкүнө карай мүлк ээси болуу укугуна ээ эмес.

Ушундай эле, ата-эне да бойго жете элек балдардын мал-мүлкүнө ээлик кылуу укугуна ээ эмес. Бойго жете элек бала өз ата-энесинен же башка адамдардан мыйзам чегинде камсыздык алууга акылуу. Мында балага тиешелүү ар кандай каражат, пенсия болсо да, башка түрдөгү жөлөк болсо да, анын ата же апасы тарабынан анын камсыздыгы, окуу жана тарбияланышы үчүн гана сарпталышы керек.

Ата-эне жана балдардын өзүнчө мүлкү болуусу да мүмкүн. Бирге жашап турганда алар бири-биринин ыраазылыгы менен мындай мүлккө ээлик кылуусу жана алардан пайдалануусу мүмкүн.

Бойго жете элек балдар мыйзамда белгиленген тартипте белек, мурас катары алган мал-мүлкү, ошондой эле, өздүк эмгеги жана ишкердүүлүгүнүн натыйжасында арттырган мал-мүлкү алардын жеке мүлкү эсептелинет.

Ошентип, эрезеге жетпегендердин жеке пайдалануудагы буюмдары (кийим-кечек, түрдүү иш куралдары, окуу куралдары жана башкалар) алардын жеке мүлкү эсептелинет.

*Америкалык досумдукуна бардым. Өз ара ал-абал сурашып турсак, уулу окуудан келди.*

*– Ата мен келдим. Салам деди (англисчеде)да жогору кабаттагы өз бөлмөсүнө чыгып кетти. Бир аздан соң, кандайдыр рок музыкасы үйдү толтуруп жаңыра баштады. Досума азыр баш оорусунан даттанып жатат элең, уулуңа айт, азыраак төмөндөтсүн, – дедим. Досум мага бул уулумдун укугу, мен ага төмөндөт деп айта албаймын, – ал эс алып жатат – деп жооп берди.*

*1. Бизбин улуттук баалуулуктарыбыз боюнча бул үй-бүлөдөгү укуктук мамилелерди оң деп баалоого болобу?*

*2. Бала өз укугунан пайдаланып , башкалардын кандай укугун бузду?*

## Тушүндүрүп бергиле!

Ата-эне бойго жете элек перзенттеринин мыйзамдуу өкүлдөрү эсептелет. Буга себеп алар өз укук жана милдеттенмелерин өз алдынча коргой алышпаганынан болот.

Ата жана эне балдарды финансылык жактан камсыздоо, дене бою, рухий жана адеп-ахлактык жактан чың тарбиялоо, аларды өз алдынча жашоого даярдоо боюнча бирдей милдеттенмеге ээ. Ата-эненин укугу баланын кызыкчылыгына кызмат кылышы керек. Бала өз укук жана мыйзамдык кызыкчылыктарын коргоо укугуна ээ.

## Чыгармачыл иш-аракет

*Үй-бүлөңөрдү жазма мүнөздөгүлө. Анда өзүңөрдү жана башка бойго жете элек ага, ини, эже-карындашыңарды санап жазгыла. Аларды зарылдык деңгээлине карай сүрөттөгүлө.*

*Өзүңөрдүн үй-бүлөдөгү милдетиңерди да жазгыла.*

*Силер үчүн үй-бүлөдөгү уктарыңардын сакталышы маанилүүбү же милдетиңердин аткарылышыбы? Буга өзүңөр жана үй-бүлөңөрдүн көз карашынан туруп жазма жооп бергиле.*

## Бышыктоо жана кайталоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Ар кандай баланын өз үй-бүлөсүндө кандай укуктары бар?
2. Эгерде бойго жете элек баланын ата-энеси болбосо анын укуктарынын аткарылышы ким тарабынан камсыздалат?
3. Үй-бүлөдө бойго жете элек баланын кызыкчылыктарына тиешелүү маселе чечиле турган абалда баланын кандай укуктары бар экендигин айткыла.
4. Балага ат кандайча жана ким тарабынан берилет?
5. Канча жашка толгондон кийин бойго жете элек баланын аты жана фамилиясы өзгөртүлүшү үчүн анын ыраазылыгы суралат?
6. Ата-эне бойго жете элек баласынын же бала ата-энесинин мүлкүнө ээлик кылууга акылуубу?
7. Эгерде бойго жете элек бала жана анын ата-энеси өзүнчө мүлктөргө ээлик кылышса, алар бири-биринин мүлктөрүнөн пайдалана алышабы?
8. Кандай буюмдар бойго жетпегендердин жеке өздүк мүлкү эсептелинет?

*30- тема*

## Эмгек мыйзамдуулугунда бойго жете электердин укуктары







**Ар бир адам -эмгектенүү , эркин кесип тандоо, адилеттүү жумуш шарттарында иштөө жана мыйзамда көздө тутулган тартипте жумушсуздуктан коргонуу укугуна ээ.**

*37- статья.*







**“Он сегиз жашка толбогон адамдар эмгекке таандык укуктук мамилелерде чоң жаштагы кызматчылар менен тең укукта болушат, эмгекти коргоо, жумуш убакты,эмгек дем алышын жана башка жумуш шарттары тармагында алар үчүн эмгек жөнүндөгү мыйзамдар жана башка нормативдик документтерде белгиленген кошумча артыкчылыктардан пайдаланышат”.**

*240- статья.*







### Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. *Сүрөттөрдөгү балдар кандай иштер менен алектенип жатышат?*
2. *Конституциянын келтирилген статьялары менен таанышкан түрдө, силердин теңкурларыңар ушул*

http://eduportal.uz

*кесиптерден кайсы биринде иштеши керектиги жөнүндө өз оюңарды билдиргиле. Оюңарды негиздегиле.*

3. *Эгерде теңтуштарыңар ушул кесиптерден бирине ишке кирсе ага кандай шарттар түзүлүшү керек болот деп ойлойсуңар?*
4. *Балдардын жаштайынан эмгек ишмердигине тартылышынан коом кызыкчылык көрүүсү мүмкүнбү? Мунун оң жана терс жактарын айтып берүүгө аракет кылгыла.*
5. *Мектептеги окууга тоскоол кылбаган түрдө эмгек менен алектенип, өз алдынча акча табууга мүмкүнчүлүк бар деп ойлойсуңарбы?*
6. *Акы төлөнө турган кызматта иштегениңер үчүн ата-энеңердин ыраазылыгы шарт деп эсептейсиңерби?*

Мамлекетибиздин Конституциясында ар бир киши эмгектенүү, эркин кесип тандоо укугуна ээ болсо да, Өзбекстан Республикасы Эмгек кодексинин 77-статьясына көрө ишке кабыл алууга он алты жаштан уруксат берилет. Он беш жашка толгон балдар ата-энесинин биринин же алардын ордун басуучу адамдын жазма ыраазылыгы менен, медициналык кароодон өткөрүлүп ишке кабыл алынат.

Ошондо да бул иш алардын ден соолугу жана адеп ахлагына зыян кылбай турган, окуусуна тоскоолдук кылбаган, жеңил болуусу зарыл.

Бойго жете электерди эмгек ишмердүүлүгүнө тартуудан көздө тутулган негизги максат жаштарды эмгекке даярдоо жана аларды кесип тандоого түрткү болуу зарылдыгын назарда тутуу керек.

**Эмгек мыйзамдуулугуна карай жумуш убакты 16 жаштан 18 жашка чейин болгон балдарга жумасына 36 сааттан, 15 жаштан 16 жашка чейин болгон окуучулар үчүн жумасына 24 сааттан ашпай турган кылып белгиленет.**

Эмгекке тийиштүү укуктук мамилелерде болсо он сегиз жашка толбогон балдар чоң жаштагылар менен тең укуктуу болот. Алар жумуш убакты, отпуск жана башка эмгек шарттары боюнча алар үчүн эмгек жөнүндөгү мыйзамдар жана башка нормативдик документтерде

белгиленген кошумча жана артыкчылыктардан пайдаланышат. Алар үчүн белгиленген нормадан ашык жүк көтөрүү жана ташууга жол берилбейт.

Надыр ата-энесинин, опекундун жана аталык органынын ыраазылыгы менен кичи ишканага жумушка өттү. Көп иштебей эле ал жумуштан бошоосу тууралуу ишкана жетекчисине айтып, жазма арыз берди. Ишкана жетекчиси Надырдын арызын четке кагып, ата-энесин жазма ыраазычылыгын алып келүүсүн сурады.

*Силердин пикириңер. Ишкана жетекчиси туура жол туттубу?*

Ушундай эле, окуудан бош убактында иштеп жаткан окуучулардын иш убагынын мөөнөтү он алты жаштан он сегиз жашка чейин болгон балдар иш убагы эң көп мөөнөтүнүн жарымынан ашып кетүүсү мүмкүн эмес. Балдар түнкү жумуштарга, иш убагынан сырткары жумуштарга жана дем алуу күндөрүндөгү жумуштарга тартылбастыгы керек.

Мындан тышкары, ишти окуусу менен бирге алып бараткан бойго жете электерге иш берүүчүлөр зарыл шарттарды жаратып берүүсү керек.

Ошентип, окуу менен бирге иштөөнү каалоочу бойго жете элек балдарга мамлекетибиздин эмгек мыйзамдуулугунда бир канча артыкчылыктар берилгендигин айтып өтүү керек. Алардан, кошумча эмгек дем алышынга чыгуу, кыскартылган иш жумасы сыяктууларды мисал кылуу мүмкүн.

Эгер жалпы билим берүүчү мектептерде окуп жаткан балдар жумасына алты күн иштесе, аларга окуу жылы бою кеминде отуз алты иш күнү өлчөмүндө эмгек дем алышы берилиши керек.

Жумуштан бошотулган убакыт үчүн окуучуларга иш жайында алынуучу орточо айлык иш акынын кеминде элүү пайызынан аз болбогон өлчөмдө акы төлөнөт.

Окуучулар үчүн иш акы сакталган абалда өнөр-кесип колледжеринде мамлекеттик экзамендерди тапшыруу учурунда жыйырма иш күнүнөн кем болбогон эмгек дем алышы берилет.

Устакана администрациясы он беш жарым жаштуу өспүрүмдү газ ширетүүчүсүнө шакирт кылып жумушка кабыл алды. Медициналык кароодо врач (кесипти көрсөтпөгөн абалда) бул өспүрүм иштеп чыгаруу практикасын өтөшү мүмкүн деген тактама берди. Ал үчүн 6 сааттык жумуш күнү белгиленди (атайын кошумча төлөөсүз). Бир аз убакыттан соң прокурор жардамчысы эмгек мыйзамчылыгына амал кылынуусун жалпы көзөмөлдөө тартибинде текшерүү өткөрүп, район прокуратурасы аркылуу устакана башчысына жазма баяндама жиберди жана анда шакиртти башка жумушка өткөрүүнү, ошондой эле өспүрүмдөр эмгегин коргоо боюнча мыйзамдуулуктун бир топ бузулуу абалдарын жоюуну талап кылды.



*1. Прокурордун талабы негиздүүбү?*
*2. Устакана админстрациясы тарабынан эмгек мыйзамдуулугу бузулушунун кандай абалдары жасалды?*
*3. Ушуга окшогон абалдарда мыйзамдуулугубузда сот тарабынан укуктук жоопкерчиликтин кандай түрлөрү көздө тутулган?*

Мектепте класстан-класска көчүрүү экзаменин тапшыруу учурунда иштеп жүргөн окуучу орточо иш акысы сакталып төрт күндөн алты күнгө чейин жумуштан бошотулат.

Өзбекстан Республикасы бойго жетпегендерди эмгекке тартууну тартипке салуу жана балдардын эмгектенүүсүн чектөө боюнча эл аралык документтерге кошулган, 2008-жылы 4-апрелде ӨРМ-140 мыйзам менен "Ишке кабыл алуунун эң минималдуу жашы тууралуу Конвенциясы (Женева 1973-ж 26-июнь), 2008-жылы 8-апрелдеги ӨРМ-144 мыйзамы "Балдар эмгегинин оор көрүнүштөрүн чектөө жана жоюуга каратылган шарттар жөнүндөгү" (Женева 1999-ж,17-июнь) ратификация кылынган.

***Даанышмандар казынасынан!***

Алтын жана күмүшү болбогон адам жакыр эмес, балким акыл-ээси жана кесип-өнөрү болбогон киши жакыр болот.

(*Мажидиддин Хавафий*)

## Түшүндүрүп бергиле!

Ар кандай эмгек адамдан өзүмдүк эрк менен иштөөнү талап кылат жана адам тарабынан түздөн-түз ишке ашырылат. Ушул себептен ар кандай эмгекке жарамдуу адам бир убакыттын өзүндө укуктук жарамдуулукка жана мамиле жарамдуулугуна ээ болушу мүмкүн.

## Чыгармачыл иш-аракет

*Элестеткиле, силер ишкана жетекчисисиңер. Силерге 14 жаштар жана 16 жашар эки адам ишке жайгашуу үчүн кайрылды.*

*Силердин иш-аракетиңер кандай болушу керек? Аларга кандай жумуштарды сунуш кыла аласыңар жана кандай шарттар түзгөн болот элеңер. Аларга кандай артыкчылыктар берет элеңер? Эгерде алар жумуштан бошотуу боюнча арыз беришсе, кандай документтер талап кылат элеңер?*

## Бышыктоо жана кайталоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Мамлекетибиз мыйзамдуулугу негизинде бойго жете элек балдарды канча жаштан жумушка алуу мүмкүн?
2. Он беш жашка толгон балдар жумушка кандай кылып жайгашышат?
3. Бойго жете элек балдардын кандай шарттарда жумуш кылууларына жол коюлбайт?
4. Эмгек мыйзамдуулугуна негизделип, 16 жаштан 18 жашка чейин болгон балдарга жумуш убактысы жумасына канча саат, 14 төн 16 жашка чейинки балдарга канча саат кылып белгиленет?
5. Билим алуу менен бирге эмгектенип жаткан балдардын жумуш убактысы кандай болушу керек?
6. Бул артыкчылыктар кандай белгилениши керектигин түшүндүр.
7. Өзбекстан Республикасы бойго жетпегендерди эмгекке тартууну тартипке салуу жана балдар эмгегинен пайдаланууну чектөө боюнча кандай эл аралык укуктук документти ратификация кылган?



http://eduportal.uz

## Бөлүм боюнча жалпы кайталоо үчүн суроолор жана тапшырмалар

1. Өзбекстан Республикасынын мыйзамдуулугу бойго жете электерге карата кандай принципке негизделип иш жүргүзөт?
2. Өзбекстан Республикасынын Жарандык кодекси адамдын толук жарамдуулукка жетишин канча жаштан белгилеген?
3. Бойго жете электерди жаш чагынан мамиле жарамдуулугуна ылайыктуулугун аныктоодо эмнелерге көңүл бурулган?
4. Эгерде бойго жете элек бала жана анын ата-энеси өзүнчө мүлктөргө ээлик кылышса, алар бири-биринин мүлктөрүнөн пайдалана алышабы?
5. Кандай буюмдар бойго жете электердин өзүмдүк мүлкү эсептелет?
6. Бойго жете элек балдардын кандай шарттарда эмгек кылууларына жол коюлбайт?

**Терминдерге таандык түшүндүрмөлөрдү белгилегиле.**

***1. Бойго жете электерге***

***2. Бойго жеткен жана эмгекке жарамдуу перзенттер***

***3. Жарандык укугу тармагы***

***8. Бойго жеткениңерге карата***

***4. Азаттыкты чектөө***

***5. Айып,***

***6. Ахлак түзөтүү иштер***

***7. Эркинен ажыратуу***

*а) төмөндөгү негизги жазалар колдонулушу мүмкүн: -айып; -түзөтүү иштери; азаттыкты чектөө; эркинен ажыратуу.*

*б) жеке жана юридикалык жактар мүлккө таандык жана таандык болбогон мамилелерди жана товар-акча мамилелерин тартипке салуучу укуктук нормаларды өзүндө камтыган тармак.*

*в) бул 16 жашка толгон, эмгекке жарамдуу бойго жете электерди эмгекке мажбур кылуу менен тартуу.*

*г) бул түрдөгү жаза 16 жашка толгон, бойго жете электерге бир айдан үч айга чейин мөөнөткө дайындалат.*

*д) кошумча жазалар жана өлүм жазасы дайындалышы мүмкүн эмес.*

*е) өз ата-энелери жөнүндө камкордук көрүүгө милдеттүү.*

*ё) кылмыш жасаган кишилер мамлекет эсебине акча өндүрүү.*

*ж) бул жаза түрү бойго жете электерге карата 6 айдан 10 жылга чейин мөөнөткө дайындалат.*

## Бөлүм боюнча үлгүлүү тесттер

1. 14 жашка толгон бойго жете электер төмөндөгү кайсы кылмыштардын субъектиси болуусу мүмкүн?

1. Өз кызмат милдетине кыянат кылганда;
2. Адам уурдоо;
3. Буйрук же башка буюрууну аткаруу;
4. Эркинен ажыратуу жайларынан качуу;
5. Транспорт каражаттарын ала качуу.

а) 1,2,3,4,5; б) 1, 3, 4, 5; д) 3, 4, 5; е) 2, 4, 5.

2. Эмансипация эмнени билдирет?

а) Латынча тең укуктуулукка жетишүү, көз карандылыктан кутулуу деген маанини билдирет;
б) Бул жоопкерчиликтин бир түрү болуп, 16 жашка толгон кишилер тартылат;
в) Латынчадан которулганда "коргоочу", "актоочу" деген маанини билдирет;
г) Французчадан которулганда "каралоочу" деген маанини билдирет.

3. Бойго жете элек кишилер кандай абалдарда толук мамиле жөндөмдүүлүгүнө ээ болушат?

1) Соттун чечими менен эмансипация кылынганда;
2) Бойго жете электер толук мамиле жөндөмдүүлүгүнө ээ болушпайт;
3) 18 жашка толбостон мыйзамдуу никеден өткөн жаран, никеден өткөн убактан баштап толук мамиле жөндөмдүүлүгүнө ээ болот;
4) Бойго жете электер кээ бир мекеме менен эмгек келишимин түзгөндөн кийин.

а) 1,2; б) 1,2,3; в) 1,3; г) 1,4.

4. Эмгек дептерчеси жумушка биринчи жолу кирүүдө иш башталганынан канча күн кечиктирилбей толтурулушу керек?

а) 1 күн; б) 3 күн; в) 5 күн; г) 7 күн.

5. Төмөнкүлөрдөн кимдерге сыноо мөөнөтү берүү мүмкүн эмес?

1) Кош бойлуу аялдарга;
2) Баласы 3 жашка чейин болгон аялдарга;
3) Альтернативдик кызматты өтөгөндөргө;



http://eduportal.uz

4) Көп балалуу аялдарга;

5) Админстрациянын демилгеси менен башка ишке өткөрүлгөн кызматчыларга;

6) 6 ай мөөнөткө эмгек келишимин түзгөн кызматчыларга.

а) 1,2,3,4,6; б) 1,2,3, 5,6; в) 1, 2, 3, 4, 5, 6; г) 1, 2, 4, 5, 6.

6. **Ишке жайгашууда администрацияга кандай документтер тапшырылуусу керек?**

1) 12 жаштан 14 жашка чейин: ата-энесинин биринин же алардын ордун басуучулардын жазма ыраазылыгы, окуган жеринен тактама, ден соолугу жөнүндө тактама, аскердик билет же аскердик каттоодо тургандыгы жөнүндөгү күбөлүк;

2) 16-18 жашка чейин: ата-энесинин биринин же алардын ордун басуучулардын жазма ыраазылыгы, окуган жеринен тактама, ден соолугу жөнүндө тактама, паспорт же төрөлгөндүгү жөнүндөгү күбөлүк, турак жеринен тактама;

3) 18 жаштан: паспорт, эмгек китепчеси же соңку убакта эмне менен алектенгендиги жөнүндө турак жеринен тактама;

4) 15 жашка чейин: ата-энесинин биринин же алардын ордун басуучулардын жазма ыраазылыгы, окуган жеринен жана ден соолугу жөнүндө тактама, төрөлгөндүгү жөнүндөгү күбөлүк.

а) 1,2, 3,4; б) 2, 3,4; в) 1, 3,4; г)1 ,2 ,4 .

7. **18 жашка толбогондорго канча календарь күндүк жылды узартылган эмгек дем алышы берилет?**

а) 10 календарь күндүк; б) 15 календарь күндүк;

в) 20 календарь күндүк; г) 30 календарь күндүк.

8. **Бойго жете элек адам ишке орношту. Бир ай өтпөстөн бошоо жөнүндө директорго арыз берди.**

а) Өзбекстан Республикасы Конституциясынын 37-статьясына көрө милдеттүү эмгекке тыюу салынат, мекеме жетекчиси бойго жете элек адамдын арызына кол коюу керек;

б) бойго жете элек адамдын ата-энесинин же алардын ордун басуучу кишилердин ыраазылыгы болуусу талап кылынат;

в) жерлердеги опекун жана камкордук комитеттери менен келишүүсү керек;

г) Эмгек мыйзамдуулугуна көрө директор бойго жете элек адамды жумуштан бошотуу үчүн ата-энесинин же алардын ордун

басуучулардын ыраазылыгын алуусу керек.

**9. Төмөнкүлөрдөн административдик жоопкерчилик түрүн көрсөткүлө.**

а) Айып, белгилүү бир укуктан ажыратуу, акысын төлөө шарты менен буюмду алып коюу;

б) Айып, белгилүү бир укуктан ажыратуу, ахлак түзөтүү иштери,кызмат милдетин чектөө;

в) Сөгүш жарыялоо;

г) Штраф, эркинен ажыратуу.

**10. “Аңчылык кылуу укугунан ажыратуу” кайсы жоопкерчилик түрүнө кирет?**

а) Административдик; в) Тартиптик;

б) Жазык-тартиптик; г) Жарандык.

**11. Эгерде 14 жаштагы бойго жете элек адам ишке жүк ташуучу болуп кабыл алынган болсо, ал бир убактын өзүндө канча оордуктагы жүктү көтөрүүсү мүмкүн?**

а) 10 кг; б) 5 кг; в) 4,1 кг; г) 7 кг.

**12. Административдик кармап туруу канча саатка чейин болуусу мүмкүн?**

а) көбү менен 1 саат;

б) көбү менен 3 саат;

в) көбү менен 24 саат;

г) көбү менен 3 сутка.

**13. Эгерде 16 жаштагы же 18 жашка толбогон бойго жете элек адам өтө оор кылмыш жасаса, анда аны канча жылга эркинен ажыратуу мүмкүн?**

а) 12 жыл; б) 15 жыл;

в) 10 жыл; г) Өмүр бою эркинен ажыратуу

**14. Өзбекстан Республикасы Конституциясында бардык жарандардын эмгек кылууга мажбур экендигин көрсөткөн статьясын көрсөткүлө?**

а) 6-статья б)37-статья

в) 41-статья г) мындай статья жок

**15. Мыйзамга терс аракет же аракетсиздик кандай аталат?**

а) Кылмыш; б) Админстративдик аракет;

в) Тартиптик аракет; г) Жарандык аракет.



http://eduportal.uz

## БОЙГО ЖЕТЕ ЭЛЕКТЕРДИН УКУК ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

- 14 жашка толбогон бойго жете электердин (кенже жаштагы балдардын) же опекундукта болгон жарандардын мыйзамдуу өкүлдөрү - ата-энелери, перзенттикке алуучулары же опекундары жашай турган жер бойго жете электер же опекундукта болгон жарандардын жашоочу жери эсептелет.
- Жарандардын өз аракеттери менен жарандык укуктарына ээ болуу жана аларды ишке ашыруу, өзү үчүн жарандык милдеттерин пайда кылуу жана аларды аткаруу жарамдуулугу (мамиле жарамдуулугу) ал бойго жеткенден кийин, башкача айтканда 18 жашка толгондон кийин толук көлөмдө пайда болот. Бойго жеткенге чейин мыйзамдуу никеден өткөн жаран никеден өткөн убактан баштап толук түрдө мамиле жөндөмдүүлүгүнө ээ болот.
- 18 жашка толбостон нике бузулса да мамиле жөндөмдүүлүгү толук сакталат. Бирок нике чыныгы эмес деп табылса сот бойго жете элек эр (аял) сот белгилеген убактан баштап толук мамиле жөндөмдүүлүгүн жоготкону жөнүндө чечим кабыл алышы мүмкүн.
- 18 жашка толбогон бойго жете электер келишимдерди өз ата-энелери, перзенттикке алуучулары же камкордук кылуучуларынын жазма ыраазычылыктары менен түзүшкөндө гана чыныгы деп эсептелет.
- 14 жаштан 18 жашка чейин болгон бойго жете электер ата-энелери, перзенттикке алуучулары же камкордук кылуучуларынын жазма ыраазычылыгысыз төмөнкүлөрдү өз алдынча ишке ашырууга акылуу:
  - өз эмгек акы, стипендиясы жана башка кирешелерин тескөө;
  - илим, адабият же искусство чыгармаларынын, ойлоп табуу же өз интеллектуалдык ишмердигинин мыйзам менен корголо турган (башка натыйжасы) автордук укугун ишке ашыруу;
  - мыйзамга ылайык кредит мекемелерине аманаттар коюу жана аларды тескөө;
  - кичи тейлөө келишимдерин, акысыз кызыкчылык көрүүгө каратылган, нотариалдык бекитүүнү же мамлекет каттоосунан өткөрүүнү талап кылбай турган бүтүмдөрдү, мыйзамдуу өкүл же анын ыраазылыгы менен үчүнчү адам тарабынан кандайдыр максат же эркин тескөө үчүн берилген каражаттарды тескөө боюнча бүтүмдөрдү.
  - 14 жаштан 18 жашка чейин болгон бойго жете электер жогорудагыларга ылайык өздөрү түзгөн келишимдер боюнча мүлктүк жоопкер болушат.

- Сот ата-энелердин, перзенттикке алуучулар же камкордук кылуучулардын негиздүү суранычы боюнча 14 жаштан 18 жашка чейин болгон бойго жете электердин өз эмгек акы, стипендиясы же башка кирешелерин өз алдынча тескөө укугун чектеп коюшу же бул укуктан ажыратышы мүмкүн.
- 16 жашка толгон бойго жете элек адам эмгек келишими боюнча иштеп жаткан болсо же ата-энеси, перзенттикке алуучулары же камкордук кылуучуларынын ыраазылыгына ылайык ишмердик менен алектенип жаткан болсо, ал толук мамилеге жарамдуу деп жарыяланышы мүмкүн.
- Бойго жете электин толук мамилеге жөндөмдүү деп жарыяланышы – эмансипация – соттун чечими менен ишке ашырылат. Мындай бойго жете элек адамдын милдеттенмелери боюнча, негизинен ал жеткизген зыян натыйжасында келип чыккан милдеттенмелер боюнча ата-энеси же алардын ордун басуучулар эмес, анын өзү толук жоопкер болот.
- Баланын кызыкчылыктарына терс болгон абалдардан сырткары, ар бир бала үй-бүлөдө жашоо жана тарбиялануу, өз ата-энесин билүү, алардын камкордугунан пайдалануу, алар менен бирге жашоо укугуна ээ.
- Бала өз укугу жана мыйзамдуу кызыкчылыгын коргоо укугуна ээ. Баланын укук жана мыйзамдуу кызыкчылыктары анын ата-энеси, ата-энеси жок болсо, анын ордун басуучулар, опекундук жана камкордук кылуучу мекемелери, прокурор, сот тарабынан ишке ашырылат.
- Үй-бүлөдө баланын кызыкчылыктарына таандык ар кандай маселе чечилип жатканда бала өз оюн билдирүүгө, о. э., ар кандай сот талкуусу же административдик талкуу учурунда сүйлөөгө акылуу.
- Балага ат ата-эненин келишүүсү боюнча, ата-аты — атасынын аты боюнча берилет. Фамилиясы ата-эненин фамилиясына карап белгиленет. Ата-эне түрдүү фамилияларда болгондо ата-эненин келишүүсүнө ылайык балага атасынын же апасынын фамилиясы берилет. Ата-эненин каалоосуна ылайык, балага ата же эне тарабынан улуттук салттардын негизинде чоң атанын аты боюнча фамилия берилиши мүмкүн.
- Баланын аты жана фамилиясы ата-эненин биргеликтеги арызына ылайык бала 16 жашка толгонго чейин баланын кызыкчылыктарын эсепке алган түрдө (ата же апасынын фамилиясына) өзгөртүлүшү

мүмкүн. 16 жашка толгон баланын аты же фамилиясын өзгөртүү жалгыз гана анын ыраазылыгы менен ишке ашырылат.

- Бойго жете элек балдар мыйзамда белгиленген тартипте тартуу кылынган же мурас катары алган мүлкү, ошондой эле, өздүк эмгеги жана ишкердиги натыйжасында тапкан мүлкү алардын өздүк мүлкү эсептелет.
- Бойго жете электердин жеке пайдалануудагы буюмдары (кийим-кече, өндүрүштүк куралдары, окуу куралдары жана башкалар) алардын өзүмдүк мүлкү эсептелет.
- 18 жашка толбогон жеке адамдар эмгекке таандык укуктук мамилелерде чоң жаштагы кызматкерлер менен тең укукта болушат.
- 16 жаштан 18 жашка чейин болгон кызматкерлерге жумасына отуз алты сааттан жумуш күнү белгиленет.
- 15-16 жашка чейин болгон (каникуль мезгилинде иштеп жаткан 14 жаштан 16 жашка чейин болгон окуучулар үчүн) адамдар үчүн жумасына жыйырма төрт сааттан ашпаган жумуш күнү белгиленет.
- Административдик жоопкерчиликке административдик укук бузуу жасалган убакта 16 жашка толгон адамдар тартылышат.
- Кылмыш жасалганга чейин 13 жашка толгондор жоопкерчиликти оорлоштуруучу абалдарда карасанатайлык менен адам өлтүргөнү (КК 97-статьясы 2-бөлүмү) үчүн гана кылмыштык жоопкерчиликке тартылышат.
- Кылмыш жасалганга чейин 14 жашка толгон жеке адамдар төмөнкү кылмыштар үчүн жоопкерчиликке тартылышат:

– карасанатайлык менен адам өлтүргөндүгү;
– карасанатайлык менен денеге орточо жаракат жеткизгендиги;
– зордуктоо; каалоосун зордук менен күч иштетип табигый эмес усулда кандыруу; адам уурдоо; баскынчылык, көз боёмочулук, тоноо;
– мүлктү карасанатайлык менен иштен чыгаруу же ага түзөтүп болбос зыян келтирүү; эркинен ажыратуучу жерлерден качуу;
– ок атуучу курал, ок-дарылар, жарылуучу заттар же жардыруучу курулмалар, радиактивдүү материалдарды мыйзамга каршы түрдө ээлөө;
– темир жол, деңиз, дарыя, аба транспорту каражаты же байланыш жолдорун жараксыз абалга келтирүү; транспорт каражатын алып качуу;

– баңги зат же психотроптук заттарды мыйзамга каршы ээлөө;
– айыпты оорлоштуруучу абалдарда бейбаштык кылуу.

## "ӨЗБЕКСТАН МАМЛЕКЕТИ ЖАНА УКУГУНУН НЕГИЗДЕРИНЕН" МАСЕЛЕЛЕР

1. Мектепти радио адистигин ээлөө менен бирге аяктаган окуучу заводко ишке кирүүдөн мурда завод ага канча саат иш убактысы белгилөө керек деген суроону чечүү үчүн Өзбекстан Республикасынын Конституциясына кайрылды, бирок Конституциядан суроого жооп таба албады. Жаш жумушчу кайсы мыйзамдан жооп табышы мүмкүн? Конституция эмне үчүн негизги мыйзам деп аталат?

2. Өзбекстандын Конституциясынын 9-статьясында коом жана мамлекеттин турмушунун эң негизги маселелери эл талкуусуна сунуш кылынат, жалпы добуш (референдум) ка коюлат деп көрсөтүлгөн.

Айткылачы, эмнелер жалпы элдин добушу менен чечилет?

3. Өзбекстан Республикасынын курама командасынын мүчөсү Н. эми 18 жашка толуп, жашоодо биринчи жолу шайлоого катышуусу керек болчу. Бирок мелдеш үчүн башка шаарга кетүүсү себеп Н. шайлоого катыша албаймын деп өкүндү. Айткылачы, Н. шайлоого катышабы? Эгер катышса, кандай түрдө өз укугун ишке ашырат?

4. Республика Конституциясы жана "Мүлк жөнүндөгү" мыйзам жарандардын өзүмдүк мүлккө ээ болушун билдирди, турак жайлар да менчиктештирилди. Бул мыйзамдан пайдаланып, жаран М. үйүнүн бөлмөлөрүн өзүнө жаккан түзүлүштө өзгөртүү иштерин баштап жиберди, кээ бир дубалдарды алып таштады, эки бөлмөдөн чоң бир үй түздү, ашкананы балконго көчүрдү. Үй башкармасынын кызматкерлери, М. ге эскертүү берип, бардык бөлмөлөрдү мурдагы абалына келтирүүсүн буюрду. Бул үйдө башкалар да жашашын ага түшүндүрүштү.

Айткылачы, кимдики туура?

5. М. аттуу жаран, Яккасарай район прокуратурасына кошунасы С. өз шериги менен кылмыш жасоого даярдык көрүп жаткандыгын маалымдады. Прокурор тергөөчүгө С.ны камакка алууну буюрду.



http://eduportal.uz

Айтkылачы, прокурор туура буйрук бердиби?

Тергөөчү Конституциянын кайсы статьясына каршы аракет жасады?

6. О. аттуу жаран жумуштан кайтып үйгө келгенде кээ бир буюмдары уурдалгандыгын көрдү, ууру ушул мааледе жашоочу М. экендигине ишеним пайда кылып, анын эшигин бузуп, үйүнөн буюм мүлкүн алып чыгып кетти.

Айткылачы О. Конституциянын кайсы статьясына каршы аракет жасады? Ал кандай аракет жасаганы мыйзамдуу болмок?

7. 15 жаштуу лицей окуучуларын классташтары Калдар менен Азиз туулган күндөрүнө чакырышкан эле. Столдо 1 бөтөлкө спирттүү ичимдик пайда болгонун көргөн Батыр „Эмнеге спирттүү ичимдик койгонсуңар, бизге ичүү мүмкүн эмес. Бул үчүн айып салышат", – деди.

– Койсоңчу, эгерде биз көчөдө, коомдук жерлерде ичсек айып салышат, биз болсо өз үйүбүздөбүз, - деди Бахадыр.

– Экөөңдүкү да туура эмес, деди Бакыт. Бизге спирттүү ичимдик ичүү мүмкүн эмес. Кайсы жерде ичилбесин баары бир бул үчүн ата-энелерибизге айып салышат. Кимдики туура ?

8. Алишер токойго аңчылык мылтыгын алып кетти. Токойдун жанында ал эки казды көрүп, аларды атып түшүрдү. Ошол замат тартип бузуучуну токой көзөмөлдөөчүсү кармап алды жана тийиштүү органга тапшырды.

Токойду көзөмөлдөө инспектору Алишерге токой чарбасында аң уулоо эрежелерин бузгандыгы үчүн төмөндөгү чараларды көрдү:

айып 10000 сум, мылтыгын жана атып алган каздарын конфискациялоо.

Алишер кандай түрдөгү жазага тартылды?

9. Мектеп окуучуларынын бир тобу табиятты коргоо иши менен алектенишчү. Мектептин айланасындагы сууда зыяндуу нерселердин агуусун көрүп, балыкчылыкты көзөмөлдөө инспекциясына кабар беришти. Оор абалдын алдын алуу чаралары тез аныкталгандыгын

эсепке алып, зыяндуу заттарды сууга агызган ишкананын кызмат адамдарына административдик жаза колдонуу менен чектелишти. Төмөндөгү административдик жазанын кайсы бирин бул мисалда колдонуу мүмкүн? Эгерде айрым бир жарандар тарабынан мындай тартип бузуу болсо, кандай чаралар колдонулат?

Эгерде көп өлчөмдө балыктар өлгөн болгондо, ишкана жетекчилерине кандай чаралар колдонулган болот эле?

А) айып;

В) ахлак түзөтүү иштери;

Д ) конфискациялоо.

10. А. аттуу кызматчы иштен бошоо тууросында „өз ыраазычылыгы" менен деп арыз жазды. Бир канча убакыт өткөндөн кийин директор чакырып, арызды кайра жазууну жана иштен бошоо себебин көрсөтүүнү талап кылды. А. ыраазылык билдирбеди. Бул учурда кимдики туура?

11. Т. аттуу айдоочу өз милдетине кайдыгерлик менен карагандыгы себеп кымбат баалуу тетикти иштен чыгарып койду. Ишкананын директору ага сөгүш берүү менен бирге келтирилген залалды каптоо, айып төлөө чараларын көрдү. Т. ыраазы болгон жок. Администрациянын аракети мыйзамдуубу?

12. Иш убактысы аякташына бир саат калганда 17 жаштуу М. жумуштан кайтуу үчүн эшик алдына келгенде, бөлүм башчысы „Эрте эмеспи?" деп сурап калды. Бөлүм башчысы Өзбекстан Республикасынын эмгек кодексинин кайсы статьясын билүүсү шарт?

13. 16 жаштуу жумушчу С. 6 ай иштегенден кийин ага эмгек дем алышы берүүсүн директорунан сурады. Директору азырынча иштегенине 6 ай толбогонун эсепке алып, эмгек дем алышын бербеди. Директордун аракети эмгек мыйзамына туура келеби же жокпу?

14. Төмөндөгү көрсөтүлгөн кызматчыларга кайсы түрдөгү жумуш убактысы колдонулушу эмгек кодексинде көрсөтүлгөн (кыскартылган, толуксуз):

http://eduportal.uz

A) оорулуу апасына караган жумушчуга;

В) 16 жаштагы жумушчуга;

С) жаш балалуу жумушчуга;

Д) зыяндуу иште иштеген жумушчуга;

Е) өндүрүштөн ажыралбаган абалда окуган жумушчуга.

15. Цех башчысы 16 жаштагы жумушчуну жумуштан сырткары иштөөсү жөнүндө буйрук берип, эки жума иштешин сурады. Бирок жумушчу макулдугун бербеди. Цехтин башчысы ага сөгүш жарыялады.

А) Бул учурда цехтин башчысынын аракети мыйзамдуубу?

В) Мыйзамдуу болбосо жумушчу кайсы жерге кайрылуусу керек?

16. Ф. аттуу жаран бир нече күн үйүнүн терезесинен эки өспүрүм кошунасынын автомашинасы айланасында жүргөндүгүн көрдү. Күндөрдүн биринде кошунасынын автомашинасынын эки дөңгөлөгү уурдалгандыгын билип калды. Кошунанын : „Ким уурдады?" – деген кыйкырыгына Ф: „Ким уурдайт эле, ошол эки өспүрүм уурдаган " – деп айтты.

Ф. туура айттыбы? Эгерде ал шектенген болсо, кимге кайрылуусу керек болчу?

17. Ш. нын атасы аракечтикке бериле баштады. Күндөрдүн биринде ал 8-класста окуган уулуна мажбурлап арак куюп берди. Ш.нын көзү тунарып, оозу ачышып, чыдабастан көчөгө чуркап чыгып кетти. Аны көргөн милиция кызматкери тартип бузулгандыгын жазма түрдө каттады. Эртең менен Ш.нын атасын милиция бөлүмүнө чакырып жазалоолорун айтышты.

Ш.нын атасына кандай жаза чарасы колдонулат?

Кандай тартип бузуу жасалды?

18. Чоң энеси башка мамлекетке көчүп кетиши себеп 12 жаштагы небересине турак-жайын белекке берди. Небереси ал үйдү башка нерсеге алмаштырмакчы. Алмаштырууга акысы барбы? Жарандык мыйзамы бул укуктук мамилени мыйзамдуу деп эсептейби?

А) Ооба, укуктуу, ал мүлк ээси;

Б) Жок, азырынча ал 18 жашта эмес.



http://eduportal.uz

## АЙРЫМ ЮРИДИКАЛЫК ТЕРМИНДЕРДИН ТҮШҮНДҮРМӨ СӨЗДҮГҮ

**АДАМ КОЛ ТИЙГИСТИГИ** — жарандардын конституциялык жеке укук жана эркиндиктеринен бири.

**АДВОКАТ** — (лат.) айыпталуучунун коргоочусу, сотто бир адамдын ишин алып баруучу, укуктук маселелер боюнча кеңештер берүүчү юрист. юстиция — соттоо мекемелеринин ишин билдирүүчү кең маанидеги укуктук түшүнүк.

**АЙЫП** — күнөөлүүдөн мамлекеттин пайдасына мыйзамда белгиленген өлчөмдө акча өндүрүү болуп эсептелет.

**АЙЫПТАЛУУЧУ** — кылмыштык жоопкерчиликке тиешелүү адам.

**АКТ** — бир окуя, кубулуш же келип чыккан абалды ырастоо, ага күбөлүк берүү максатында бир нече адамдар тарабынан түзүлгөн документ.

**АЛИМЕНТ** — Эмгекке жараксыз болуп өзүнчө тиричилик жүргүзүп жаткан үй-бүлө мүчөлөрүнө жакын адамдар тарабынан төлөнүүчү акча.

**АМНИСТИЯ** — соттолгондордун бир бөлүгүн мыйзам негизинде толук же белгилүү бир бөлүктө эркиндикке чыгаруу.

**АНТ** — ант берүү, бир жумушту аткарууга расмий же салтанаттуу түрдө сөз берүү, чын дили менен берилүү.

**АПЕЛЛЯЦИЯ** — даттануу, наарazычылык билдирүү.

**АРБИТР** — тараптардын ортосундагы келишпестиктерди сотсуз чечүүчү, жараштыруучу, калыс адам.

**АУДИТОР** —коммерциялык банктардын иш-аракетин текшерүү өкүлдүгү.

**БАСКЫНЧЫЛЫК** — башкалардын мүлкүн талап-тоноо максатында чабуул уюштуруп, денесине жаракат жеткирүү.

**БЕЙБАШТЫК** — жамааттык тартип эрежелерине карасанатайлык менен урматсыздык кылып сабоо, токмоктоо, денесине жаракат жеткирүү.

**ДЕКЛАРАЦИЯ** — (лат.) кайрылуу, кирешеси жана байлыктары жөнүндө салык төлөөгө тартылган адамдын арызы.

**ДООМАТ** — өзүнүн жарандык укугун коргоо жөнүндө сот аркылуу жасалган даттануу.

**ЖАБЫРЛАНУУЧУ** — кылмыш аракети натыйжасында залал көргөн адам.

**ЖАЗА** — укук бузуучу деп табылган адамга карата мамлекет атынан сот өкүмү менен колдонулуучу, белгилүү бир укук жана эркиндиктеринен ажыратуудан турган мажбурлоо чарасы.



http://eduportal.uz

**ЖАЛПЫ МҮЛК** — мыйзам негизинде эки же андан ашык адамга тиешелүү мүлк.

**ЖАЛПЫ ШАЙЛОО УКУГУ** — мыйзамда белгиленген жашка жеткен бардык жарандар бийликтин өкүлдүк органдарына боло турган шайлоолорго катышуу укугун бере турган шайлоо укугу системасы.

**ЖООПКЕРЧИЛИК** — мыйзамсыз аракети үчүн жооп берүүнү талап кылуучу абал.

**ИЗДӨӨ** — тергөө, сүрүштүрүү органдары жана ички иштер органдары тарабынан жашынып жүргөн айыпкерди, жазадан качкан качкынды, дайынсыз жоголгон адамды табууга каратылган иш-чаралар жыйнагы.

**КАСТАНУУ** — айыптын формаларынан бири. Мында кылмышкер өз кылмышынын коомдук кооптуу экендигин билет, зыяндуу натыйжасын көрөт жана ага түшүнгөн, билген абалда кол урат.

**КЕЛИШИМ** — эки же бир канча жактардын ортосундагы өз ара жоопкерчиликтерди белгилөө, аларды өзгөртүү же бекер кылуу жөнүндөгү бүтүм.

**КЕРЭЭЗ** — байлык-мүлкүн мураскоруна өткөрүү жөнүндөгү мурас сөзү жазылган документ.

**КОДЕКС** — (лат.) укуктун бир тармагына тиешелүү мыйзам-эрежелер жыйнагы.

**КОНВЕНЦИЯ** — (лат.) келишим, көп тараптуу эл аралык келишим түрлөрүнөн бири.

**КООПЕРАТИВ (ШИРКАТ)** — бир иш-аракетти чогуу ишке ашыруу максатында бириккен адамдардын шериктештиги, бирикме.

**КОНСТИТУЦИЯ** — (лат.) түзүлүш, мамлекеттин негизги мыйзамы. Ал мамлекеттин социалдык-саясий, мамлекеттик түзүлүшү, органдарынын системасы, жарандардын негизги укук жана милдеттерин сүрөттөйт.

**КОНТРАБАНДА** — (контр жана бандо) товарларды мамлекетке мыйзамсыз түрдө алып кирүү.

**КӨЗ БОЁОЧУЛУК** — алдоо жана башка жолдор менен башкалардын мүлкүн караөзгөйлүк максатында ээлеп алуу.

**КҮБӨ** — болгон окуяны өз көзү менен көргөн, көргөндөрүн айтып берүү үчүн сотко чакырылган адам.

**КЫЛМЫШ** — мыйзам менен тыюу салынган, жаза берилүүчү, коомдук кооптуу аракет (же аракетсиздик) кылмыш деп табылат.

**ЛИЦЕНЗИЯ** — (лат.) эркиндик, укук, уруксат берүү. Мисалы ойлоп табуу

үчүн бериле турган техникалык документ, соода-сатык менен алектенүү үчүн берилген уруксатнаама.

**МИТААМДЫК** — алдоо жана башка жолдор менен өзгөлөр мүлкүн ээлөө.

**МУРАС** — каза болгон адамдын мүлкүн өз тууганлары жана башка жакын адамдарынын карамагына өтүшү.

**МЫЙЗАМ** — мамлекеттик бийликтин жогорку органы тарабынан белгиленген тартипте кабыл алына турган нормативдик акт.

**НОТАРИУС** — нотариалдык аракеттерди ишке ашыруучу кызмат адамы, мамлекеттик өкүл.

**ОБЛИГАЦИЯ** — кымбат баалуу кагаздын түрү болуп, анын ээси мурда берилген өлчөмдөрдө жылдык киреше алып турат.

**ОРУНДАШТЫК** — мекемелерде негизги иш менен бирге башка акчалуу кызматта иштөө.

**ӨЗҮМДҮК ЧЕЧИМ** — соттун талкуусу жараянында өкүм менен бир убакытта чыгарылган чечим.

**ӨКҮМ** — соттолуучуну жазалоо же актоо жөнүндө чыгарылган соттун чечими.

**ПАРЫЗ** — (арабча) милдет, жоопкерчилик, бардык мусулмандар аткарышы шарт болгон талаптар жана нормаларды билдирүүчү диний-укуктук категория.

**ПАТЕНТ** — белгилүү мөөнөт ичинде кандайдыр бир иш-аракет менен алектенүү үчүн берилген абсолюттук документ.

**ПЕНИЯ** — милдеттемени өз убагында аткарбагандыгы үчүн бериле турган санкция, төлөнүүчү сумма.

**ПОШЛИНА** — мамлекет жана башка органдар тарабынан жасалган көйгөйлөр үчүн өндүрүлүүчү акча.

**РЕПЛИКА** — (лат.) кайталаймын, жооп беремин. Сөз таштоо, кыскача тартышуу, наааразылык, жооп. Мисалы, сот процессинде адвокат менен каралоочунун ортосундагы келишпестик.

**САНКЦИЯ** — укук бузууга карата мамлекет тарабынан колдонулуучу этият чара.

**СУБСИДИЯ (ЛАТ)** — субсидиум — жардам, мамлекеттик бюджет тарабынан жергиликтүү бийлик органдары, юридикалык жана жеке жактарга берилүүчү жардам.

**СУРАК** — тергөөдө, сүрүштүрүү жана сот чогулушунда адамдардан көрсөтмө, ошондой эле түшүндүрүү алуу каражаты.



http://eduportal.uz

**ТАРТУУ (белек)** — жеке инсандын башка бир жеке инсандын пайдасына өз менчигин акысыз берүү жөнүндөгү келишим.

**ТЕРГӨӨ** — бир окуянын себеби жана айыпкерин аныктоого каратылган иш-аракет.

**ТЕРРОРИСТТИК АКТ** — мамлекеттин коопсуздугуна каршы, Конституциялык режимдин негиздерине каршы каратылган кылмыш.

**ТОКТОМ** — мамлекетти башкаруу документтеринин түрлөрүнөн бири.

**УКАЗ** — мамлекет башчысы тарабынан чыгарылуучу документ.

**УКУКТУК МАМИЛЕ** — катышуучулардын укук жана милдеттерин белгилөөчү, мыйзам нормалары менен тартипке салынуучу социалдык мамиле.

**ЭКСПЕРТИЗА** — белгилүү бир маселелердин эксперттер тарабынан текшерип үйрөнүлүшү.

**ЭКСТЕРНАТ** — (лат.) тышкы, бөтөн, окуу жайында түздөн-түз окубаган адамдар үчүн окуу курсу боюнча экзамендерди тапшыруу үчүн белгиленген тартип.

**ЭС АЛУУ УБАКТЫСЫ** — кызматкер эмгек милдеттерин аткаруудан сырткары болгон жана мындан ал өз ыктыяры боюнча пайдалануу мүмкүн болгон убакыт.

**ЮРИДИКАЛЫК АКТ** — мамлекеттик органдар, кызмат адамдары тарабынан өз ыйгарым укуктары чегинде чыгарылган токтом.

**ЮРИДИКАЛЫК (УКУКТУК) ЖООПКЕРЧИЛИК** — жазага тартуу, юридикалык милдеттенмелерди бузган адам, айыпкерге карата мыйзамда көздө тутулган санкцияларды колдоо.

**ЮРИДИКАЛЫК (УКУКТУК) ФАКТТАР** — укук жана милдеттенмелерди пайда кылуу, өзгөртүү же болбосо жокко чыгаруу менен байланыштуу абалдар.

**ЮРИДИКАЛЫК ЖАК** — жарандык укук жана милдеттенмелердин конкреттүү субъекти.

**ЮРИСТ КОНСУЛЬТАНТ** — (лат.) укукчу, ишкана жана мекемелерде юридикалык маселелер боюнча кеңешчи катары иштеген адис, юрист.

**ЮСТИЦИЯ** — арабча "адилет, тууралык, чынчылдык" маанилерин билдирет.

**ЫЙМАН ЭРКИНДИГИ** — бул жарандардын ар кандай динге ишениши же эч кандай динге ишенбестик укугу болуп эсептелет.



ruxta.eduportal.uz

# МАЗМУНУ

Окуу китебинен пайдалануу боюнча жалпы көрсөтмөлөр........................... 3
1- *тема.* Өзбекстан Республикасы – эгемендүү мамлекет........................... 4

## *I БӨЛҮМ*
## ЖАК, КООМ ЖАНА МАМЛЕКЕТ

*2- тема.* Адам (личность) ....................................................................10
*3- тема.* Коом....................................................................................15
*4- тема.* Мамлекет..............................................................................20
*5- тема.* Мамлекеттин функциялары......................................................25
*6- тема.* Мамлекеттин башкаруу формасы...............................................30
*7- тема.* Мамлекеттин түзүлүш формасы ..................................................35
*8- тема.* Саясий тартип (режим). Мамлекеттик органдар.
Мамлекет механизми......... ....................................................................40
*Бөлүм боюнча үлгүлүү тесттер* ..............................................................46

## *II БӨЛҮМ*
## ЖАРАНДЫК КООМ ЖАНА УКУКТУК МАМЛЕКЕТ

*9- тема.* Жарандык коому....................................................................48
*10- тема.* Укуктук мамлекет...................................................................53
*Бөлүм боюнча үлгүлүү тесттер* ..............................................................58

## *III БӨЛҮМ*
## ӨЗБЕКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫНДА МАМЛЕКЕТТИ БАШКАРУУНУН ТҮЗҮЛҮШҮ

*11- тема.* Өзбекстан Республикасында мамлекеттик башкаруу.......................60
*12- тема.* Өзбекстан Республикасы Президенти ..........................................65
*13- тема.* Өзбекстан Республикасында мыйзам чыгаруучу орган ...................70
*14- тема.* Өзбекстан Республикасынын аткаруучу бийлик органдары ...........75
*15- тема.* Өзбекстан Республикасынын сот системасы.... ................................80
*Бөлүм боюнча үлгүлүү тесттер* ..............................................................86

http://eduportal.uz

*IV БӨЛҮМ*

## АДЕП-АХЛАК ЖАНА УКУКТУК МАМИЛЕЛЕР

*16- тема.* Адеп-ахлак жана укук ....................................90
*17- тема.* Укуктук нормалар ....................................95
*18- тема.* Укуктун тармактары ....................................100
*19- тема.* Укуктук мамилелер ....................................105
*20- тема.* Өзбекстан Республикасынын мыйзам булактары ....................................110
*21- тема.* Укуктук аң-сезим жана укуктук маданият....................................115
*Бөлүм боюнча үлгүлүү тесттер* ....................................121

*V БӨЛҮМ*

## УКУК БУЗУУ ЖАНА УКУКТУК ЖООПКЕРЧИЛИК

*22- тема. Укук бузуучулук* ....................................124
*23- тема. Юридикалык жоопкерчилик* ....................................129
*24- тема. Укук коргоочу мамлекеттик органдар* ....................................134
*25- тема. Юстиция министрлиги. Адвокатура жана Нотариалдык мекемелер* ....................................140
*26- тема. Куралдуу Күчтөр жана жаштарды аскердик-патриоттуулук рухунда тарбиялоо* ....................................146
*Бөлүм боюнча үлгүлүү тесттер* ....................................152

*VI БӨЛҮМ*

## БОЙГО ЖЕТЕ ЭЛЕКТЕРДИН УКУКТАРЫ, МИЛДЕТТЕРИ

*27- тема. Жарандык мыйзамдуулугунда бойго жете электердин укуктары* ....................................154
*28- тема. Кылмыш мыйзамдуулугунда бойго жете электердин укук жана милдеттенмелери* ....................................159
*29- тема. Үй-бүлө мыйзамдуулугунда бойго жете электердин укуктары* ...164
*30- тема. Эмгек мыйзамдуулугунда бойго жете электердин укуктары* ......169
*Бөлүм боюнча үлгүлүү тесттер* ....................................175

Тиркеме: Бойго жете электердин укук жана милдеттери ....................................178
“Өзбекстан мамлекети жана укугунун негиздеринен” маселелер ....................................181
Айрым юридикалык терминдердин түшүндүрмө сөздүгү....................................185



http://eduportal.uz

K−21 **O‘zbekiston davlati va huquqi asoslari:** 8-sinf uchun/Mualliflar guruhi; Mas’ul muharrirlar: — T:, 2019 − 192 b.

ISBN 978-9943-5971-5-0

**OMINA ABDURAHMANOVNA KARIMOVA**
**NARGIZA QAMARITDINOVNA ISMATOVA**
**SHUHRATBEK ERGASHEVICH SARIQOV**
**OMINA ERGASHEVNA AMANOVA**

# O‘ZBEKISTON DAVLATI VA HUQUQI ASOSLARI

**(Qirg‘iz tilida)**

*O‘zbekiston Respublikasi Xalq ta’limi vazirligi umumiy o‘rta ta’lim maktablarining 8- sinf o‘quvchilari uchun darslik sifatida tavsiya etgan*

"Huquq va Jamiyat" nashriyoti, 2019,
Toshkent, Yunusobod 6, Jumamasjid ko‘chasi

Которгон — Б. Асанов
Редактору — Н. Дустов
Тех. редактору — Д. Искандарбеков
Корректору — А. Абдурахмонов

Litsenziya AI №022, 27.10.2018 yil.

Bosishga ruxsat etildi 20.08.2019 y. Bichimi 70×90 $^{1}/_{16}$. «Tayms» garniturasi. Kegli 11. Ofset usulida bosildi. Bosma tabog‘i 12.
Adadi 811 nusxa. 19-12 sonli buyurtma.
Shartnoma №21/01

"Huquq va Jamiyat" nashriyoti matbaa bo‘limi.
Toshkent, Yunusobod 6, Jumamasjid ko‘chasi.
Guvohnoma №10-2750, 13.06.2017 yil

http://eduportal.uz

## Ижарага берилген окуу китебинин абалын көрсөтүүчү жадыбал

| Т/н | Окуучунун аты, фамилиясы | Окуу жылы | Окуу китебинин алынгандагы абалы | Класс жетек-чисинин колу | Окуу китебинин тапшырыл-гандагы абалы | Класс жетек-чисинин колу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | | | | | | |
| 2. | | | | | | |
| 3. | | | | | | |
| 4. | | | | | | |
| 5. | | | | | | |
| 6. | | | | | | |

## Окуу китеби ижарага берилип, окуу жылынын аягында кайтарып алынганда жогорудагы жадыбал класс жетекчиси тарабынан төмөнкү баалоо критерийлери негизинде толтурулат:

| | |
|---|---|
| Жаңы | Окуу китебинин биринчи жолу пайдаланууга берилгендеги абалы. |
| Жакшы | Мукабасы бүтүн, окуу китеби негизги бөлүгүнөн ажырабаган. Бардык барактары бар, жыртылбаган, беттеринде жазуу жана сызыктар жок |
| Канааттанды-рарлык | Мукабасы эзилген, четтери жыртылган, окуу китептин негиз-ги бөлүгүнөн ажыралуу абалы бар, пайдалануучу тарабынан канааттандырарлык калыбына келтирилген. Айрылган барактары кайра жабыштырылган, айрым беттерге чийилген. |
| Канааттанды-рарлык эмес | Мукабага чийилген, жыртылган, негизги бөлүктөн ажыраган же бүтүндөй жок. Беттери жыртылган, барактары жетишпейт, сызып, боёп ташталган. Окуу китебин калыбына келтирүүгө болбойт. |

http://eduportal.uz